Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Нарзулла Жураев, Акбар Замонов**

# Өзбекстан тарыхы

## (Эгемендүүлүк доору)

*Орто билим берүү мекемелеринин 11-класс окуучулары үчүн окуу китеби*

*1-басылышы*

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен*

Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү

Ташкент – 2018

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**УЎК 94(575.1)(075.3)=222.8**
**КБК 63.3(5О‘)уа721**
**Р 17**

**Жооптуу редактору:**

**Рахимов М. А**. – Өзбекстандын эң жаңы тарыхы маселелери боюнча координациялык-методикалык борбордун директору, тарых илимдеринин доктору, профессор.

**Рецензенттер:**

**Маврулов А. А.** – тарых илимдеринин доктору, профессор;

**Пулатова С. А.** – Өзбекстандын эң жаңы тарыхы маселелери боюнча методикалык борбордун бөлүм мүдүрү, тарых илимдеринин кандидаты, доцент;

**Шамсиева И. М.** – Өзбекстандын эң жаңы тарыхы маселелери боюнча координациялык-методикалык борбордун улук илимий кызматкери, тарых илимдеринин кандидаты, доцент;

**Жураев У. О.** – Республикалык билим берүү борборунун бөлүм башчысы;

**Матлюбов А. А. –** Самарканд экономика жана сервис институтунун алдындагы академиялык лицейдин директору, фиософия илимдеринин кандидаты;

**Махмудбаев Б. Т.** – Гүлстан мамлекеттик университетинин алдындагы Гүлстан академиялык лицейинин директору;

**Хайдаров У. Ф.** – Бухара облусу Бухара районундагы 13-адистештирилген мектеп-интернаттын тарых мугалими;

**Аманова Ф. С.** – Ташкент шаары М. Улугбек районундагы 248-мектептин тарых мугалими.

Жураев, Нарзулла.

Өзбекстан тарыхы:Орто билим берүү мекемелеринин 11-класс окуучулары үчүн окуу китеби / Н.Жураев, А.Замонов. 1-басылышы. – Т.: Гафур Гулам атындагы Басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү, 2018. – 144

Окуу китеби Республикалык билим берүү борборунун алдындагы Тарых предмети илимий-методикалык кеңешинин жана Өзбекстандын эң жаңы тарыхы маселелери боюнча координациялык-методикалык борбордун илимий-методикалык кеңешинин токтомдору негизинде басууга сунуш кылынган.

**Окуу китебинин кол жазмасы ӨзР ИАнын Өзбекстандын эң жаңы тарыхы маселелери боюнча координациялык-методикалык борборунун «Өзбекстандын эгемендүүлүккө чыгышынын тарыхый шарттары: коомдук-саясий, экономикалык жана маданий факторлор» аттуу ПЗ–20170929749-сандуу долбоорунун рамкасында даярдалды.**

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

**УЎК 94(575.1)(075.3)=222.8**
**КБК 63.3(5О‘)уа721**

**© Н. Жураев жана б., 2018.**
**© А. Зулпихаров котормосу, 2018.**
**© Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү, 2018**

**ISBN 978-9943-5295-0-2**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИРИШҮҮ

XX кылымдын акыркы жылдары жана XXI кылымдын башында Өзбекстандын тарыхында таптакыр жаңы барак ачылды. Ал тарыхый доор иретинде түпкү бурулушту баштап берди. Өзбекстандын советтик түзүлүш шарттарындагы соңку жылдары жана көз карандысыз өнүгүү доору элибиздин бир нече миң жылдык тарыхында өзүнүн маани-мазмуну, жараяндарынын тездиги, окуяларынын чечкиндүүлүгү менен ажырап турат.

Китептен Өзбекстандын мамлекеттик көз карандысыздыкка чыгышы, жаңы коомго өтүү доорунда саясий реформалардын ишке ашырылышы, Өзбекстанда укуктук-демократиялык мамлекеттин курулушу, жарандык коомдун калыптанышы, экономикалык реформаларды тереңдештирүү боюнча иш-чаралар, руханий тазаруу жана улуттук баалуулуктардын калыбына келиши, ошондой эле Өзбекстандын дүйнөлүк коомчулуктан өзүнүн ордун табышы сыяктуу маселелер орун алган.

Көп миң жылдык өнүгүү жолун басып өткөн жана өтмүштө чоң тарыхый ийгиликтер менен кошо кризистерге да күбө болгон өзбек элинин турмушунда XX кылымдын акыры жана XXI кылымдын баштары чоң мааниге ээ болду. Ушул доордо элибиз жараткан улуу курулуштар, саясий, экономикалык, укуктук, коомдук жана руханий багыттардагы жетишкен ийгиликтер Өзбекстандын мындан кийинки келечекти карай өнүгүшүнө негиз болуп кызмат кылат. Бул доордун өзгөчөлүгү – таптакыр жаңы түзүлүш, жаңыча жашоо мүнөзү, дүйнөлүк цивилизациянын заманбап талаптарына жооп бере алган акыл потенциалы, интеллектуалдык мүмкүнчүлүк менен тыгыз байланышта экендигинде. Эгемендүүлүк доору кыска доор болсо да, ал эзүүчү түзүлүштүн чеңгелинен кутулуу, бүткүл элдин көз карандысыздыгын камсыздоо өңдүү аябай оор, ошол эле учурда сыймыктуу жараянды башынан өткөрдү.

Өзбекстан Республикасынын эгемендүүлүк жылдарында басып өткөн жолунун маани-мазмуну менен өзгөчөлүктөрүн объективдүү баалаган түрдө эгемендүүлүк доорун эки баскычка бөлүп үйрөнүү максатка ылайык.

**1. 1991–2016-жылдар.** Бул доордо улуттук мамлекетчиликтин негиздери жана базар экономикасын калыптандырууга багытталган өтүү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

доорунун алгачкы реформалык жараяндарына кадам ташталды. Демократиялык салттардын негизинде жаңы мамлекеттик башкаруу системасы – мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлиги түзүлдү, жарандык коомдун негиздери жаратылды, эркин базар экономикасына өтүү башталды. 2000-жылдан өлкөдө активдүү демократиялык жаңылануу жана модернизациялоо жараяндары байкалды. Ошонун катарында, күчтүү мамлекеттен – күчтүү жарандык коомуна баскычма-баскыч өтүү милдети коюлду. Натыйжада өлкөнүн саясий жана экономикалык турмушунда демократиялаштыруу жана либералдаштыруу жараяндары терендешти, адам укук жана эркиндиктерин коргоочу көз карандысыз сот системасы түптөлдү, жарандык коомунун негиздери калыптанды. 2010-жылдан баштап демократиялык реформалар жана өлкөнү модернизациялоо жараянын дагы да терендештирүү маселеси күн тартибине коюлду. Анын башталышы Өзбекстандын Биринчи Президенти Ислам Каримов тарабынан өлкөдө жарандык коомду калыптандыруу жана демократиялык реформаларды дагы да терендештирүү концепциясынын иштеп чыгылышы менен байланыштуу. Бул доор мамлекеттик бийлик жана башкарууну дагы да демократиялаштыруу, сот-укук системасын, маалыматташтыруу тармагын реформалоо, сөз эркиндигин камсыздоо, шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү, демократиялык базар реформаларын терндетүүгө багытталгандыгы менен мүнөздөлөт.

**2. 2017-жылдан кийинки жылдар**. Бул доордун тарыхы 2016-жылдын декабрында шайланган Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёевдин стратегиялык өнүгүүгө негизделген кең көлөмдүү өтө тез реформалар доору болуп эсептелет. Натыйжада, турмушубузда жаңы сөздөр, алсак, “эл менен баарлашуу”, “элдик кабылдоолор”, “виртуалдык кабылдоо”, “сын караш”, “катуу тартип”, “арзан үйлөр”, “технопарктар”, “өзүңдүн балаңды өзүң асыра”, “жол картасы”, “кепилденген коопсуздук” өңдүү түшүнүктөр кирип келди жана жашообуздун ажырагыс бөлүгүнө айланды.

**Суроо жана тапшырмалар**:

1. 10-класста кайсы доордун тарыхы менен таанышкан болчусуң?
2. 11-класстын окуу китеби кайсы доордун тарыхын өзүндө камтыйт? Бул доор кандай баскычтарга бөлүнөт?
3. Эгемендүүлүк доорунун негизги өзгөчөлүктөрү эмнелерден турат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# I ГЛАВА. ЭГЕМЕНДҮҮЛҮКТҮН ЖАРЫЯЛАНЫШЫ ЖАНА ӨЗБЕКСТАНДА КООМДУК-САЯСИЙ РЕФОРМАЛАРДЫН БАШТАЛЫШЫ

## 1-тема. Өзбекстан Республикасынын эгемендүүлүккө чыгышы

**Эгемендүүлүк декларациясынын кабыл алынышы.** 1990-жылдын 20-июнунда Өзбекстан ССР Жогорку Кеңешинин II сессиясында Өзбекстан ССРнын Эгемендүүлүк декларациясы кабыл алынды.

Эгемендүүлүк Декларациясындагы «Өзбекстандын келечеги үчүн тарыхый жоопкерчиликти терең түшүнгөн түрдө, эл аралык укуктун чегинде, жалпы адамзаттык баалуулуктарга жана демократиянын принциптерине негизденип, Өзбекстан ССРнын мамлекеттик эгемендүүлүгүн жарыялайт» деген саптар эгемендүүлук үчүн ташталган алгачкы кадамды билдирген. Декларациянын кабыл алынышы Өзбекстандын эгемендүүлүк үчүн күрөшүнүн жаңы баскычын баштап берди. Жалпы мамлекеттик мааниге ээ бул Декларацияны кабыл алууда республика Жогорку Кеңешинин депутаттары активдүүлүк көрсөтүштү. «Эгемендүүлүк Декларациясында» ар бир улут өзүнүн тагдырын өзү белгилеши, Декларациянын эрежелери кепилдениши баса белгиленди. Анда өзбек элинин кылымдар бою мамлекеттик курулуш, маданий өнүгүү жаатындагы бай тарыхый тажрыйбасы жана салттары эсепке алынышы уктурулду.

**Эгемендүүлүк аракеттеринин активдешүүсү**. 1991-жылдын 19–21-августунда Советтер Союзунда мамлекеттик төңкөрүш болуп өттү. Өлкөдө саясий бийлик кулап, өзгөчө кырдаал жарыяланды жана бийлик Өзгөчө кырдаалдар мамлекеттик комитетинин (ГКЧП – Государственный комитет

**Ой жүгүрт!**

«Эгемендүүлүк Декларациясынын» киришүүсүндө төмөнкүлөр жазылган: «Өзбекстан Советтик Социалисттик Республикасынын Жогорку Кеңеши өзбек элинин мамлекеттик курулушундагы тарыхый тажрыйбасы жана бай салттарынан, ар бир улуттун өзүнүн тагдырын өзү белгилөө укугун камсыздоо максатынан улам, Өзбекстандын келечеги үчүн тарыхый жоопкерчиликти терең түшүнгөн түрдө эл аралык укук эрежелерине, жалпы адамзаттык баалуулуктарга жана демократиянын принциптерине негизденип, Өзбекстан Советтик Социалисттик Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгүн жарыялайт».



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Өзгөчө кырдаалдар мамлекеттик комитетинин мүчөлөрү.

по чрезвычайному положению) колуна өттү. Анын максаты Союзда жашаган бардык элдерге эгемендүүлүккө чыгууга жол бербестик эле. Мына ушундай кырдаалда Өзбекстан ССР Жогорку Кеңешинин Президиуму, Өзбекстан Коммунистик партиясынын Борбордук Комитети жана Өзбекстан ССР Президентинин алдындагы Министрлер Кабинети 1991-жылдын 21-августунда кошмо жыйналыш өткөрүп, анда «СССР ГКЧПнын Өзбекстан ССР Конституциясы жана мыйзамдарына каршы документтери Өзбекстандын аймагында колдонулбайт», деген токтом кабыл алды.

1991-жылдын 25-августунда болсо Өзбекстан ССРнын Президенти өлкөбүздүн толук эгемендүүлүгү жолунда анын фундаментин түзгөн дагы бир маанилүү указын жарыялайт. Указда минтип айтылат:

«Өлкөдө калыптанган жагдайды этибар алып жана республиканын кызыкчылыктарын коргоо максатында Республиканын Ички иштер министрлиги жана Мамлекеттик коопсуздук комитети Өзбекстан ССРнын мыйзамдуу карамагына алынсын. Республиканын аймагында жайлашкан СССР Ички иштер министрлигинин ички кошуундары тикеден-тике Өзбекстан ССРнын Президентине баш ийдирилсин.

Өзбекстан ССР Жогорку Кеңешинин Президиумуна өтө кыска мөөнөттө Республиканын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү мыйзамдын долбоорун даярдоо жана аны Өзбекстан ССР Жогорку Кеңешинин кезектен тышкары сессиясынын талкуусуна коюу сунуш кылынсын».

Өзбекстан Республикасынын Жогорку Кеңеши 1991-жылдын 26-августунда Өзбекстандын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндө мыйзамдын долбоорун даярдоо жана 31-августта сессия чакырууну чечти.

Өзбекстан Компартиясынын Борбордук Комитети жана Борбордук текшерүү комиссиясынын 28-августтагы кошмо Пленуму Республика Компартиясынын КПСС БК менен байланышын токтотууга, анын бардык уюмдарынан чыгууга, Борбордогу өкүлдөрүн чакырып алууга токтом чыгарды.

XII чакырык Өзбекстан ССР Жогорку Кеңешинин кезектен тышкары VI сессиясы 1991-жылдын 31-августунда өз ишин баштады. Анда «Өзбекстан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Өзүңдү сына!**

ГКЧП – бул ....

1990-жыл 20-июнь – бул ...

1991-жыл 25-августтагы указ – бул ...

Эгемендүүлүк декларациясы – бул ...

Республикасынын Мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү» маселе күн тартибине коюлуп, кызуу талкууланды. Сессияда Өзбекстандын Биринчи Президенти Ислам Каримов сөзгө чыгып, Союзда соңку учурда болуп өткөн коомдук-саясий окуяларды иликтеп, алар Өзбекстандын тагдырына түздөн-түз тиешелүү экендигин негиздеп берди. Кырдаалдан келип чыккан түрдө, Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгүн жарыялады жана аны «Эгемендүүлүктүн негиздери жөнүндөгү» Конституциялык мыйзам менен бекемдөөнү сунуш кылды. Жогорку Кеңештин депутаттары статьялар боюнча талкуудан кийин «Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгүнүн негиздери жөнүндөгү» мыйзамды кабыл алышты. Андан кийин «Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү Жогорку Кеңештин Билдирүүсү» кабыл алынды.



И. Каримов эгемендүүлүктү жарыялоодо.

«Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгүнүн негиздери жөнүндөгү» мыйзам аябай чоң мааниге ээ болуп, Өзбекстандын укуктук абалы таптакыр өзгөрдү. 17 статьядан турган бул мыйзам суверендүү Өзбекстан Республикасынын негизги белгилерин аныктап берди.

**Эсте сакта!**

«Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгүн жарыялоо жөнүндөгү» Жогорку Кеңештин токтомунда: Республиканын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү Жогорку Кеңештин билдирүүсү бекитилсин, республика мындан ары Өзбекстан Республикасы деп аталсын; 1-сентябрь Өзбекстан Республикасынын Эгемендүүлүк күнү деп белгиленсин жана 1991-жылдан бул күн майрам жана эс алуу күнү деп жарыялансын, деп белгилеп коюлду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мекенибиз тарыхынын барактарына алтын тамгалар менен жазылган ошол күндөргө серп салсак, жаш, эгемендүү Өзбекстан өкмөтү өлкөбүздүн саясий-коомдук, руханий өнүгүшү үчүн чечүүчү мааниге ээ көптөгөн документтерди кабыл алгандыгынын күбөсү болобуз. Мисалы, 5-сентябрда кол коюлган Ташкент шаарындагы Ленин атындагы аянттын Мустакиллик аянты деп аталышы жөнүндөгү, 6-сентябрда кол коюлган «Өзбекстан Республикасынын Коргоо иштери министрлигин түзүү жөнүндөгү» Президенттин указдары жана башка маанилүү саясий документтер ошолордун катарына кирет.

**Өз алдынча иш.**

Төмөнкү класста алган билимиңе таянып жана кошумча адабияттардан пайдаланып, Мустакиллик аянтынын бүгүнкү күнгө чейин болгон абалдарын, ошондой эле милдеттерин мүнөздөп бер.

**Өзбекстан Республикасы Конституциясынын кабыл алынышы**. Өзбекстан эгемендүүлүккө чыккандан кийин, мамлекеттик эгемендүүлүктү жана суверендүүлүктү Конституциянын негизинде бекемдөө зарылчылыгы туулду. Өзбекстандын жаңы Конституциясын даярдоо идеясы баштап Ислам Каримов тарабынан 1990-жылдын март айында ортого ташталды. 1990-жылдын 20-июнунда болуп өткөн Өзбекстан Жогорку Кеңешинин II сессиясында жаңы Конституцияны иштеп чыгуу керек, деген тыянак жасалды. Сессия Өзбекстандын Биринчи Президенти Ислам Каримов жетекчилигинде 64 адамдан турган Конституциянын долбоорун даярдоо боюнча комиссия түзүү жөнүндө токтом кабыл алат. Комиссиянын курамына Жогорку Кеңештин депутаттары, Каракалпакстан Республикасы жана облустардын өкүлдөрү, мамлекеттик, коомдук уюм жана чарбалардын жетекчилери, окумуштуулар, адистер кирди.

Конституциялык комиссия Өзбекстан Республикасынын Конституциясын жаратуунун үстүндө 2,5 жыл иштеди. Долбоордун баштапкы варианты 1991-жылдын октябрь-ноябрына чейин даярдап бүтүрүлдү. Ал алгы сөз, алты бөлүм жана 158 статьядан турган. Долбоор талапка толук жооп бербегендиктен, анын үстүндө дагы да бышык жана талаптуулук менен иштөө зарыл болчу. 1992-жылдын жазында долбоордун 149



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

статьядан турган экинчи варианты иштеп чыгылды. 1992-жылдын күз айларында Өзбекстан Республикасы Конституциясынын долбоору жалпы элдик талкуу үчүн 2-жолу басмада жарыяланды. Жалпы элдик талкуу учурунда 6 миңден ашуун сунуш жана пикирлер билдирилди.

1992-жылдын 8-декабрында XII чакырык Өзбекстан Республикасы Жогорку Кеңешинин XI сессиясы болду. Анда мамлекеттин Негизги Мыйзамын кабыл алуу маселеси талкууланды. Сессияда депутаттар долбоорго 80 ге жакын өзгөртүү, кошумча жана аныктыктарды киргизишти. Ошол күнү Өзбекстан Республикасы Жогорку Кеңешинин XI сессиясы «Өзбекстан Республикасынын Конституциясын кабыл алуу жөнүндө», «Өзбекстан Республикасынын Конституциясы кабыл алынган күндү жалпы элдик майрам деп жарыялоо жөнүндөгү» мыйзамдарды кабыл алды.

**Эсте сакта!**

Өзбекстан Республикасынын Конституциясы 6 бөлүм, 26 глава, 128 статьядан турат. Ал өзүндө «Эгемендүүлүк декларациясын», «Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик эгемендүүлүгүнүн негиздери жөнүндөгү» Мыйзамда бекитилген принцип жана идеяларды толук камтыды.

**Мамлекеттик символдордун кабыл алынышы**. 1991-жылдын 15-февралында Өзбекстандын Жогорку Кеңеши «Өзбекстандын мамлекеттик символдору жөнүндө» атайын токтом кабыл алды. Токтомдо мындай дейилет: «Эгемендүүлүк жөнүндөгү Декларацияга баш ийип, Өзбекстан ССРнын Жогорку Кеңеши токтом кылат: Өзбекстан ССРнын Конституциясы (Негизги Мыйзамы)нын жаңы долбоорун даярдоочу комиссияга Өзбекстан ССРнын Мамлекеттик туусу, Герби жана Гимни боюнча сунуштарды, ошондой эле алар жөнүндө Жоболорду даярдоо тапшырылсын. Комиссия республика коомчулугунун жана депутаттардын пикирлерине таянып иш жасасын».



Мамлекеттик туу.

Өзбекстан эгемендүү мамлекет деп жарыяланган күндөн баштап эле эгемендүү мамлекеттик символдорду киргизүү боюнча иш-чаралар көрүлдү. Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик туусу жөнүндө, республика гербинин нускасы жана Мамлекеттик гимндин обону



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Мамлекеттик герб



Абдулла Арипов



Мутал Бурханов

жөнүндө атайын токтом кабыл алынды. Анда Конституциялык комиссиянын эксперттер тобуна Мамлекеттик туунун варианттары үстүндө иштөөнү улантуу, Жогорку Кеңештин тиешелүү комитеттерине Конституциялык комиссиянын чыгармачыл тобу менен шериктештикте Мамлекеттик туу, гимн жөнүндө мыйзам долбоорлорун иштеп чыгып, кезектеги сессияга коюу тапшырылды.

Өзбекстан Республикасы Жогорку Кеңешинин 1991-жылдын 18-ноябрында болуп өткөн VIII сессиясы «Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик туусу жөнүндөгү» мыйзамды кабыл алды.

1992-жылдын 2-июлунда Өзбекстан Республикасы Жогорку Кеңешинин X сессиясында «Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик герби жөнүндөгү» мыйзам кабыл алынды.

Өзбекстан Республикасы Жогорку Кеңешинин 1992-жылдын 10-декабрында болуп өткөн XI сессиясында «Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик гимни жөнүндөгү» мыйзам кабыл алынды. Сессияда гимндин акын Абдулла Арипов (1941–2016) менен композитор Мутал Бурханов (1916–2002) тарабынан даярдалган варианты бекитилди.

**Ой толгоо!**

Түркия Республикасында Мамлекеттик гимнди жазган акынга “Улуттук акын” статусу берилген. Гимн текстинин авторуна мындай наам берилиши эмнеден көз каранды? Пикир билдир!

***Терминдердин түшүндүрмөсү***:

**Сессия** (*лат.* sessio — чогулуш, жыйналыш) – мезгилдүү түрдө ишке ашырыла турган ыйгарым укуктуу органдардын, сот же коомдордун жумуш жасай турган, жыйналыш өткөрө турган доору.

**Депутат** (*лат.* deputatus – шайланган, жиберилген өкүл) – мамлекеттик органга шайланган ыйгарым укуктуу адам, өкүл.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Суроо жана тапшырмалар**:
1. Эгемендүүлүктү ылдамдаткан факторлор эмнелерде көрүндү?
2. Дептериңе 1991-жылдын август айында болуп өткөн жана Өзбекстанды эгемендүүлүккө алып чыккан 3 маанилүү окуяны жаз.
3. Өзбекстан Республикасы Конституциясынын жаралыш жараяны канчага созулду? Алган билимиңе таянып, анын жаралышын баскычтарга бөлүштүр.
4. «Эгемендүүлүк декларациясы» жана «Өзбекстан Республикасынын эгемендүүлүгүнүн негиздери жөнүндөгү» мыйзамды таап, жадыбалда анын окшош жана айырмалуу жактарын жаз.

| Документтин аты | Окшош жактары | Декларациянын статьялары | Мыйзамдын статьялары |
|---|---|---|---|
| «Эгемендүүлүк декларациясы» | | | |
| «Өзбекстан Республикасынын эгемендүүлүгүнүн негиздери жөнүндөгү» мыйзам | | | |

5. Ислам Каримовдун Өзбекстандын жетекчиси катары баштапкы саясий кадамдарынын тарыхый мааниси эмнеде?

## 2-тема. Өзбекстан Республикасы улуттук мамлекетчилигинин калыптанышы жана өнүгүшү

**Президенттик институтунун калыптанышы.** Өзбекстан эгемендүүлүккө чыккандан кийин мамлекетти башкаруунун жаңы, заманбап системасы – президенттик башкаруу формасын өнүктүрүүгө киришилди.

**Эсте сакта!**
Учурда БУУна мүчө болгон 193 мамлекеттен 143 үндө Президент кызматы киргизилген.

1990-жылдын 24-мартында Өзбекстан Республикасында президенттик институтунун түзүлүшү өлкөбүз улуттук мамлекетчилигинин өнүгүшүндө жаңы баскычты баштап берди. 1990-жылдын 1-ноябрында кабыл алынган Өзбекстан Республикасынын «Өзбекстан Республикасында аткаруу жана башкаруу бийлигинин түзүлүшүн өркүндөтүү, ошондой эле Өзбекстан ССРнын Конституциясы (Негизги Мыйзамы)на өзгөртүү жана кошумчалар киргизүү жөнүндөгү» Мыйзамы менен мамлекеттик башкаруунун бирдиктүү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

системасын жаратуу, мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлигин бирин-биринен ажыратуу зарылдыгын эсепке алып, президенттик бийлик менен Министрлер Советинин аткаруу-башкаруу бийлиги кошуп жиберилди. Өзбекстан Республикасынын Министрлер Совети Өзбекстан Республикасы Президентинин алдындагы Министрлер Кабинетине айландырылды. Өзбекстан Республикасынын Президенти ошол эле учурда Министрлер Кабинетинин төрагасы болушу, Өзбекстан Республикасы Президентинин жана Өзбекстан Республикасы Министрлер Советинин аппараты Өзбекстан Республикасы Президентинин алдындагы жалгыз аппарат болушу белгиленди.

Бул мыйзам өлкөбүздө мамлекеттик башкаруунун формасы президенттик республикага негизделишин бекемдеди. Президенттик институту түзүлгөндөн кийин өлкөбүздө кең көлөмдүү реформалар башталды. 1991-жылдын 18-ноябрында президенттик шайлоону тартипке салган «Өзбекстан Республикасынын Президентин шайлоо жөнүндөгү» Мыйзам кабыл алынды. 1991-жылдын 29-декабринде Өзбекстан Республикасынын Президенттигине альтернативалуу шайлоо өткөрүлдү.

Бул жогорку кызматка Өзбекстан элдик Демократиялык партиясы менен Өзбекстан кесиптик уюмдарынын Федерациясынан Ислам Каримов жана «Эрк» Демократиялык партиясынан Салай Мадаминов (Мухаммад Салих) талапкер болуп чыкты. Шайлоонун натыйжалары боюнча, шайлоодо катышкандардын 86 % Ислам Каримовго, ал эми 12,3 % болсо Салай Мадаминовго добуш берген. 1995-жылдын 26-мартында Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин токтому боюнча Өзбекстан Республикасы Президентинин ыйгарым укугун 1997-жылдан 2000-жылга чейин созуу маселеси боюнча жалпы элдик референдум өткөрүлдү. 2000-жылдын 9-январында Өзбекстан Республикасынын Президенттигине шайлоо өткөрүлдү. Ислам Каримов Өзбекстан Республикасынын Президенттигине альтернативалуу өткөрүлгөн шайлоодо Өзбекстандын Президенттигине шайланды. 2002-жылдын 27-январында өткөрүлгөн референдумда президенттин ыйгарым укугу

**Ой толгоо!**
"Мамлекеттин жана укуктун негиздери" предметинен алган билимиңе таянып, төмөнкү жагдайды түшүндүр! 2011-жылы Өзбекстан Республикасынын Конституциясына өзгөртүү жана кошумчалар киргизилди. Анда Президенттин ыйгарым укугу 7 жылдан 5 жылга кайтарылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

5 жылдан 7 жылга созулду. 2007-жылдын 23-декабрында болуп өткөн шайлоодо 88,1 % добуш менен Ислам Каримов 7 жылга шайланды. Өзбекстан Республикасы Президентинин ыйгарым укугу 2015-жылдын декабрында аякташына байланыштуу Президенттик кызматына шайлоо өткөрүлдү.


2015-жылдын 29-мартында президенттик шайлоодо Ислам Каримов 90,39 % добуш менен жеңип чыкты.

2016-жылдын 2-сентябрында Ислам Каримов кайтыш кылды. Ошол себептүү кезектен тышкары жалпы элдик президенттикке шайлоо өткөрүлдү. 2016-жылдын 4-декабрында Өзбекстандын Конституциясы жана «Өзбекстан Республикасынын Президентин шайлоо жөнүндөгү» мыйзам боюнча, альтернативалуу президенттик шайлоосу өткөрүлдү. Анда 88,61 % добуш менен Премьер-министр Шавкат Мирзиёев президент болуп шайланды.

> **!**
> **Өзүңдү сына!**
> Президенттик республика – бул ...
> Бийликтин бөлүнүшү – бул ...
> Ислам Каримов – бул ...
> Шавкат Мирзиёев – бул ...

**Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси.** Эгемендүүлүктүн баштапкы күндөрүнөн эле Өзбекстанда демократияны өнүктүрүү үчүн заманбап дүйнөлүк стандарттарга жооп бере алган натыйжалуу жана ишчил парламентти калыптандыруу зарылчылыгы туулду.

Демократиялык принциптер жана Өзбекстан Республикасы Конституциясынын үчүнчү принциби – мамлекеттик бийликтин үч тармакка бөлүнүшү боюнча Өзбекстандын мамлекеттик бийлик системасы мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийликтерине бөлүнүшү мыйзамдаштырылды.




Бийликтердин ар бири бири-биринен көз карандысыз болгон түрдө өз ара тыгыз байланышта иш жүргүзөт. Ал эми Президент үч бийликтин тең ишкердигин жөнгө салган көз карандысыз орган болуп саналат.

Парламентаризмдин өнүгүшү баскычма-баскыч ишке ашырылды. Өзбек парламентаризминин тарыхына назар салсак, 1990–1994-жылдарда



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өлкөбүздүн парламенти Жогорку Кеңеш деп аталып, 150 депутаттан турган. 1995–2004-жылдарда Олий Мажлис наамы менен аталган жана 250 депутаттан турган бир палаталуу парламент калыптандырылды. Бир мандаттуу укуктук шайлоо округдарынан шайланган депутаттардын курамында Элдик демократиялык партиядан, «Adolat» социалдык-демократиялык партиядан, «Vatan taraqqiyoti» партиясынан, «Milliy tiklanish» партиясынан депутаттар болуп, алгачкы жолу парламенттик фракциялар түзүлдү.



Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин имараты.

2005-жылдан баштап өлкөбүздүн тарыхында алгачкы жолу Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси эки палата – Мыйзам чыгаруучу (төмөнкү) жана Сенат (жогорку) болуп иш баштады. Бул 2002-жылдын 27-январында референдум өткөрүүнүн натыйжасында кабыл алынган «Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Сенаты жөнүндө» жана «Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Мыйзам чыгаруучу палатасы жөнүндөгү» Конституциялык Мыйзамдардын негизинде ишке ашырылды.

**Өзүңдү сына!**

Мыйзам менен Конституциялык мыйзамдын кандай айырмасы бар?

**Эсте сакта!**

Өлкө парламентинин басып өткөн жолуна тарыхый көз караштан серп салсак, аны шарттуу түрдө үч негизги доорго бөлүүгө болот. Биринчи доор – 1991–1994-жылдар, экинчи доор – 1995–2004-жылдар, үчүнчү доор – 2005-жылдан азыркыга чейин.

Парламентте 250 адам, ошонун катарында, төмөнкү – Мыйзам чыгаруучу палатада 150 депутат, Сенатта 100 сенатор иш жүргүзөт. Сенатка Каракалпакстан Республикасы, облустар жана Ташкент шаарынан 6 дан, бардыгы болуп 84 адам шайланат. Президент тарабынан дайындалган эл-журттун урматына татыктуу 16 адам Сенаттын мүчөсү болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети, анын системасы жана милдеттери**. 1990-жылдын 15-ноябрында Өзбекстан Президентинин «Өзбекстан ССР Президентинин алдындагы Министрлер Кабинетинин курамын бекитүү жөнүндөгү» указы кабыл алынды. Ал боюнча Өзбекстан Президентинин алдында Министрлер Кабинети түзүлдү, Президент анын Төрагасы болду. Республикада вице-президент кызматы түзүлүп, ага Министрлер Кабинетине жетекчилик кылуу жана анын ишин уюштуруу милдети жүктөтүлдү. 1992-жылдын 4-январында вице-президент кызматы жоюлду жана Өзбекстан Республикасынын Премьер-министри кызматы киргизилди. Премьер-министрге вице-президенттин ыйгарым укуктары берилди.

Өзбекстан Республикасы Конституциясынын XX главасында Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин конституциялык-укуктук статусу, аны уюштуруу, ишкердигинин негизги багыттары жана ыйгарым укуктары белгилеп коюлду. Министрлер Кабинети ишкердигин Өзбекстан Республикасынын 1993-жылы кабыл алынган «Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндөгү» (жаңы редакциясы 2003-жыл) Мыйзамынын негизинде жүргүзөт. Министрлер Кабинети өкмөттүн, Олий Мажлис мыйзамдарынын, Өзбекстан Республикасы Президентинин указ, токтом жана буйруктарынын аткарылышын тейлеген Өзбекстан Республикасынын аткаруучу бийлик органы саналат.

**1992–2003-жылдарда Министрлер Кабинетинин түзүлүшү**






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Министрлер Кабинетинин туруктуу органы иретинде Премьер-министр жана анын орун басарларынан турган Министрлер Кабинетинин Президиуму иш жүргүзөт. 2003-жылы Өзбекстан Республикасы Конституциясы 89-статьясынын «Өзбекстан Республикасынын Президенти ошол эле учурда Министрлер Кабинетинин Төрагасы эсептелет» деген экинчи бөлүгү чыгарып салынды. Өзбекстандын өкмөтү – Министрлер Кабинетине Премьер-министр жетекчилик кылат.

Министрлер Кабинетинде Төрага кызматы жоюлду. Учурда Өзбекстан Республикасы Президентинин сунушу менен Өзбекстан Республикасынын Премьер-министри, анын биринчи орунбасары жана орунбасарларынын кандидатуралары баштап Мыйзам чыгаруучу палатада, андан кийин Сенатта каралат жана бекитилет. Министрлер Кабинетинин башка мүчөлөрү Премьер-министрдин сунушу менен Өзбекстан Республикасынын Президенти тарабынан бекитилет. Учурда Министрлер Кабинетине Өзбекстан Республикасынын Премьер-министри, анын биринчи орунбасары жана орунбасарлары, Өзбекстан Республикасынын министрлери, мамлекеттик комитеттердин төрагалары, Каракалпакстан Республикасы Министрлер Кеңешинин Төрагасы кирет.

**Эсте сакта!**

Өзбекстанда Премьер-министр статусуна тең Вице-президенттик кызматында Шукрулло Мирсаидов (1990–1992), Премьер-министр кызматында Абдулхошим Муталов (1992–1995), Өткүр Султанов (1995–2003), Шавкат Мирзиёев (2003–2016)дер иштеген. 2016-жылдын 14-декабрынан Абдулла Арипов Премьер-министр кызматына дайындалган.

**Сот бийлиги.** Сот бийлиги – Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 106-статьясы боюнча, Өзбекстан Республикасында сот бийлиги мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийликтерден, саясий партия жана башка коомдук бирикмелерден көз карандысыз иш жүргүзөт.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында сот бийлиги жаатында да реформалар ишке ашырылды. Өзбекстан Республикасынын Конституциясы жана 2000-жылы кабыл алынган «***Соттор жөнүндө***гү» Мыйзамы (жаңы редакцияда) сот реформаларынын укуктук негизи саналат.

Сот системасындагы реформаларды эки доорго бөлүүгө болот. 1) 1991–2016-жж.; 2) 2017-жылдан кийинки доор. Баштап Өзбекстан Республикасынын сот системасына беш жылга шайланган төмөнкү соттор кирген:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

✓ Өзбекстан Республикасынын Конституциялык соту;
✓ Өзбекстан Республикасынын Жогорку соту;
✓ Өзбекстан Республикасынын Жогорку чарбалык соту;
✓ Каракалпакстан Республикасынын жарандык жана кылмыш иштери боюнча жогорку соттору;
✓ Каракалпакстан Республикасынын чарбалык соту;
✓ жарандык жана кылмыш иштери боюнча облус жана Ташкент шаары соттору;
✓ жарандык жана кылмыш иштери боюнча райондор аралык, район, шаар соттору;
✓ облустар жана Ташкент шаарынын чарбалык соттору;
✓ аскердик соттор.

Өзгөчө сотторду түзүүгө жол коюлбайт. Өзбекстан Республикасында сот иштерин жүргүзүү өзбек тилинде, каракалпак тилинде же белгилүү жердеги көпчүлүк калк сүйлөгөн тилде алып барылат.

Соттордун көз карандысыз бийлик катары каралышынан максат Өзбекстан Республикасында адамдын укук жана эркиндиктерин калыс орган иретинде сот аркылуу гана камсыздоодон жана сотту мурдагы жазалоочу органдан адамдын укук жана эркиндиктерин коргой ала турган органга айландыруудан турат.

Соттор соттун токтомун аткаруу сыяктуу өздөрүнө тиешелүү болбогон милдеттен кутулду. 2008-жылдын 1-январынын өлкөдө өлүм жазасы жоюлду, жарандарды камоого санкция берүү укугу прокуратурадан сотторго өткөрүлдү. Өлкөбүздө кылмышты жазалоонун гуманитардык укуктук системасы түзүлдү.

Реформалардын экинчи доору Президент Шавкат Мирзиёевдин 2017-жылдын 21-февралындагы «Өзбекстан Республикасынын сот системасын өркүндөтүү жана анын иш натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча иш-чаралар жөнүндөгү» указы негизинде ишке ашырылууда.

Указдын негизинде Өзбекстан Республикасынын Жогорку соту жана Жогорку жарандык соту бириктирилип, жарандык, кылмыш, административдик жана экономикалык сот иштеринин жеке жогорку органы – Өзбекстан Республикасынын Жогорку соту түзүлдү. Өзбекстан Республикасы Жогорку сотунун Аскердик президиуму, Өзбекстан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Республикасынын Аскердик соту, округ жана аймактык аскердик соттордун штаттык бирдиктери Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнөн Өзбекстан Республикасынын Жогорку сотуна өткөрүлдү.

**Эсте сакта!**

2017-жылы Өзбекстан Республикасынын Президенти тарабынан 2 миң 700 кесилгенди, ошонун катарында, жазаны өтөө колонияларынан 956 түрдүү шарттардын айынан кылмыш жасаган, кылмышынан чын жүрөктөн өкүнгөн, оңолуу жолуна өткөн, жашаган жери жана жазаны өтөө мекемесинен оң мүнөздөлгөн жеке адамды өлкөбүздүн тарыхында биринчи жолу кечирүү жөнүндө указ кабыл алынды.

Өзбекстан Республикасы Президентинин 2016-жылдын 21-октябрындагы «Сот-укук системасын дагы да реформалоо, жарандардын укук жана эркиндиктерин ишеничтүү коргоо кепилдигин күчөтүү боюнча иш-чаралар жөнүндөгү» указы боюнча, сот кызматына дайындоо (шайлоо)нун мөөнөттөрүнө тактык киргизилди. Сот кызматына биринчи жолу беш жыл, экинчи жолу он жыл, андан кийин чексиз мөөнөткө шайлануу (дайындалуу) мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Бул соттордун жашын, тажрыйбасын, кесиптик чебердигин этибар алган түрдө көбүрөөк мөөнөт ишкердик жүргүзүшүн кепилдейт.

**Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү.** Өлкө эгемендүүлүккө чыккан күндөн баштап Өзбекстандын улуттук мамлекетчилигин, аймагынын бүтүндүгүн, калкынын тынч жана бейпил турмушун камсыздоо өлкө саясатынын башкы маселелеринен бири болуп күн тартибине коюлду.

1991-жылдын 19–21-августунда Москва шаарындагы мамлекеттик төңкөрүш себептүү мурдагы союз кырсыкка кабылды. Ушундай шартта өлкөбүздүн аймактык бүтүндүгүн, калкыбыздын тынчтыгын курал менен коргоо жолунда жаңы кадам коюлду. Өзбекстан Президентинин 1991-жылдын 25-августундагы указы менен Өзбекстан Ички иштер министрлигинин, Мамлекеттик коопсуздук комитетинин республиканын карамагына өтүшү, СССР Ички иштер министрлиги өлкөбүздөгү кошуундарынын Өзбекстандын Президентине баш ийиши алгачкы кадамдардан болду.

Өзбекстан Президентинин 1991-жылдын 6-сентябрдагы указы менен Коргоо иштери министрлиги түзүлдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Аскердик ант

Өзбекстан Республикасынын Жогорку Кеңеши 1992-жылдын 10-январында «Өзбекстан Республикасынын аймагында жайлашкан СССР Ички иштер министрлигинин аскердик бөлүктөр менен окуу мекемелерин Өзбекстан Республикасынын карамагына өткөрүү» жана 14-январда «Өзбекстан Республикасынын аймагында жайлашкан аскердик бөлүктөр жана аскердик окуу мекемелери жөнүндөгү» токтомдорду кабыл алды. Бул токтомдор боюнча, мурдагы СССР Куралдуу Күчтөрүнүн республикадагы бөлүктөрү, кошулмалары, бирикмелери, аскердик окуу мекемелери, уюмдары жана башка аскердик түзүлмөлөрү мыйзамдык негизде Өзбекстан Республикасынын юрисдикциясына алынды. Токтом кабыл алынган күн – 14-январь Өзбекстан Республикасынын 1993-жылдагы мыйзамы менен «Мекенди коргоочулар күнү» деп жарыяланды.

1992-жылы Өзбекстан Президентинин указы менен Улуттук коопсуздук кызматы карамагында Чек ара кошуундары башкармасы түзүлдү.

Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 93-статьясы боюнча Президент мамлекет Куралдуу Күчтөрүнүн Жогорку Башкы Командачысы саналат.

1995-жылдын майында өлкө жана коомдун коопсуздугун камсыздоо максатында Өзбекстан Республикасы Президентинин алдында Коопсуздук кеңеши түзүлдү. Коопсуздук кеңеши Өзбекстан Республикасы

**Эсте сакта!**

Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрүнүн төмөнкү аскердик округдары түзүлдү:

1. Түндүк-батыш аскердик округ (Каракалпакстан Республикасы, Харезм облусу);
2. Түштүк-батыш атайын аскердик округ (Бухара, Навоий, Кашкадарыя жана Сурхандарыя облустары);
3. Борбордук аскердик округ (Самарканд, Жызак, Сырдарыя облустары);
4. Ташкент аскердик округу (Ташкент шаары жана Ташкент облусу);
5. Чыгыш аскердик округу (Андижан, Наманган, Фергана облустары).



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Президентинин алдындагы кеңеш органы саналат. Өзбекстан Республикасынын Президенти кызмат орду боюнча ушул Кеңештин төрагасы эсептелет. Коопсуздук кеңеши өзүнүн чогулушуна убактылуу түрдө республикадагы ар кандай жооптуу мансап адамын чакырышы мүмкүн. Кеңеште билдирилген сунуш жана пикирлер көпчүлүк добуш менен кабыл алынат жана мамлекеттин Президенти тиешелүү токтомду бекиткенден кийин күчкө кирет.

**Эсте сакта!**

2018-жылдын 10-январында Өзбекстан Республикасы Президентинин алдындагы Коопсуздук кеңешинин алгачкы кеңейтилген, ачык, видеоконференция чогулушу болду. Анда Өзбекстан Куралдуу Күчтөрүнүн күжүрмөн абалга даяр болушу мурдагы 5 күндөн бүгүнкү күндө 3 саатка түшүрүлгөнү баса белгиленди.

Өлкөбүздө алгачкы жолу 1996-жылы 24-апрелде Олий Мажлистин бешинчи сессиясында макулданган төрт бөлүм, жыйырма сегиз статьядан турган “Улуттук коопсуздук жөнүндөгү” Мыйзамдын долбоору талкууга алынды. Улуттук коопсуздук системасын калыптандыруу, улуттук коопсуздукту камсыздоо жаатындагы милдеттер жана аларды ишке ашыруунун принциптери укуктук нормаларды белгилеп бере турган таптакыр жаңыча документ иретинде көрүп чыгылды. 1997-жылдын август айында Олий Мажлистин IX сессиясында Өзбекстан Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясы кабыл алынды.

Чет өлкөнүн тажрыйбасында улуттук коопсуздук дегенде көбүрөөк мамлекеттин коопсуздугу түшүнүлөт. Бул багытта Өзбекстан өзүнө мүнөздүү жолго ээ. Анткени, маселеге мындай мамиле жасоо улуттук коопсуздук көйгөйүнүн маанисин бир аз тарытат. Туура, улуттук коопсуздукта аскердик жана мамлекеттин коопсуздугу маселелери негизги орунда турат. Бирок улуттук коопсуздук дегенде мына ушулардын өзү гана түшүнүлбөйт.

Өлкөнүн Президенти Шавкат Мирзиёевдин демилгеси менен 2018-жылдын 9-январында «Өзбекстан Республикасынын Коргоо доктринасы жөнүндөгү» мыйзам кабыл алынды. Ал глобалдашуу шарттарында эл аралык жана аймактык коопсуздукка кол салуулар күчөгөн кырдаал-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

да геосаясий карама-каршылык, күч колдонуу, ошонун катарында, жалпы кыргын куралын колдонуунун ыктымалы күчөгөнүнө, эл аралык терроризм жана экстремизмдин активдешкендигине, маалымат аала-мында өз ара күрөштүн күчөшүнө каршы тура алууну кепилдейт.

**Өзүңдү сына!**

Коргоо доктринасы – бул ...

Аскердик округ – бул ....

Коопсуздук кеңеши – бул ...

Чек ара кошуундары – бул ...

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

**Кечирүү –** соттун өкүмү менен жаза дайындалган кандайдыр адамды кылмыш жоопкерчилигинен бошотуу же берилген жазаны жеңилдетүү. Кечирим мамлекет башчысынын токтому менен күчкө кирет.

**Референдум** (латинче – маалымдалышы зарыл нерсе) – мамлекеттик мааниге ээ маселелер боюнча өткөрүлө турган жана кээде мыйзам кабыл алуу үчүн негиз болуп кызмат кыла турган жалпы элдик суроо, добуш берүү жолу менен элдин пикирин билүү.

**Юрисдикция** (латинче – соттоо, сот жараяны) – укуктук маселелерди чечүү, сот иштерин жүргүзүү укугу. Белгилүү мамлекеттик органдын ыйгарым укуктары чегиндеги укуктун тармагы.

**Доктрина** (латинче – окуу; окумуштуулук) – илимий же философиялык окуу, теория; негизги теориялык же саясий көз караш.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Өзбекстанда бир палаталуу парламент иштеген доордогу өзүнө мүнөздүүлүк эмнелерден турган? Эки палаталуу парламентти түзүүнүн зарылчылыгы эмнеде?
2. Мамлекеттик башкарууда бийликтин бөлүнүшү кандай мааниге ээ?
3. Өзбекстанда аткаруу бийлигине кайсы мамлекеттик органдар кирет?
4. Өзбекстанда «Мекенди коргоочулар күнү» алгачкы жолу качан белгиленди?
5. Өзбекстанда сот иштери кайсы тилдерде жүргүзүлөт?
6. Министрлер Кабинетинин структурасында кандай өзгөрүштөр болду?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# II ГЛАВА. ӨЗБЕКСТАНДА ЖАРАНДЫК КООМДУН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

## 3-тема. Жарандык коом идеясынын өнүгүү тарыхы

**Жергиликтүү мамлекеттик бийлик органдары.** Өзбекстанда демократиялык укуктук мамлекетти куруу жараянында көптөгөн милдеттер белгиленген. Алардан эң маанилүүлөрүнөн бири республикада мамлекеттик бийликтин өкүлдүк жана жарандардын өзүн-өзү башкаруу органдарын жаңы шарттарга ылайык системасын жаратуу эле. Учурдагы жергиликтүү өкүлдүк органдары эл депутаттары Советтеринин негизинде түзүлгөн. Бирок алар мурдагы системадан демократиялык мазмуну менен кескин айырмаланат.

1992-жылдын 4-январында «***Өзбекстан Республикасынын жергиликтүү бийлик органдарын кайра түзүү жөнүндөгү***» Мыйзам кабыл алынды. Мыйзам өлкөбүздө жергиликтүү бийликтин эки өз алдынча органдары – ***өкүлдүк*** жана ***аткаруу органдары*** системасына жетекчилик кылган акимдик жана акимдер кызматын киргизди.

**Эсте сакта!**

1992-жылы алгачкы жолу Ташкент шаары менен 12 облуста, 163 айыл жана 18 шаар райондорунда, ошондой эле 120 шаарда акимдер дайындалды жана алардын аппараты — акимдиктер түзүлдү.

Өзбекстан Республикасы Конституциясынын XXI главасы «Жергиликтүү мамлекеттик бийликтин негиздери» деп аталып, анда жергиликтүү бийлик органдары системасы, милдети, түзүлүш тартиби бекемделди. Конституция боюнча мурдагы жергиликтүү өкүлдүк органдарынын аты Кеңештер деп өзгөрдү. Алардын берекелүү ишин камсыздоо үчүн облус, район жана шаар Элдик депутаттар Кеңештери түзүлдү.

Өзбекстандын Конституциясы кабыл алынганга чейин жергиликтүү өкүлдүк органдарынын үч муундан турган системасы болуп, алар:

1) облустар жана Ташкент шаар элдик депутаттар Кеңештери (Советтери) – жогорку муун;

2) район, шаар элдик депутаттар Кеңештери – ортоңку муун;

3) айыл, кыштак, аул элдик депутаттар Кеңештери – төмөнкү муун.

Конституция жергиликтүү өкүлдүк органдарынын эки муундуу сис-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

темасын бекемдеди – төмөнкү муун чыгарып салынды. Анын ордуна жарандардын өзүн-өзү башкаруу органдары түзүлчү болду.

Ошентип, Өзбекстан Республикасынын Конституциясы боюнча, жергиликтүү мамлекеттик бийлик органдары эки өз алдынча орган – *өкүлдүк* жана *аткаруу* бийлигине бөлүндү.

*Жергиликтүү өкүлдүк органдарына* элдик депутаттар Кеңештери кирет. Алар өздөрүнүн ишкердигин коомдук (коллегиалдык) негизде жүргүзөт. Элдик депутаттар Кеңештери ишинин негизги уюштуруу-укуктук формасы болуп сессия эсептелет.




*«Элдик депутаттар облус, район жана шаар Кеңештерине шайлоо жөнүндөгү»* Мыйзамда өкүлдүк органдарына 21 жашка толгон жарандар шайланат. Элдик депутаттар облус жана Ташкент шаардык Кеңештерине 60 тан көп болбогон, ал эми район жана шаар Кеңештерине болсо 30 дан көп болбогон депутаттар 5 жыл мөөнөткө шайланат.

*Аткаруу бийлигине* – аким жана анын аткаруу аппараты кирет. Аким өзүнө тиешелүү аймакта жогорку мансап адамы эсептелет. Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 101-статьясы боюнча акимдердин ыйгарым укуктуу мөөнөтү – беш жыл.

Облус жана Ташкент шаарынын акими Өзбекстан Республикасынын Президенти тарабынан мыйзам боюнча дайындалат жана кызматынан бошотулат. Район жана шаарлардын акимдери тиешелүү облустун акими тарабынан дайындалат жана кызматынан бошотулат, ошондой эле тиешелүү элдик депутаттар Кеңеши тарабынан бекитилет. Шаарлардагы райондордун акимдери тиешелүү шаар акими тарабынан дайындалат жана кызматынан бошотулат, ошондой эле элдик депутаттардын шаардык



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кеңеши тарабынан бекитилет. Райондорго баш ийген шаарлардын акимдери райондун акими тарабынан дайындалат жана кызматынан бошотулат, ошондой эле элдик депутаттардын райондук Кеңеши тарабынан бекитилет. Өкүлдүк органдар түзүлбөй турган шаардын курамындагы райондордо жана районго баш ийген шаарларда да акимдиктер, алардын аппараты – акимдик түзүлдү. Облустун акимдери жана Ташкент шаарынын акими Өзбекстан Президентинин ошол жерлердеги өкүлү эсептелет.

Жергиликтүү мамлекеттик бийлик органдары сот бийлик органдары, прокуратура, ички иштер органдары, юстиция сыяктуу укук коргоо органдары менен өз ара шериктештикте иш жүргүзөт.

**Жарандардын өзүн-өзү башкаруу органдары**. Өзбекстан Республикасы өз алдынча өнүгүү жолуна түшкөндөн кийин, Өзбекстанга мүнөздүү жана ылайык жарандардын өзүн-өзү башкаруу органдары пайда болду. Алсак, учурда дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүндө бул институт жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу деп аталса, Өзбекстанда жарандардын өзүн-өзү башкарышы деп аталат.

Өзбекстан Республикасынын Конституциясы кабыл алынгандан кийин жарандардын өзүн-өзү башкаруу системасынын укуктук негизи бекемделди. Конституциянын 105-статьясы боюнча, «Шаарча, кыштак жана аулдарда, ошондой эле, алардын курамындагы маала жана шаар маалаларинде жарандардын жыйындары өзүн-өзү башкаруу органдары болуп, алар эки жарым жыл мөөнөткө төраганы (аксакалды) жана анын кеңешчилерин шайлашат».

**Жарандар жыйыны**

**Шаарчалар жарандар жыйыны** | **Кыштак жана аулдар жарандар жыйыны** | **Маалалар жарандар жыйыны**

**Эсте сакта!**

1999-жылы «Жарандардын өзүн-өзү башкаруу органдары жөнүндө», 2004-жылы “Жарандар жыйынынын төрагасын (аксакалын) жана анын кеңешчилерин шайлоо жөнүндөгү” Өзбекстан Республикасынын мыйзамдары кабыл алынды. 2017-жылы Өзбекстандын Президенти “Маала институтун дагы да өркүндөтүү чаралары жөнүндөгү” указга кол койду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошентип, жарандар жыйыны белгилүү мөөнөттө чогулуп, иш жүргүзө турган өзүн-өзү башкаруу органы болсо, ал эми төрага жана анын кеңешчилери туруктуу ишкердик жасаган түзүлүш болуп саналат.

Президенттин 2017-жылдагы указынын негизинде жарандар жыйындарынын уюму иретинде жарандардын өзүн-өзү башкаруу органдарынын ишкердигин жөнгө салуучу республика кеңеши түзүлдү. Өзбекстан Республикасынын Премьер-министри, Каракалпакстан Республикасы Жогорку Кеңгесинин төрагасы, облустар жана Ташкент шаар, райондор жана шаарлар акимдерине тиешелүү түрдө Республикалык кеңешке, аймактык кеңештерге коомчулук негизинде төрагалык кылуу белгиленди. Республикалык кеңешке уюштуруу иштери жана методикалык маселелер боюнча төраганын орунбасары, ошондой эле Республика кеңеши жана аймактык кеңештерге жаштардын иштери, диний-агартуу маселелери, карыялар жана ардагерлер иштери боюнча төраганын орунбасарлары кызматтары киргизилди. Жарандардын өзүн-өзү башкаруу органдарына коомчулук негизинде иш жүргүзгөн жарандар жыйыны төрагасынын орунбасары – жаштар маселелери боюнча кеңешчи кызматы киргизилди.

**Өз алдынча иш.**

Өзбекстан Республикасы Конституциясы 99–105-статьяларынын мазмунун тема менен байланыштыр. Мисалдар келтир.

**Шайлоо системасы**. Өзбекстанда демократиялык коомго мүнөздүү шайлоо системасынын куралышында эл аралык укуктун үлгүлөрү жана талаптарына, алдыңкы чет өлкө тажрыйбасына шайкеш шайлоо мыйзамдарынын жаралышы чоң роль ойноду.



2016-жылы 14-декабрда шайланган Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Миромонович Мирзиёев

Баштап шайлоо системасын тартипке салуу максатында «Өзбекстан Республикасынын референдуму жөнүндө» жана «Өзбекстан Республикасынын Президентин шайлоо жөнүндө» (1991-жылдын 18-ноябры) мыйзам кабыл алынды. XX кылым 90-жылдарынын башында



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

шайлоо, шайлоо өткөрүүнүн тартиби жөнүндө бир топ мыйзамдар кабыл алынды. Алсак, «Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисине шайлоо жөнүндөгү», «Элдик депутаттар облус, район жана шаар Кеңештерине шайлоо жөнүндөгү» жана «Жарандар шайлоо укуктарынын кепилдиктери жөнүндөгү» мыйзамдар ошолордун катарына кирет.

Шайлоо Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан уюштурулат, комиссия 1998-жылдан баштап көз карандысыз убактылуу орган иретинде иштеген болсо, 2014-жылдан туруктуу органга айланды. Борбордук шайлоо комиссиясы жана анын мүчөлөрү өзүнүн ишин ар кандай мамлекеттик орган, коомдук бирикме жана кызмат адамдарынан көз карандысыз түрдө жүргүзөт.

Өзбекстан Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдарында 18 жашка толгон жарандардын шайлоо укугуна ээ экендиги, Өзбекстандын Президентин шайлоо, Олий Мажлиске шайлоо, элдик депутаттар облус, район жана шаар Кеңештерине шайлоо  жалпы, тең, тикеден-тике шайлоо укугунун негизинде жашырын добуш берүү жолу менен өткөрүлүшү белгиленген.

Ар бир жаран – шайлоочу бир добушка ээ. 35 жаштан кичине болбогон жаран Өзбекстан Республикасы Президенттигине, 25 жашка толгондор Олий Мажлиске, 21 жашка толгондор облус, район жана шаар Кеңештерине депутаттыкка шайлануу укугуна ээ.

! **Өзүңдү сына!**

Жарандар жыйыны – бул ... Шайлануу жашы – бул .... 1991-жыл – бул ...
Кеңешчилер – бул ... Шайлоо жашы – бул ... 2017-жыл – бул ...

Өзбекстан Республикасынын Конституциясы боюнча, мамлекет Президентин шайлоо, Олий Мажлистин Мыйзам чыгаруу палатасына жана Каракалпакстан Республикасынын Жогорку Кеңесине, облус, район, шаарлар мамлекеттик бийликтин өкүлдүк органдарына шайлоо тиешелүү түрдө алардын конституциялык ыйгарым укугу аяктаган жылы — декабрдын 3-он күндүгүнүн 1-жекшембисине чейин өткөрүлөт.

**Өзбекстанда көп партиялуулук.** Көп партиялуулук – коомдук турмушта эки же андан ашуун партиянын иш жүргүзүшү. Мындай жагдай демократиялык жолго түшкөн мамлекет жана коомдорго мүнөздүү болуп, коомдун өнүгүшү пикирлердин ар түрдүүлүгүнө негизделет. Коомдо саясий партиялардын эркин иш жүргүзүшү демократиялык укуктук мамлекет куруунун негизги кепили саналат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Дүйнөлүк демократиянын негизги критерийлеринен бири шайлоону көп партиялуулуктун негизинде өткөрүү. Эгемендүүлүк доорунда түзүлгөн алгачкы саясий партия бул – *Өзбекстан Элдик демократиялык партиясы*. Партияга 1991-жылдын ноябрында негиз салынды. Анын максаты социалдык коргоого муктаж калктын таламдарын коргоого каратылган. Партия түзүлгөндөн азыркы күнгө чейин беш жолу Президенттик жана парламенттик шайлоолордо катышып, парламентте өзүнүн фракциясын түзө алды.

**Өз алдынча и**ш.

Кошумча адабияттардан пайдаланган түрдө, бир топ окуучулар ЭДПнын Президенттик шайлоодо катышкан жылдарын санап чыгат жана мүнөздөйт. Экинчи топ партиянын Олий Мажлиске болгон шайлоодо катышканы боюнча куду ушундай тапшырманы аткарат.

Өзбекстанда көп партиялуулуктун өнүгүү тарыхында өз ордуна ээ партиялардан дагы бири Өзбекстан *«Vatan taraqqiyati»* партиясы болду. Партия 1992-жылы түзүлгөн. 1999-жылы *«Fidokorlar»* улуттук демократиялык партиясы түзүлдү. Ал Өзбекстан патриот жарандарынын максат жана умтулууларын колдоп-кубаттаган саясий уюм иретинде түзүлдү.

2000-жылдын апрелинде *«Vatan taraqqiyati»* партиясы менен *«Fidokorlar»* улуттук-демократиялык партиясынын кошмо курултайы болуп, анда алардын аракети, программасынын жалпылыгы талкууланды, алардын чогуу иштеши максатка ылайык, деген тыянак менен эки партия кошулду.

Эгемендүүлүктүн баштапкы жылдарында түзүлгөн партиялардан дагы бири бул – *Өзбекстан «Adolat» социал-демократиялык* партиясы. 1995-жылдын февралында түзүлгөн бул партия Өзбекстанда калыптанган социал-демократиялык партия саналат. Социал-демократиялык партиялардын негизги максаты коомдогу социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган. Ошондуктан бул партия өнүккөн өлкөлөрдүн социал-демократиялык партиялары менен байланыштарды жолго коюуга жана эл аралык



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

социал-демократиялык кыймылдарда активдүү катышууга умтулууда. Өзбекстан «Adolat» социал-демократиялык партиясы ортоңку класска жана калктын муктаж катмарына таянат, алардын саясий жана социалдык таламдарын туюнтууга умтулат.

Эгемендүүлүк жылдарында түзүлгөн партиялардан дагы бири – бул *Өзбекстан «Milliy tiklanish» демократиялык партиясы*. Ал 1995-жылдын июнунда түзүлгөн. Өзбекстан «Milliy tiklanish» демократиялык партиясынын негизги максаты улуттук салт жана баалуулуктарды сактоодон турат. 2008-жылдын июнунда Өзбекстан «Fidokorlar» улуттук демократиялык партиясы менен Өзбекстан «Milliy tiklanish» демократиялык партиясынын биригүү курултайы болуп, анда негизинен бул эки партияны бириктирүү маселеси каралды. Курултайда партиялардын программалары маани-мазмуну жагынан бири-бирине өтө жакындыгы баса белгиленди жана алар бириктирилди.

Өзбекстандын саясий турмушунда өзүнө мүнөздүү орунга ээ болуп үлгүргөн *O‘zbekiston Liberal-Demokratiyalik partiyasi (O‘zLiDeP)* 2003-жылдын ноябрында түзүлгөн. *O‘zbekiston Liberal-Demokratiyalik partiyasi* жалпы улуттук саясий уюм иретинде жеке менчик ээлеринин, чакан бизнес, фермер жана дыйкан чарба өкүлдөрүнүн, өндүрүштүн жогору тажрыйбалуу адистери менен башкаруу кызмат-керлеринин жана ишкерлердин таламдарын туюнтат жана коргойт.

Өзбекстан Республикасында саясий партиялардын өткөн жылдардагы ишкердигине назар салчу болсок, анда алардын өнүгүшү үчүн укуктук негиз жаралганын көрөбүз. Алсак, Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, «Саясий партиялар жөнүндөгү», «Саясий партияларды каржылоо жөнүндөгү» жана «Мамлекеттик башкарууну жаңылоо жана дагы да демократиялаштыруу жана өлкөнү модернизациялоодо саясий партиялардын ролун күчөтүү жөнүндөгү» конституциялык мыйзамдар ошонун катарына кирет. Турган сөз, саясий партиялардын коомдо канчалык абройго ээ экендигин белгилей турган негизги критерий –



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бул алардын мамлекеттик бийликтин өкүлдүк органдарына болгон шайлоолордо кандай натыйжаларга жетишкендиги эсептелет.

**Өзбекстан Экологиялык кыймылы**. 2008-жылы Өзбекстан Республикасынын «*Шайлоо жөнүндөгү мыйзам документтерин өркүндөтүүгө байланыштуу Өзбекстан Республикасынын айрым мыйзамдарына өзгөртүү жана кошумчалар киргизүү жөнүндөгү*» Мыйзамы кабыл алынды. Ал боюнча Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Мыйзам чыгаруу палатасына беш жылдык мөөнөткө 135 депутат шайланып, Мыйзам чыгаруу палатасынын 15 депутаты Өзбекстан Экологиялык кыймылынан өзүнүн ички курултайында шайланышы белгиленди. Ушул Мыйзамдын негизинде Олий Мажлистин Мыйзам чыгаруу палатасындагы депутаттардын саны 150 депутатка жетти.

Өзбекстан Экологиялык кыймылы 2008-жылдын августунда түзүлгөн. Ал өзүнүн ишкердигин жарандардын учурдагы жана келечектеги мууну ыңгайлуу айлана-чөйрө шарттарында жашоосун камсыздоого, калктын ден соолугун жакшыртууга, бардык табигый ресурстарды коргоо жана алардын акылмандык менен пайдалануу укуктарын камсыздоого багытталган жаңылануу жараяндарын дагы да тереңдетүүгө коомдун бар күч жана кайратын мобилизациялоого каратылган.

**Эсте сакта!**

2017-жылдын 22-декабрында Өзбекстан Республикасы Президентинин Олий Мажлиске Кайрылуусу жарыяланды. Бул Кайрылууда Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин Мыйзам чыгаруу палатасындагы 15 депутаттык орун белгилеп коюлбастан, Экологиялык кыймыл башка партиялар менен бирдей атаандашкан түрдө, шайлоо аркылуу депутаттык орунду элөөгө тийиштиги сунуш кылынды.

***Терминдердин түшүндүрмөсү***:

**Партия** (*лат*. partio — бөлүк) – идеялык жактан максатташ, таламдары бирдей болгон адамдар тобунан турган, белгилүү коомдук топ же катмардын кызыкчылыктарын коргогон саясий уюм.

**Модернизация** (modern – заманбап) – жаңылануу, заманбап; мамлекеттин, коомдун, экономиканын, технология жана башка тармактардын жаңыланышы, жаңы метод жана ойлоп табууларды колдоонун негизиндеги өзгөрүштөр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

?

**Суроо жана тапшырмалар**:

1. Жергиликтүү мамлекеттик бийлик органдарын сана. Алар өздөрүнүн ишкердигин кайсы мыйзамдардын негизинде жүргүзөт?
2. Шайлоо системасындагы акыркы өзгөрүштөр эмнелер?
3. Жергиликтүү бийлик менен жергиликтүү өкүлдүк органынын ортосунда кандай айырма жана байланыш бар?
4. Саясий партиялар боюнча төмөнкү жадыбалды толтур.

| **Партия** | XDP | ASDP | MTDM | O‘zLiDeP |
|---|---|---|---|---|
| **Түзүлгөн жылы** | | | | |
| **Идеясы** | | | | |

## 4-тема. Өзбекстанда жарандык коом өнүгүшүнүн негизги баскычтары жана келечеги

**Күчтүү мамлекеттен күчтүү коомду карай**. Өзүндө 2000-жылдан бүгүнкү күнгө чейинки доорду камтыган баскычта өлкөдө активдүү демократиялык жаңылануу жана модернизациялоо жараяндары жүрдү. Бул баскычтын негизги милдети иретинде улуттук мамлекетчиликтин негиздерин чыңдоого багытталган күчтүү мамлекеттен күчтүү жарандык коомго баскычма-баскыч өтүү маселеси коюлду. Өлкөнүн саясий жана экономикалык турмушунда демократиялаштыруу жана либералдаштыруу жараяндары тереңдешти, адамдын укук жана эркиндиктерин коргогон көз карандысыз сот системасы бекемделди, жарандык коомдун негиздери өнүктү, жарандардын экономикалык жана саясий активдүүлүгү жогорулады. Ислам Каримов тарабынан өлкөдө жарандык коомду калыптандыруу жана демократиялык реформаларды дагы да тереңдештирүү концепциясы иштеп чыгылды. Бул баскыч мамлекеттик бийлик жана башкарууну дагы да демократиялаштыруу, сот системасын, маалыматташтыруу тармагын реформалоо, сөз эркиндигин камсыздоо, шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү, экономиканы либералдаштырууга багытталган демократиялык базар реформаларын тереңдетүүгө каратылгандыгы менен мүнөздөлөт.

2002-жылдагы Олий Мажлистин IX сессиясында өлкөнүн Биринчи Президенти Ислам Каримов мына ушул көп кырдуу реформаларды ишке ашыруунун жаңы принциптерин ортого таштады. Анда реформалар менен байланыштуу жети маселе – негизги багыт белгилеп берилди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Негизги багыттардан бири коомдун турмушунда мамлекеттик жана коммерциялык эмес уюмдардын ордун жана ролун жогорулатуу аркылуу жарандык коомду куруу жараяндарын тереңдештирүү, «Күчтүү мамлекеттен – күчтүү коомду карай» принцибин ишке ашыруу эсептелет.

Мамлекет саясатынын башкы жолу укуктук, демократиялык мамлекетти куруу, мыйзам алдында бардыгынын теңдигин камсыздоо, «жаран – коом – мамлекет» принцибин колдоо, мына ушул жол менен жарандык коомду куруудан турган.

**Өлкөдө демократиялык реформаларды дагы да тереңдетүү жана жарандык коомду өнүктүрүү концепциясы.** Ислам Каримовдун 2010-жылдын 12-ноябрында болуп өткөн Өзбекстан Республикасы Олий Мажлиси Мыйзам чыгаруу палатасы жана Сенатынын кошмо жыйналышындагы «Өлкөбүздө демократиялык реформаларды дагы да тереңдетүү жана жарандык коомду өнүктүрүү концепциясы» темасында окуган доклады ишке ашырылган реформаларды иликтөө жана коом менен мамлекет турмушунун бардык тармактарын дагы да өнүктүрүү багыттарын белгилеп алуу боюнча чоң мааниге ээ болду. Концепцияда өлкөбүздө жарандык коом жана укуктук мамлекетти куруу жаатында ишке ашырылган иштер кеңири иликтелип, бул багыттагы демократиялык реформаларды дагы да тереңдештирүү жана ырааттуу түрдө улантуу боюнча олуттуу милдеттер белгилеп берилди.

Мамлекеттик бийлик менен башкарууну демократиялаштыруу боюнча Конституциянын 78, 89, 93, 96, 98-статьяларына өзгөртүүлөр киргизилип, ал боюнча Премьер-министрдин кандидатурасы (Олий Мажлисте) эң көп депутаттык орун алган саясий партия же тең санда көп орун алган саясий партиялар тарабынан көрсөтүлөт, ал эми Президент бул кандидатура менен таанышып чыгып, 10 күндүн ичинде карап чыгуу жана тастыктоо үчүн Олий Мажлистин палаталарына сунуш кылат.

**Эсте сакта!**

Концепция 6 бөлүктөн туруп, анда мамлекеттик бийликти жана башкарууну демократиялаштыруу, сот системасын, маалымат тармагын реформалоо, маалымат жана сөз эркиндигин, шайлоо эркиндигин камсыздоо жана шайлоо мыйзамдарын өнүктүрүү, жарандык коом институттарын калыптандыруу жана өнүктүрүү, базар экономикасын либералдаштырууну дагы да тереңдештирүү боюнча маанилүү милдеттер белгиленген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сот-укук системасын реформалоо жаатында адвокатура институту өркүндөтүлдү жана анын көз карандысыздыгы бекемделди. Кылмыш жазасын либералдаштыруунун натыйжасында жазалардын аныктамалары өзгөртүлдү. Санкция колдоо укугу сотторго өткөрүлдү .

Маалымат тармагын реформалоо, маалымат жана сөз эркиндигин камсыздоо жаатында өлкөдө бул боюнча 10 го жакын мыйзам документтери кабыл алынды. Булардын катарына «Мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары ишкердигинин ачыктыгы жөнүндө», «Теле-радиоуктуруулар жөнүндө», «Массалык маалымат каражаттары ишкердигинин экономикалык негиздери жөнүндө», «Массалык маалымат каражаттарын мамлекет тарабынан колдоп-кубаттоонун кепилдери жөнүндөгү» мыйзамдарды кошууга болот.

Өзбекстанда шайлоо укугу эркиндигин камсыздоо жана шайлоо мыйзамдарын өнүктүрүү жаатында шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүп, шайлоо системасы ырааттуу жана баскычма-баскыч либералдаштырылды. Мөөнөтүнөн мурда добуш берүү көйгөйүн чечүү, участка шайлоо комиссиялары ишкердигинин ашкерелигин камсыздоо боюнча мыйзам документтерине өзгөртүүлөр киргизүү белгиленди.

Учурда өлкөбүздө 9 миңден ашуун мамлекеттик жана коммерциялык эмес уюм бар. 29 эл аралык жана чет өлкөлүк өкмөттүк эмес уюмдардын филиал жана өкүлдүктөрү иш жүргүзүүдө. 2017-жылы «Нуроний» фонду, Жаштар уюму, Өзбекстан фермер, дыйкан чарбалары жана жер ээлери кеңеши, Соода-өнөр жай палатасы жана Өзүн-өзү башкаруу органдарынын ишин координациялоо боюнча Республика кеңеши сыяктуу мамлекеттик жана коммерциялык эмес уюмдардын ишин өркүндөтүү жана аларды колдоп-кубаттоого багытталган өз алдынча указ жана токтомдор кабыл алынды.

**Эл менен баарлашуу**. 2016-жылы алгачкы жолу калк менен өкмөттүн түздөн-түз баарлашуусу жолго коюлду. Ошол жылдын сентябрында Премьер-министрдин (pm.gov.uz электрондук дарегинде) виртуалдуу кабылдамасы ачылды. 2017-жылдын «Эл менен баарлашуу жана инсан кызыкчылыктары жылы» деп жарыяланышы бул боюнча иштерди активдешдештирди.

Президент Шавкат Мирзиёевдин 2016-жылдын 28-декабрындагы «Жеке жана юридикалык адамдардын кайрылуулары менен иштөө сис-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

темасын өркүндөтүү боюнча иш-чаралар жөнүндөгү» указы боюнча Элдик кабылдамалар түзүлдү. Алардын кызматчылары Өзбекстан Республикасы Президенти канцеляриясынын кызматчылары болуп эсептелери белгиленди. 2017-жылдын декабрында Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев Өзбекстан Республикасы Конституциясы кабыл алынгандыгынын 25 жылдыгына арналган салтанатуу аземдеги докладында Элдик кабылдамалардын негизинде Президенттин алдында өз алдынча түзүлмө – Оперативдүү мамлекеттик кызматтар агенттигин түзүү идеясы менен чыкты.

**Ой толгоо!**

Виртуалдуу кабылдаманы ачуу зарылдыгын эмнелерде көрөсүң? Кошумча маалыматтардан пайдаланган түрдө, интернеттин pm.gov.uz дарегиндеги "PM" кыскартмасынын мазмунун түшүндүр.

Жылдар бою сыноодон өтүп, барган сайын өркүндөтүлүп отурган бул механизм дүйнө коомчулугуна чыныгы демократия жолундагы ийгиликтерибизден бири иретинде көрсөтүлдү. Шавкат Мирзиёев Бириккен Улуттар Уюму Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясында, элдик бийликти тек гана эмес, аны ишке ашыруучу механизмдерди бышыктоону глобалдуу максат катары белгилеп, өлкөбүздүн бардык аймактарында Президенттин виртуалдуу жана Элдик кабылдамалары ачылганын, ошондой эле ушул күнгө чейин бир миллиондон ашуун жарандарыбыз бул кабылдамалар аркылуу өздөрүнүн олуттуу көйгөйлөрүн чечишкенин баса белгиледи.




**2017–2021-жылдарда өлкөнү өнүктүрүүнүн беш негизги багыты боюнча Аракеттер стратегиясы**. Өлкөбүздө эгемендүүлүк жылдарында ишке ашырылган кең көлөмдүү реформалар улуттук мамлекетчилик жана суверендүүлүктү чыңдоо, коопсуздук жана укук тартибин, чек араларыбыздын кол тийгистигин, коомдо мыйзамдын үстөмдүгүн, адам укук жана эркиндиктерин, улуттар аралык ынтымак жана диний кең пейилдик чөйрөсүн камсыздоо үчүн маанилүү фундамент болду.

Учурда өлкөбүз басып өткөн өнүгүү жолунун анализи бүгүнкү күндө дүйнөлүк базардын талабы кескин өзгөрүп, глобалдашуу шарттарында



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Эсте сакта!**

– Аракеттер стратегиясында мамлекет жана коом курулушу системасын өркүндөтүүнүн 5 негизги багыты берилген:

I. Мамлекет жана коом курулушу системасын өркүндөтүү (Көгүлтүр – асман жана таза суунун символу, Амир Темур мамлекети туусунун түсү);

II. Мыйзамдын үстөмдүгүн камсыздоо жана сот-укук системасын реформалоо (Кызгылт-көк – мыйзамдын үстөмдүгү жана ар-намыс символу);

III. Экономиканы өнүктүрүү жана либералдаштыруу (Коңур – экономиканы өнүктүрүүнүн элементтери саналган күч-кудурет жана байлык символу);

IV. Коомдук тармакты өнүктүрүү (Кызыл – калктын өзүнө ылайык жашоо мүнөзүн камсыздоо символу);

V. Коопсуздук, диний кең пейилдик жана улуттар аралык ынтымак, өз ара пайдалуу жана практикалык тышкы саясат (Ак – тынчтыкты сүйүү саясатынын элементтери саналган тынчтык жана тазалык символу).

атаандашуу барган сайын күчөп отурганы өлкөбүздү дагы да тез темптер менен өнүктүрүү үчүн таптакыр жаңыча мамиле жасоону иштеп чыгууну талап кылды. Өлкөнүн 2016-жылы шайланган Президенти Шавкат Мирзиёевдин демилгеси менен жүргүзүлүп жаткан реформалардын натыйжалуулугун жогорулатуу, мамлекет менен коомдун ар тараптан жана тез өнүгүшү үчүн шарт түзүү, мамлекетти модернизациялоо, ошондой эле турмуштун бардык тармактарын либералдаштыруу боюнча негизги багыттарды ишке ашыруу максатында Өзбекстан Республикасы Президентинин 2017-жылдын 7-февралындагы указы менен 2017–2021-жылдарда Өзбекстан Республикасын өнүктүрүүнүн беш негизги багыты боюнча Аракеттер стратегиясы тастыкталды.

Стратегия олуттуу, калк менен ишкерлерди убайга салган маселелерди комплекстүү үйрөнүү, мыйзамдуулук, укук коргоо практикасын жана чет эл тажрыйбасын иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча иштеп чыгылды.

Аракеттер стратегиясы 5 баскычта ишке ашырылып, алардын ар бири боюнча жылдардын аталышынан келип чыккан түрдө өз алдынча бир жылдык мамлекеттик программаны тастыктоону көздө тутат.

Аракеттер стратегиясын ишке ашыруу боюнча Президент жетекчилик кылган 14 адамдан турган Улуттук комиссия түзүлүп, ал документте каралган милдеттердин өз маалында, сапаттуу аткарылышын көзөмөлгө алат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

**Концепция –** кандайдыр тармакты өнүктүрүүгө багытталган кең көлөмдүү долбоор же көз караштардын комплекси.

**Санкция** – укук таанууда тартип бузуучуга карата колдонула турган жана белгилүү натыйжаларга алып келген чара.

**Стратегия** – алыска барган таасир каражаттары жана усулдар; максаттуу келечекти динамикалык аныктап алуу.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. «Күчтүү мамлекеттен күчтүү жарандык коомго» ураанын түшүндүр.
2. Президенттин 2016-жылдын 28-декабрындагы «Жеке жана юридикалык адамдардын кайрылуулары менен иштөө системасын өркүндөтүү боюнча иш-чаралар жөнүндөгү» указында эмнелер көздө тутулган?
3. Элдик кабылдамалардын милдети эмнеден турат?
4. «Өлкөбүздө демократиялык реформаларды дагы да тереңдештирүү жана жарандык коомду өнүктүрүү концепциясы» канча бөлүктөн турат? Аларды санап бер.
5. Кошумча адабияттардан пайдаланып, Аракеттер стратегиясын ишке ашыруу боюнча Улуттук комиссиянын курамын аныкта.

## III ГЛАВА. ӨЗБЕКСТАНДА ЭКОНОМИКАЛЫК РЕФОРМАЛАР ЖАНА СОЦИАЛДЫК САЯСАТ

### 5-тема. Өзбек моделинин иштеп чыгылышы. Экономикалык реформалардын башталышы

**Өзбекстанда базар мамилелерине өтүүнүн өзүнө мүнөздүү жолу, өнүгүүнүн «Өзбек модели».** Өзбекстан эгемендүүлүкке чыккан учурда коомдук-экономикалык жагдай өтө татаал болчу. Эгемендүү болгон Өзбекстан советтер доорундагы экономиканын негизин түзгөн пландаштыруу саясатынан баш тартты жана базар экономикасы жолун тандады. Дүйнөлүк тажрыйба боюнча, бардык мамлекеттер үчүн макул бирдей өнүгүү жолу, бирдей үлгү болбойт. Ар бир өлкө өзүнүн тарыхый өнүгүү салтын, улуттук өзгөчөлүктөрүн эсепке алган түрдө өзүнүн жолун, өзүнүн моделин иштеп чыгууга тийиш. Өзбекстан да мына ушундай жалпы программа жана мыйзам критерийлеринин негизинде базар экономикасы мамилелерине өтүү мүмкүнчүлүгүн берген өз жолун тандады.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Эсте сакта!**

Өзбекстандын базар мамилелерине өтүшү боюнча Ислам Каримов тарабынан иштеп чыгылган 5 принцип: 1. Экономиканын саясаттан үстөмдүгү, аны идеологиядан чыгаруу. 2. Мамлекет башкы реформачы жана экономикалык өзгөрүүлөрдүн демилгечиси. 3. Мыйзамдын үстөмдүгү, мыйзам алдында бардыгы бирдей. 4. Күчтүү социалдык саясат жүргүзүү, калктын муктаж катмарын социалдык коргоонун үстөмдүгү. 5. Базар экономикасына баскычма-баскыч, ырааттуу түрдө өтүү.

Базар мамилелерине өтүүнүн алгачкы доорунда республиканын өкмөтү жана Президенти тарабынан бир топ укуктук документтер кабыл алынды. Алсак, калкты социалдык коргоого багытталган майыптарды социалдык коргоо, мамлекеттик пенсия менен камсыздоо, керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо, жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө жана башка ушул сыяктуу республиканын мыйзамдары, өкмөт токтомдору жана Президент указдары кабыл алынды.

**Экономикалык реформаларды башкаруу системасынын жаралышы. Базар инфраструктурасынын калыптанышы.** Экономиканы реформалоонун негизги стратегиялык максаты, эң мурда, адамдар- дын жашоосу жана эмгектениши үчүн зарыл шарттарды камсыздаган күчтүү жана бир калыпта өнүгүүчү экономикалык системаны куруу болду. Базар мамилелерине өтүү доорунун биринчи баскычы эгемендүүлүк күнүнөн улуттук валютаны мамилеге киргизүүгө чейин болгон убакытты өз ичине алат. Биринчи баскычта эки негизги милдет аткарылды. Биринчиден, административдик-бюрократтык системанын оор залакасы артта калды, жетишсиздик жоюлду жана экономика стабилдештирилди. Экинчиден, базар мамилелеринин укуктук негиздери калыптандырылды.

Өзбекстанда базар экономикасына өткөн коомдун укуктук-экономикалык негиздери Өзбекстандын Конституциясында чагылдырылды. Реформалардын биринчи баскычында Жогорку Кеңеш тарабынан экономикага тиешелүү 100 дөн ашуун мыйзам кабыл алынды. Ошону менен бирге менчиктештирүү учурунда жеңилдиктер жаратылды. Менчиктештирилчү ишкананын кызматчыларына акцияларды жеңилдетилген шартта сатып алуу мүмкүнчүлүгү берилди. Эскирген негизги фонддор, коомдук инфраструктуранын объекттери жаңы мүлк ээлерине акысыз берилди. Айыл чарбада мамлекеттик чарбалардын мүлкү, ферма, бак жана жүзүмзарлар жеңилдетилген шарттарда менчиктештирилди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү базар экономикасы мамилелерине негизделген коомду куруунун негизги шарты эсептелет. Өзбекстанда чек аркылуу менчиктештирүү идеясы четке кагылды, мамлекеттик мүлк жаңы мүлк ээсине сатуу жолу менен гана мүлкчүлүктүн башка формасына айландырыла башталды. Өзбекстандын Жогорку Кеңеши 1991-жылдын 18-ноябрында «Мүлктү мамлекеттин карамагынан чыгаруу жана менчиктештирүү жөнүндөгү» мыйзамды кабыл алды. Баштапкы баскыч менчиктештирүү жараянынын жалпы турак-жай фондун, соода, жергиликтүү өнөр жай, тейлөө ишканаларын жана айыл чарба продукцияларын даярдоо системасын камтыды. Өзбекстан Республикасында менчиктештирүү жараянын уюштуруу жана ага жетекчилик кылуу максатында 1992-жылдын февралында Мамлекеттик мүлктү башкаруу жана менчиктештирүү Мамлекеттик комитети түзүлдү. 1994-жылы ал Мамлекеттик мүлктү башкаруу жана ишкердикти колдоп-кубаттоо Мамлекеттик комитетине айландырылды. Чакан менчиктештирүү 1994-жылы эле аяктады. Мүлктү мамлекеттин карамагынан чыгаруу жана менчиктештирүү боюнча 20 дан ашуун нормативдик документ кабыл алынды. 1995-жыл эл чарбачылыгында массалык менчиктештирүү доору болду. 1998-жыл менчиктештирилген ишканалардын кескин көбөйүшү менен мүнөздөлөт. Мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү боюнча жүргүзүлгөн кең көлөмдүү иштердин натыйжасында көп укладдуу экономика жана мүлк ээлери классы пайда болду.

Өзбекстан Республикасы ал мезгилде өзүнүн валютасына ээ эместиги, мамиледе 1961–1992-жылдарда чыккан рубль болгондугу үчүн, айрым азык-түлүк жана өнөр жай продукцияларына өздүк наркына караганда арзан баа белгиленгендиктен, аларды республикадан тышка алып чыгып кетүү күчөй баштады жана өлкөбүздө калкты негизги керектөө продукциялары менен камсыздоодо кыйынчылыктар туулду.

> **!**
> **Өзүңдү сына!**
> Экономикалык-административдик уюм – бул ...
> Беш принцип – бул ...
> Менчиктештирүү жараяны – бул ...
> Реформанын баскычтары – бул ...

**Улуттук валютанын кабыл алынышы**. Өзбекстан мамлекеттик эгемендүүлүккө чыгып, өзүнүн улуттук валютасын мамилеге чыгарууга киришти. Бирок бул жараян үчүн убакыт, тажрыйба керек болчу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошондуктан Өзбекстан 1991–1993-жылдарда мурдагы Союздан калган рублдин зонасында тура турду. Советтерден кийинки доордо жалпы дүң продукция өндүрүүнүн кескин төмөндөшү натыйжасында рублдин баркы да тиешелүү түрдө төмөндөп отурду. Өзбекстан жаңы улуттук валютаны мамилеге киргизүү ишине өзгөчө көңүл бурду. 1992-жылы мамилеге чыгаруу үчүн сум-купондун үлгүлөрү даярдалды жана 1993-жылдын 1-ноябрында Өзбекстанда сум-купон мамилеге чыгарылды. Анын курсу мурда мамиледе болгон рублге теңештирилди. Өзбекстандын жетекчилери сум-купондун негизинде керектүү тажрыйбага ээ болду, чыныгы улуттук валютаны киргизүү чараларын көрдү.

Өзбекстан Президентинин «*Өзбекстан Республикасынын улуттук валютасын мамилеге чыгаруу жөнүндөгү*» указы боюнча, 1994-жылдын 1-июлунан баштап республиканын аймагында жалгыз, чектелбеген жана мыйзамдык төлөө каражаты иретинде улуттук валюта – сум мамилеге чыгарылды.

**Эсте сакта!**

Мамилеге 1994-жылы 1, 3, 5, 10, 25, 50, 100 сумдук, 1997-жылдан 200, 2000-жылдан 500, 2001-жылдан 1000, 2013-жылдан 5000, 2017-жылдан 10 000 жана 50 000 сумдук банкноттор чыгарылды.

**Заманбап транспорт-коммуникация системасынын калыптанышы.** Республика эгемендүүлүккө чыккандан кийин транспорттун экономикага жана калкка кызмат көрсөтүү сапатын жакшыртуу жана тармактын башкаруу системасын өркүндөтүү максатында «Өзбекстан аба жолдору» улуттук авиакомпаниясы (1992-ж.), «Өзбекстан автомобиль транспорту» («O‘zavtotrans») мамлекеттик-акционердик компаниясы (1993-ж., 1998-жылдан Өзбекстан автомобиль жана дарыя транспорту агенттиги), «Өзбекстан темир жолдору» акционердик компаниясы (1994-ж.) жана башкалар түзүлдү. Өлкөдө транспорт ишканалары мамлекеттин катышуусундагы акционердик компания, корпорация, ачык түрдөгү акционердик жана жоопкерчилиги чектелген коомдорго, жамаат ишканаларына айландырылды.

Алгачкы жылдарда эл аралык талаптарга жооп берген автомобиль жолдорун куруу, барын эл аралык үлгүгө келтирүү пландаштырылды. Өзбекстандын Борбордук Азияда туткан ордуна карай өлкөдө өнөр жай жана башка тармактарды өркүндөтүү, кошуна мамлекеттер менен экономикалык байланыштарды өнүктүрүү максатында 1996-жылдан Ташкент–Андижан–Ош магистралынын 100 км ден ашуун



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бөлүгүндө Камчык жана Резак туннелдери пайдаланууга тапшырылды. Алматы–Бишкек–Ташкент–Термез жана Самарканд–Бухара–Ашгабад–Түркмөнбашы автомобиль жолу, Европаны Кавказ аркылуу Азия менен байланыштырган автомобиль жолунун (Европа-Кавказ-Азия транспорт жолунун бир бөлүгүнүн) республиканын аймагынан өткөн бөлүгүн ремонттоо иштери аткарылды. Өзбекстанды Казакстан аркылуу Россия Федерациясы менен байланыштырган 340 км лүү Коңурат–Бейнау автомобиль жолу курулушунун биринчи баскычы аякталды.

Өзбекстандын бир бүтүн темир жол тармагын түзүү боюнча 1994–2001-жылдарда узундугу 700 км ге жакын Навоий–Үчкудук–Нукус темир жолу куруп бүтүрүлдү.

Республиканын аймагында бардык транспорт түрлөрүнүн жүк жана жүргүнчү ташуу иштерин мыкты абалга келтирүү, коммуникацияларды тез өнүктүрүү, транспортто жүк жана жүргүнчү ташуу жаатындагы шериктештикти кеңейтүү, ошондой эле трансулуттук транспорт коридорлорун өнүктүрүү боюнча иштерди координациялоо максатында 2004-жылы «Өзбекстан транспорт жана транспорт коммуникациялары уюму» түзүлдү. Уюмдун курамына «Өзбекстан темир жолдору» мамлекеттик-акционердик компаниясы, «Өзбекстан аба жолдору» улуттук авиакомпаниясы, Өзбекстан автомобиль жана дарыя транспорту агенттиги, «Өзавтожол» компаниясы, транспорт коммуникацияларын куруу менен алектенген республика долбоорлоо жана курулуш уюмдары кирди.


Бул доордо «Өзбекстан аба жолдору» белгиси менен учкан самолёттор түрдүү мамлекеттердеги 40 тан ашуун аэропортко туруктуу каттай баштады. Авиация жаатында ишке ашырылган өзгөрүштөр өлкөбүздүн экономикасын чыңдоого, анын дүйнөлүк көлөмдөгү аброюн дагы да жогорулатууга кызмат кылды.

Темир жол курулушунда да бир топ иштер аткарылды. 2001-жылы 341 км лүү Навоий–Үчкудук–Султанзаада багыты, 2007-жылы узундугу 220 км болгон Гузар–Байсун–Кумкоргон багытынын курулушу аягына чыккан. Өзбекстан менен Ооганстандын ортосундагы сооданын, транзиттик байланыштардын өнүгүшү жана Өзбекстанды деңиз транспортуна алып чыга турган эң жакын жол Ооганстан аркылуу өтүшүн эсепке алган түрдө бир топ жаңы темир жолдорду куруунун



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Өзбекстан темир жолдорунун картасы.

долбоорлору иштеп чыгылды. 2010-жылы Өзбекстан Ооганстан үчүн стратегиялык мааниге ээ болгон долбоорду ишке ашырды, б. а. Хайратон–Мазари Шариф темир жолунун 75 километрин куруп берди. Бул өндүү транзиттик долбоорлордун ишке ашырылышы Өзбекстан тышкы соода географиясынын кеңишине негиз болуп кызмат кылат.




Камчык туннели.

2016-жылдын июнунда Ангрен–Пап темир жолу жана Камчык туннели ачылды. Камчык ашуусу аркылуу өткөн Ангрен–Пап тармагынын курулушу Фергана өрөөнүн Өзбекстандын башка аймактары менен байланыштырууга шарт түздү. Темир жолдун узундугу 123,1 км ди түзүп, бул долбоордун чегинде узундугу 19,2 км ден турган темир жол туннели курулду.



«Afrosiyob» поезди.

Өзбекстан Республикасынын өкмөтү жүргүнчү ташуу жаатында жаңы технологияларды колдонуу боюнча Ташкент–Самарканд багы-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тында тез жүрүүчү жүргүнчү поездин ишке түшүрдү. Бул поезд Самаркандда жайлашкан байыркы шаардын урматына «Afrosiyob» деп аталды. 2011-жылдын октябрынан баштап андан коммерциялык максатта пайдалануу жолго коюлду. Ошол жылы экинчи поезд да алып келинип, 2012-жылдын майынан каттоого коюлду.

**Эсте сакта!**

Мындай эң заманбап тез жүрүүчү поезддин 2015-жылы Каршы багыты, 2016-жылы Ташкент–Бухара багыты, 2018-жылы Ташкент–Хива багыты ишке түшүрүлдү. Поезд максималдуу ылдамдыгын саатына 250 км ге чейин тездетиши мүмкүн.

Эгемендүүлүк жылдарында Ташкент метросунун курулушу да тез темптер менен улантылды. 2001-жылдын августунда Юнусабад багытынын 6 бекеттен турган биринчи бөлүгү пайдаланууга тапшырылып, жүргүнчү ташуу жолго коюлду.

2016-жылы Ш. Мирзиёевдин демилгеси менен Ташкент метросунун 7,1 км ден турган Сергели линиясы үстүндө курулуш иштери башталды. Жаңы линияны 2020-жылга чейин пайдаланууга тапшыруу белгиленген. Метронун Сергели линиясы бүгүнкү күнгө чейин Борбордук Азияда колдонулбаган таптакыр жаңы – эстакада усулунда курулуп жатат. Мында жол көпүрө сымал көрүнүштө курулат, ал эми поезддер жердин үстүндө аракеттенет.

Өзбекстан дүйнөдө деңизге тикеден-тике чыгуу мүмкүнчүлүгү чектелген 34 мамлекеттин бири. Ошондуктан аба транспорту республиканын экономикасында өзгөчө мааниге ээ. 2012-жылга келип авиакомпания заманбап самолёттор менен камсыздалды. «Өзбекстан аба жолдору» авиакомпаниясы дүйнөнүн 25 тен ашуун мамлекетине учуп, жылына дээрлик 75 миң транзиттик багыттагы аба аракеттерин башкарып жатат. Ошондой эле, авиакомпаниянын курамындагы соңку муун авиация техникаларына кызмат көрсөтүү жана аларды ремонтто боюнча Борбордук Азиянын аймагында жалгыз сервис борбору тарабынан 320 чет өлкөлүк авиакомпаниялардын самолётторуна авианавигациялык кызматтар көрсөтүлө башталды. Өзбекстан Улуттук Авиакомпаниясы Boeing-757/767, А-320 самолётторуна, өлкөбүздө иштеп чыгарылган Ил-114–100 заманбап лайнерлерине, Boeing-767-300 ER жүк ташуучу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



«Uzbekistan» аба лайнери.

самолётторуна ээ болду. 2016-жылы жаңы муун самолёту – Boeing-787 Dreamliner алып келинди. Эл аралык рейстердин картасына көңүл бурсак, Өзбекстан КМШнын бардык ири шаарлары жана дүйнөнүн АКШ, Германия, Улуу Британия, Швейцария, Индия, Түркия, Саудия Аравиясы, Түштүк Корея, Сингапур сыяктуу элүүгө жакын мамлекеттери менен түздөн-түз аба аркылуу байланышты.

«Өзбекстан аба жолдору» авиакомпаниясынын курамындагы 11 (Ташкент, Нукус, Самарканд, Бухара, Үргенч, Термез, Каршы, Наманган, Андижан, Фергана, Навоий) заманбап аэропорт дүйнөлүк деңгээлде модернизацияланды. 2017-жылы Ислам Каримовдун ысымы

> **!**
>
> **Өзүңдү сына!**
>
> Эл аралык аэропорт – бул ... 2018-жыл – бул ... 2016-жыл – бул ...
>
> «Afrosiyob» поезди – бул ... 2012-жыл – бул ... 2007-жыл – бул ...

берилген Ташкент эл аралык аэропорту Борбордук Азиядагы ири эл аралык аэропорттордон бири саналат. Бухара, Самарканд жана Үргенч аэропорттору эл аралык аэропорт статусуна ээ болду.



«O‘zDAEWOO орток ишканасында иштеп чыгарылган алгачкы автомашиналар.

**Улуттук автомобиль куруу өнөр жайы.** 1992-жылдын августунда Ташкентте Түштүк Кореянын «DAEWOOMotors» корпорациясы менен Өзбекстандын «Avtoqishxo‘jmash» мамлекеттик концерни ортосунда Андижан облусунун Асаке шаарында автомобиль иштеп чыгаруучу «O‘zDAEWOOavto» орток ишканасын куруу жөнүндөгү келишимге кол коюлду. Анын түзүүчүлөрү «DAEWOOMotors» корпорациясы менен «O‘zavtosanoat» уюму болуп, эки жактын тең орток ишканадагы үлүшү бирдей санда – 50 % дан белгиленди. Ишкананын курулушуна алдыңкы технологиялар, тажрыйбалуу инженерлер, өзбекстандык жаш-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


«MAN» жүк машиналары.

тар тартылды. 1000 ден ашуун өзбекстандык жаштар Түштүк Кореяга барып, «DAEWOO» компаниясында эмгектенип, автомобиль өндүрүү боюнча тажрыйба үйрөнүп катышты. 1996-жылдын июлунда «O‘zDAEWOOavto» орток ишканасы ачылды.

Учурда «O‘zavtosanoat» АКна кирген «GM Uzbekistan» АК (2007), «SamAuto» (Самарканд автомобиль заводу, 1999), «MAN Auto Uzbekistan» (2009), «GM Powertrain Uzbekistan» ОИ негизги өндүрүүчү компаниялар иштеп жатат. Ошону менен бирге, Өзбекстан автомобиль куруу өнөр жайында жергиликтештирүү программасын ишке салуу жакшы жолго коюлгандыгы натыйжасында «O‘zavtosanoat» АКнын курамында 75 тен ашуун ишкана иштеп турат.

**Ой толгоо!**

Бүгүнкү күндө эки үй-бүлөдөн бири менчик автомобилге ээ. Бул сүйлөмдү түшүндүрүүгө аракеттенип көр!

Президент Ш. Мирзиёевдин 2017-жылдын июнундагы «Чет өлкө инвестицияларынын катышуусундагы «Uzbekistan Peugeot Citroen Automotive» ишканасын түзүү жөнүндөгү» токтому боюнча, «Жызак» эркин экономикалык зонасында «O‘zavtosanoat» акционердик компаниясы Франциянын «Pejo Sitroen» тобу менен шериктештикте «Peugeot»

**Эсте сакта!**

1996-жылы Андижан облусунун Асаке шаарында Борбордук Азияда биринчи автомобиль заводу ишке түштү. Анда бир нече маркадагы автомобиль өндүрүү жолго коюлду: 1996-жыл – Damas, Tico, Nexia; 2001-жыл – Matiz; 2002-жыл – Nexia DOHC; 2003-жыл – Chevrolet Lasetti; 2004-жыл – Matiz Best; 2006-жыл – жаңыланган Damas; 2007-жыл – Chevrolet Captiva, Epica, Tacuma; 2008-жыл – Nexia II; 2010-жыл – Shevrolet Spark; 2012-жыл – Chevrolet Malibu, Chevrolet Cobalt; 2013-жыл – Lasetti II (Gentra); 2014-жыл – Chevrolet Orlando. 2015-жылы “O‘zavtosanoat” АК тарабынан Malibu II, Ravon улуттук маркасы астында Nexia-3 модели конвейерден чыкты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жана «Citroyon» бренддери астында жүргүнчү жана жүк ташуучу жеңил автомобилдерин иштеп чыгарды. Ал жерде 2019-жылдан баштап жыл сайын ички жана тышкы базар үчүн жеңил коммерциялык автомобилдер иштеп чыгаруучу ишкана курулат.

**Агрардык реформалар.** Эгемендүүлүк жылдарында өкмөт тарабынан кабыл алынган нормативдик-укуктук документтердин негизинде өлкө айыл чарбасында агрардык реформалар ишке ашырылды. Айылда жүргүзүлгөн агрардык реформалардын натыйжасында өлкөдө көп укладдуу чарбалар калыптандырылды. 1990-жылы калктын керектөөсү үчүн зарыл болгон дандын 82 %, картөшкө, эт жана эт продуктуларынын 50 %, сүт жана сүт продуктуларынын 60 % четтен алып келинген. 1991–2000-жылдарда айылда ишке ашырылган агрардык реформалар Өзбекстандын айыл турмушун жаңы форма жана системага салды. Өлкөдө суунун жетишсиздиги эсепке алынып, 1998-жылдан баштап пахтачылыкта Израиль технологиясынын негизинде тамчылатып сугаруу усулу, андижандык пахтакерлердин демилгеси менен үрөндү плёнканын астына эгүү технологиясы колдонулду. Ошондой эле, Өзбекстан кенап, тамеки өстүрүү боюнча да дүйнөдө жетекчи орундарды ээлейт. Мал чарбачылыгын өнүктүрүү максатында Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин 1995-жылдагы «Мал чарбачылыгында менчиктештирүүнү улантуу жана жеке ишкердикти колдоп-кубаттоо чаралары жөнүндөгү» токтому кабыл алынды. Натыйжада республикада өндүрүлүп жаткан эт менен сүттүн 75 % ын жеке сектор бере баштады. Өзбекстанда базар мамилелерине өтүү шарттарында фермер чарбаларынын уюштурулушу агрардык реформалардын негизги мазмунун түздү. 1992-жылы Өзбекстан Республикасынын «Дыйкан (фермер) чарбасы жөнүндөгү» мыйзамынын кабыл алынышы анын алгачкы баскычын белгиледи. 1998-жылы «Фермер чарбалары жөнүндөгү» мыйзамдын кабыл алынышы бул тармактын толук өнүгүшү үчүн укуктук негиз болду.



Фермер чарбанын талаасында



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эгемендүүлүктүн баштапкы жылдарынан жетекчилик азык-түлүк көйгөйүн өз күчү менен чечүүнү, айныкса, дан көз карандысыздыгын камсыздоо маселесин негизги милдет кылып койду. Өлкөдө пахта жеке бийлиги жоюлду. Натыйжада азык-түлүк коопсуздугу, дан көз карандысыздыгы камсыздалды.

Айыл чарбачылыгында жерди суу менен камсыздоо жана анын мелиоративдик абалын жакшыртуу боюнча 2003–2009-жылдарда 801,5 миң АКШ доллары баасында 21 долбоор ишке ашырылды. Бул иш-чаралардын натыйжасында түшүмдүүлүк кыйла жогорулады, фермер чарбаларынын кирешесин көбөйтүүгө өбөлгө түзүлдү.

Мындай иштердин көлөмүн дагы да кеңейтүү максатында заманбап сугат системалары жана энергия үнөмдөөчү технологиялардан пайдалануу, топурактын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча мамлекеттик программалар иштеп чыгылды. 2008–2012-жылдарда өлкөбүздө сугат жерлеринин мелиоративдик абалын жакшыртуунун Мамлекеттик программасы чегинде жалпы узундугу 10 500 км ден ашуун чарбалар аралык жана чарбанын ичиндеги коллектор-дренаж тармактарында бардыгы болуп 60 млрд сумга жакын ремонттоо-калыбына келтирүү иштери аткарылды. 2008-жылдан баштап өлкөбүздө дээрлик 1 500 000 га сугат жердин мелиоративдик абалы жакшыланды, жер асты суулары жогору болгон аянттар 415 миң гектарга же дээрлик 10 % га кыскарды, күчтүү жана орточо шордогон аянттар 113 миң гектарга азайды.

Айыл чарба өндүрүшүн модернизациялоо, техникалык жана технологиялык жактан жаңылоо бул тармактын натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берүүдө. 2010-жылы Журтбашыбыздын демилгеси менен Украина жана Польша мамлекеттеринен алып келинген интенсивдүү технологиялардын негизинде өстүрүлчү жапыз жана жарым жапыз алма, алмурут, кара өрүк, чие, шабдалы көчөттөрү, негизинен, Ташкент жана Самарканд облустары фермер чарбаларынын аянттарына тигилди. Мындай бактарды кеңитүү, аларды дыйкан фермер чарбаларында отургузуу максатында иш-чаралар программасы иштеп чыгылды. 2017-жылда өлкөбүздө бардыгы болуп 5,5 миң га дан ашуун аянтта мына ушундай бактар тигилген. Учурда алынган түшүм кошуна өлкөлөргө гана эмес, ошондой эле Европа мамлекеттерине да экспорттолууда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

**Дотация** (лат. – белек) – белгилүү каражаттарды каптоо үчүн экономиканын бир субъекти тарабынан экинчисине кайтарып бербестик шарты менен акча каражатынын берилиши.

**Аэронавигация** (лат. – кемеде сүзүү) – учуу аппараттарын тиешелүү аспап жана каражаттар жардамында белгиленген жолдон алып баруу жөнүнүдөгү илим; аба навигациясы.

**Магистрал** (лат. – башкы, негизги) – негизги жол. Каттоо жолу, жалпысынан алганда, тармакталган системалардын негизги бөлүгү.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында Өзбекстанда экономикалык жагдай кандай эле?
2. Өзбекстанда социалдык багытталган экономика системасынын мааниси эмнеде?
3. Өнүгүүнүн өзбек модели жана анын негизги принциптери эмнелерден турат?
4. 2010-жылдан кийинки доордо автомобиль жана темир жолдорду курууда кандай өзгөрүштөр болду?
5. Төмөнкү жадыбалды толтур.

| № | Жараяндын аты | Жылы | Мааниси |
|---|---|---|---|
| 1 | «Afrosiyob» тез жүрүүчү поезди ишке түштү | | |
| 2 | “O‘zDAEWOOavto”нун ишке түшүрүлүшү | | |

## 6-тема. Мамлекет өндүрүш потенциалынын жогорулашы жана дүйнөлүк экономикалык системага интеграциялашуусу

**Экономиканы модернизациялоо.** 2000-жылы башталган экономикалык реформалардын кийинки баскычында экономикага мамлекеттин кийлигишүүсүн төмөндөтүү, чарбаны жүргүзгөн субъекттер ишкердигине кепилдикти күчөтүү жана аларды көзөмөлдөөчү органдардын мыйзамсыз кийлигишүүсүнөн коргоо маселелерине көңүл бурулду. 2002-жылдан баштап импорттун ордун баскан продукцияны өндүрүү жана өндүрүштү жергиликтештирүү программасы ишке ашырыла башталды.

Өзбекстан Республикасы Президентинин 2008-жылдагы «Экономиканын реалдуу сектору ишканаларынын каржылык туруктуулугун дагы да жогорулатуу иш-чаралары жөнүндөгү» указында экономикалык жактан начар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ишканаларды каржылоо, модернизациялоо, техникалык жана технологиялык жактан жаңылоо жараянына коммерциялык банктардын каражаттарын кеңирээк тартууну жолго коюунун иш-чаралары жана банкрот ишканаларды коммерциялык банктарга сатуу же тикеден-тике балансына өткөрүү механизми сунушталды. Мындай ишканаларды модернизациялоо жана стабилдүү өнүктүрүү үчүн инвестицияларды түздөн-түз тартуу максатында менчиктештирилген объекттерге баа белгилөөнүн натыйжалуу механизми киргизилди.

**Ишкерлерди мамлекет тарабынан колдоп-кубатталышы, аларды стимулдаштыруунун механизми.** 2001-жылдан баштап жеке ишкердикти, айныкса, чакан жана орто бизнес ишканаларын өнүктүрүү аркылуу экономиканы кайра куруу ишке ашырылды. 2000-жылы кабыл алынган Өзбекстан Республикасынын «Ишкердик эркиндигинин кепилдери жөнүндөгү» мыйзамы чакан жана жеке ишкердиктин өнүгүшү үчүн дагы да кең мүмкүнчүлүктөрдү ачып берди. Бул менчиктештирилип жаткан ишкананын эмгек жамаатына акцияларды жеңилдетилген шарттар менен сатуу, жаңы мүлк ээсине эскирген негизги фонддорду жана коомдук инфраструктура объекттерин акысыз тапшыруу, мамлекеттик ишканалардын мүлкүн, ферма, бак жана ушул сыяктууларды жеңилдетилген шарттардын негизинде менчиктештирүү, ошондой эле салык төлөөдө айрым жеңилдиктерди берүү сыяктуу учурларда таасын көрүндү. Республикада мүлктү мамлекеттин карамагынан чыгаруу учурунда калк үчүн күчтүү социалдык кепилдиктер жаратылды жана камсыздалды.

2002-жылы «Камсыздандыруу ишкердиги жөнүндөгү» мыйзамдын кабыл алынышы жана Президенттин указы негизинде 2002-жылдын февралынан баштап камсыздандыруу уюмдарынын 3 жыл мөөнөткө киреше салыгынан бошотулушу өлкөбүздө камсыздандыруу базарын дагы да эркиндештирүү жана өнүктүрүүгө кызмат кылууда.

**Чакан бизнес жана жеке ишкердиктин калыптанышы жана өнүгүшү.** Эгемендүүлүккө чыгуу Өзбекстанды эволюциялык өнүгүү жолуна кайтууга шарт түздү. «Өзбек модели» концепциясынын негизинде башталган экономикалык жана коомдук реформалар республикада ишкердиктин өнүгүшүнө кең мүмкүнчүлүктөрдү ачып берди.

Чакан бизнес жана жеке ишкердикти өнүктүрүү бир нече баскычта алып барылды.

**Биринчи баскыч – 1991–1996-жылдар.** Бул баскычта мүлктү мамлекеттин карамагынан чыгаруу жана менчиктештирүү, базар эконо-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

микасын орнотуунун негизи болгон чакан мүлк ээлеринин классын калыптандыруудан башталды. Бул баскычта жеке ишкердикти өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарт, менчик мүлктү коргоонун Конституциялык укук жана кепилдиктерин камсыздоочу мыйзамдар кабыл алынды.

**Экинчи баскыч – 1996–2000-жылдар.** Бул баскычта кең көлөмдүү менчиктештирүү ишке ашырылды, экономикага жеке капиталды тартуу мүмкүнчүлүктөрү кеңитилди, алгачкы жеке коммерциялык банктар жана банктан тышкары каржы институттары (кредиттик уюмдар) ишкердигин баштады. 1996-жылы эл аралык экономикалык мейкиндикте жүргөн пахта кризиси анын баасын төмөндөшүнө, республиканын экономикасына валюта түшүмүн камсыздаган бул чийки заттын экспортунан түшчү кирешенин ошол эле жылы 15 % га кыскарышына себепчи болду. Ошондой эле, 1998–1999-жылдарда аба-ырайынын ыңгайсыз келиши пахтанын түшүмдүүлүгүнө олуттуу зыян жеткирди, натыйжада экспорт 25 % га кыскарды. Натыйжада өкмөт импорттун ордун баскан өндүрүштү колдоп-кубаттоого жана кыйынчылык менен алынып жаткан валютанын корун сактоого, андан өнүмдүү пайдаланууга өзгөчө көңүл бурду.

**Үчүнчү баскыч – 2000–2016-жылдар.** Бул баскычта жеке ишкердикти кең көлөмдө өнүктүрүү үчүн шарт түзүү жана аны кепилдөөгө багытталган бир топ укуктук-нормативдик документтер кабыл алынды. Алсак, 2000-жылы кабыл алынган «Ишкердин эркиндиктерин кепилдөө жөнүндөгү» мыйзам менен ишкердик субъекттерин мамлекеттик каттоодон өткөрүү механизми жөнөкөйлөштүрүлдү, жарандардын ишкердикте эркин катышуусу жана пайда көрүшү үчүн кепилдиктер жана шарттар түзүлдү, ишкерлердин жеңилдик берүүчү насыя алышы үчүн укуктары бекемделди.

2008-жылы дүйнөлүк каржы-экономикалык кризистин терс таасирин жоюу боюнча чакан бизнес субъекттеринин коммерциялык банктары кредит ресурстарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгү кеңитилди, өндүрүүчү чакан ишканалар үчүн жеке салык төлөөнүн ставкасы төмөндөтүлдү.

Өзбекстан Республикасы Президентинин «2011–2015-жылдарда Өзбекстанда экономикалык реформаларды дагы да терендештирүү иш-чаралары жөнүндөгү» жана «Чакан бизнес жана жеке ишкердик жылы» мамлекеттик программасы жөнүндөгү» токтомдору менен экономиканы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

эркиндештирүү жана модернизациялоо, өлкөдө ыңгайлуу ишкердик чөйрөсүн калыптандыруунун негизги багыттары белгилеп берилди.

**Төртүнчү баскыч** – 2016-жылдан башталды. Президент Шавкат Мирзиёевдин 2016-жылдын 5-октябрындагы «Ишкердикти тез темптер менен өнүктүрүүнү камсыздоо, менчик мүлктү ар тараптан коргоо жана ишкердик чөйрөсүн сапат жагынан жакшыртуу боюнча кошумча иш-чаралар жөнүндөгү» указы менен ишкердикти дагы да өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулду. 2018-жылы бекитилген «Активдүү ишкердикти, инновациялык идея жана технологияларды колдоп-кубаттоо жылы» мамлекеттик программасында ишкердик субъекттеринин каржы-чарбалык ишин текшерүүгө эки жыл мөөнөткө мораторий (токтотуп туруу) жарыяланды.

**Эркин жана атайын экономикалык зоналар, алардын мааниси.** 1996-жылы Өзбекстан Республикасынын «Эркин экономикалык зоналар жөнүндөгү» мыйзамы кабыл алынды. Мыйзам боюнча. эркин экономикалык зона дегенде, белгилүү аймакты тез социалдык-экономикалык өнүктүрүү үчүн мамлекет жана чет өлкө капиталын, жаңы технология жана башкаруу тажрыйбасын тартуу максатында түзүлгөн, анык белгиленген административдик чек аралары жана өз алдынча укук-тартибине ээ атайын ажыратылган аймакты түшүнөбүз. Президентибиздин 2008-жылы «Навоий облусунда эркин индустриалдык-экономикалык зона түзүү жөнүндөгү» указынын негизинде «Навоий» эл аралык интермодалдык логистика борбору түзүлдү. 2013-жылы Өзбекстан Республикасы Президентинин «Жызак» атайын индустриалдык зонасын түзүү жөнүндөгү» жана «Ангрен» атайын индустриалдык зонасын түзүү жөнүндөгү» указдары кабыл алынды. Аларда атаандаштыкка чыдамдуу продукция өндүрүүнү камсыздаган заманбап, жогорку технологиялуу өндүрүштү уюштуруу үчүн чет өлкө жана жергиликтүү инвестицияларды тартуу, ал үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү, өндүрүш жана ресурс

**Эсте сакта!**

Президент Шавкат Мирзиёевдин 2017- жылдын 2-сентябрындагы токтому боюнча, өлкөдө 5-сентябрдан баштап жеке жана юридикалык адамдар чет эл валютасын эч кандай чектөөсүз алмаштыра баштады. Бул сумду конвертациялоо боюнча өтө маанилүү кадам болду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ой толгоо!**

Ишкердик жолундагы ар кандай тоскоолду алып таштоо мамлекет жетекчиси иретинде менин эң чоң милдетим болуп саналат. Ишкердин жолуна тоскоол болуу мамлекетке чыккынчылык эсептелет.

*Шавкат Мирзиёев*. 2017-жылдын 7-декабры.

потенциалдарынан эффективдүү пайдалануу, жаңы иш орундарын жаратуу жана калктын кирешесин жоргорулатуу көздө тутулган.

Экономикалык зоналар кирип келген инвестициянын санынан келип чыгып, 3 жылдан 7 жылга чейин мөөнөткө бажы жана салык төлөмдөрүнөн бошотулат. Өзбекстан Республикасы Президентинин 2016-жылдын октябрындагы «Ургут», «Гыждуван», «Кокон» жана «Хазорасп» эркин экономикалык зоналарын түзүү жөнүндөгү», 2017-жылдагы «Эркин экономикалык зоналардын ишкердигин активдештирүү жана кеңитүү боюнча кошумча иш-чаралар жөнүндөгү» указдарынын негизинде, учурда (2018) өлкөдө 10 жерде 14 эркин экономикалык зона иштеп жатат. «Навоий», «Ангрен», «Жызак», «Ургут», «Гыждуван», «Кокон» жана «Хазорасп» эркин экономикалык зоналарында 62 долбоор ишке ашырылган, 4600 дөн ашуун иш орду жаратылган. Фармацевтикага адистешкен «Нукус-фарм», «Заамин-фарм», «Касансай-фарм», «Сырдарыя-фарм», «Байсун-фарм», «Бостанлык-фарм», «Паркент-фарм» сыяктуу 7 жаңы ишкананы куруп, пайдаланууга тапшыруу иштери ырааттуу жүргүзүлүүдө. Президенттин 2016-жылдагы указы боюнча, «Навоий» эркин индустриалдык-экономикалык зонасы, «Ангрен» жана «Жызак» атайын индустриалдык зоналарынын аталыштарын бирдей кылуу максатында алар мындан ары «Навоий», «Ангрен» жана «Жызак» эркин экономикалык зоналар деп аталчу болду.

**Салык системасы**. 1991-жылдын августунда Өзбекстанда эң заманбап формада, жаңы типтеги салык системасы жаратылды. Салык органдары 1991-жылы кабыл алынган «Ишканалар, бирикмелер жана уюмдардан алына турган салыктар жөнүндөгү» мыйзамдын жана 2008-жылы жаңы редакцияда кабыл алынган «Өзбекстан Республикасы Салык кодексинин» негизинде иш жүргүзөт.

Медицина, билим берүү жана спорт объекттерин сактоонун каражаттарын ишканалардын салыкка тартылчу базасынан чыгаруу, соодада илгери болгон үч төлөмдүн ордуна бир гана салык төлөө, өнүккөн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мамлекеттер тажрыйбасынын негизинде жарандардын жылдык кирешелерин декларациялоо киргизилди.

2008-жылдан кийинки доордо да өлкөдө чакан бизнес жана жеке ишкердик туруктуу өнүктү. Чарба жүргүзүүчү субъекттердин салык жүгүн азайтуу, микрофирма жана чакан ишканалар үчүн жеке салык төлөмүнүн 10 % дан 8 % га, 2009-жылы 7 % га, кийинчерээк бул көрсөткүчтүн 5 % га түшүрүлүшү, жеке адамдардан киреше салыгы ставкаларынын азайтылышы жана аны эсептөө тартибинин өркүндөтүлүшү ишкердик, чакан жана жеке бизнести ырааттуу өнүктүрүү үчүн стимулдоочу факторлорду жаратты.

2017–2021-жылдарда Өзбекстан Республикасын өнүктүрүүнүн беш негизги багыты боюнча Аракеттер стратегиясында белгиленген салыкка тартуу системасын ырааттулук менен жөнөкөйлөштүрүү, салык салынчу базаны кеңитүү аркылуу салыктын жүгүн төмөндөтүү сыяктуу милдеттер белгиленген. Аларды аткаруу боюнча, ошондой эле, салыкты башкаруунун

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

**Эркин экономикалык зона** – бул зоналарда базар экономикасынын ачык системасы түзүлөт. Чет өлкөлүк жана улуттук ишкерлер үчүн ыңгайлуу, артыкчылыктуу шарттар түзүлөт.

**Атайын экономикалык зона** – бул зоналар өз алдынча статуска ээ болот. Атайын артыкчылык жана жеңилдиктердин негизинде соода жана бажы мүмкүнчүлүктөрү берилет.

**Эркин индустриялык-экономикалык зона** – бул зоналарда ишканалардын ишин тездештирүү, өнөр жайды модернизациялоо, ички базарды товар менен толтуруу, экспорт-импортту кеңитүү ишке ашырылат.

**Атайын индустриялык зона** – бул зоналарда жаңы технологияларды өздөштүрүү, өзгөчө багыттагы өнөр жайды өнүктүрүү, аймактын өзүнө мүнөздүү мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алган түрдө атайын өнөр жай продукцияларын өндүрүү уюштурулат.

**Логистика** (*грек.* logistike – эсептөө, талкуулоо өнөрү) – адам ишкердигинин тигил же бул тармагын материалдык-техникалык камсыздоону башкаруу системасы.

**Конвертация** (*лат.* convertatio – өзгөртүү, айландыруу) – улуттук валютаны учурдагы курс боюнча чет өлкө валютасына эркин жана чектелбеген санда алмаштыруу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

заманбап усулдарын колдонуу, салык жана башка милдеттүү төлөмдөрдүн чогултулушун жогорулатуу максатында 2017-жылдын 18-июлунда Өзбекстан Республикасы Президентинин «Салыкты башкарууну түптөн өркүндөтүү, салык жана башка милдеттүү төлөмдөрдүн чогулушун жогорулатуу иш-чаралары жөнүндөгү» указы кабыл алынды. 2018-жылдын 1-январынан салык органдары менен салык төлөөчүлөрдүн ортосунда аларга салыкка тартуу маселелерин чечүүдө ар тараптан жардам берген түрдө кеңейтилген маалымат алмашууну камсыздоочу салыкты текшерүүнүн заманбап формасы – салык мониторингин киргизүү белгиленди.

?

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. 2017-жылы өлкөбүздө валюта жаатында кандай өзгөрүштөр болду?
2. Өзбекстанда менчиктештирүү жараяндары жана мүлк ээлери класынын калыптанышы боюнча мамлекет тарабынан ишке ашырылган саясатка баа бер?
3. Өзбекстанда айыл чарбасы боюнча реформалардагы жетишкендиктер жана көйгөйлөр эмнелерден турат?
4. Мамлекеттин экономикалык өнүгүшүндө транспорт системасы, темир жана аба жолдорунун мааниси жөнүндө пикир билдир.
5. Экономикалык өнүгүүдө чет өлкөнүн инвестициясын алып кирүү саясатынын маанисин түшүндүр.
6. Эркин экономикалык зона дегенде эмнени түшүнөсүң?

## 7-тема. Социалдык саясат жана аны ишке ашыруунун баскычтары

**Эгемендүүлүктүн алдындагы коомдук-экономикалык жана демографиялык жагдай.** XX кылымда 70 жылдан ашуун өкүм сүргөн, дүйнөлүк картада «Советтик Социалистик Республикалардын Союзу» деген наам менен чоң аймакты ээлеген, административдик-бюрократтык системага негизделген ири мамлекеттеги туура эмес, натыйжасыз социалдык-экономикалык саясат 1980-жылдардын аягына келип, бардык союздаш республикалар өңдүү Өзбекстан калкынын да жашоо шарттарын оордоштуруп, аны көптөгөн көйгөйлөргө бастырып салды. Бул көйгөйлөрдүн бардыгы 1980-жылдардын аягы – 1990-жылдардардын баштарында Өзбекстанда социалдык кескиндешүүнүн күчөшүнө себепчи болду. Алсак, республикада демографиялык жагдай татаалдашты.

Бирок, калктын мындай өсүшү көп жылдар бою өнөр жай жана экономиканын башка тармактарында иш ордуларын көбөйтүү жана калктын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Эсте сакта!**

Бул доордо калктын орточо жылдык өсүү темпи 2,8 % ды түзгөн. 1991-жылга келип өлкөдө калктын саны 20,7 млн адамдан ашып, 1990-жылга салыштырмалуу 386,0 миң адамга көбөйгөн. Бул болсо Өзбекстанда калктын өсүү темпи Союздун темпине караганда үч эседен көбүрөөк жогору болгонун көрсөтөт.

жашоосу үчүн зарыл шарттарды жаратуу менен коштолбоду. Бул болсо адамдардын жашоо шарттарынын оордошуна, жумушсуздар санынын көбөйүшүнө, коомдук эмгек өнүмдүүлүгүнүн жана калктын кирешелерини төмөндөшүнө, натыйжада, элдин турмушунун төмөндөшүнө алып келди. Республикадагы социалдык абал, адамдардын социалдык камсыздалышы жана аларды социалдык жактан коргоо канааттанарлуу деңгээлде эмес эле. Айныкса, айыл калкынын таза ичилүүчү суу жана табигый газ менен камсыздалышы болгону 5 % ды, ичилүүчү суу менен камсыздалышы дээрлик 50 % ды, табигый газ менен камсыздалышы 17 % ды түзгөн. Калкты турак-жай, саламаттыкты сактоо, маданий, тейлөө кызматы объекттери, мектеп, балдар бакчасы жана у. с. менен камсыздоодо алга жылыштар болбоду. Бирок, калктын көпчүлүк бөлүгү айылда жашаган.

Мындай жагдай Өзбекстан калкынын кирешелеринин жана жашоо деңгээлинин кескин төмөндөшүнө алып келди.

**Эсте сакта!**

2018-жылдын 1-январь абалына Өзбекстандын калкы 2017-жылга караганда 1,7 % га көбөйгөн жана 32,65 млн адамды түзөт. Ошонун катарында, шаардын калкы бардык калктын 50,6 % ын, айылдын калкы 49,4 % ын түзөт. Калкынын саны 3 млн адамдан ашкан аймактардын саны 4 өө болуп, аларга Самарканд, Фергана, Кашкадарыя жана Андижан облустары кирет. Өзбекстанда Орто Азиядагы бардык калктын 1/3 бөлүгүнөн көбүрөөгү жашайт.

Коомдук инфраструктура: саламаттыкты сактоо, элге билим берүү, мектепке чейин билим берүү мекемелеринин 60 пайызы начар имараттарга жайлаштырылган. Бул болсо ошол доордо адамдын ар тараптан жеткилең эрезеге жетиши, анын руханий өнүгүшү тургай, жашоо үчүн зарыл эң жөнөкөй нерселердин да жетишпегенин көрсөтөт.

**Социалдык саясат концепциясынын калыптанышы.** Калкты социалдык жактан коргоо мамлекет саясатынын башкы багыты эсептелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Эсте сакта!**

Калкты социалдык коргоонун иш-чаралары системасындагы эң негизги багыт – бул нарктарды эркиндештирүү, ошондой эле акчанын барксыздануу деңгээлинин жогорулашына байланыштуу кирешелердин эң аз жана орточо деңгээлин регулярдуу жогорулатып баруудан турат.

Ислам Каримов тарабынан иштеп чыгылган беш принциптин маанилүү бөлүгү калкты социалдык коргоо экендиги да ошону менен байланыштуу. Өкмөт мына ушул беш принциптин негизинде өтүү доорунда калкты социалдык коргоо боюнча иш-чараларды көрдү. Бул чаралар адамдардын турмуш деңгээлин кескин төмөндөп кетүүсүнүн алдын алууда маанилүү роль ойноду.

Өлкөдө социалдык багытталган базар экономикасын орнотууда мамлекет тарабынан күчтүү социалдык коргоо саясаты жүргүзүлдү. Социалдык саясат Өзбекстандын келечеги жана өнүгүү жолунун жетекчи принциптеринен бири эсептелет. Республикада социалдык коргоонун укуктук негизи жаратылды, ага мыйзамдык негиз салынды. Социалдык коргоонун принциптери Өзбекстан Республикасынын Конституциясында кепилденип, кабыл алынган мыйзамдарда чагылдырылды. Мамлекетте киреше алуунун кепилдениши жолго коюлду

Эң аз эмгек акы жана башка төлөмдөр, адатта, мурдатан көбөйтүп келинди, нарктын жогорулашы менен байланыштуу жүргүзүлдү, бул болсо калктын төлөө жөндөмдүүлүгүн сактап калынышын камсыздады жана жашоо деңгээлинин кескин төмөндөп кетишине жол бербеди.

Калкты социалдык коргоонун экинчи багыты – ички керектөө базарын коргоо, ошондой эле азык-түлүк продукциялары менен азык-түлүк эмес товарлардын негизги түрлөрүн керектөөнү белгилүү деңгээлде сактап туруу эле. Буга жетишүүдө негизгиси продукциялардын экспортун бажы системасы аркылуу көзөмөлдөө жана аларга жогорку бажы төлөмдөрүн колдоо, күндөлүк керектөө товарларын нормалаштырып сатуу сыяктуу иш-чаралар чоң мааниге ээ болду.

Экономикалык реформалардын алгачкы баскычында социалдык саясатты ишке ашыруунун үчүнчү багытын – калктын аз камсыздалган катмарын социалдык коргоо жана колдоп-кубаттоо боюнча иш-чаралар түздү. Бул багытта калктын социалдык жактан начар катмары – пенсионерлер, майыптар, көп балалуу жана аз кирешелүү үй-бүлөлөр, жумуш-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

суздар, окуучу жаштар, ошондой эле белгиленген санда киреше алуучу адамдар түрдүүчө жолдор менен коргоого алынды.

1992–2017-жылдарда эмгек акы, пенсия жана стипендиялардын саны бир нече жолу ашырылды. Пенсионерлердин социалдык абалын этибар алып, эң аз пенсиянын абсолюттук саны эмгек акынын эң аз санынан жогорураак болушу токтоосуз түрдө камсыздап келинди. Мындай жол социалдык адилеттүүлүк принциптерине шайкеш эле.

1994-жылга келип, Өзбекстанда калкты социалдык коргоо системасы таптакыр өзгөртүлдү. Социалдык жардам көрсөтүүнүн таптакыр жаңы, алдыңкы системасы калыптандырылды. Бул системанын негизги өзгөчөлүгү – балдар жана аз кирешелүү үй-бүлөлөр жардам көрсөтүлчү негизги адамдар эле.

1994-жылдын сентябрынан баштап, бардык балалуу үй-бүлөлөр үчүн жеке жөлөк пулу дайындалды. Мындай жардам адамдарга жакын турган маала жыйындарында ишке ашырыла турган болду.

1996-жылдын декабрында балалуу үй-бүлөлөргө социалдык жардам көрсөтүүнү күчөтүү, калкты социалдык коргоо боюнча иш-чараларды ишке ашырууда жарандардын өзүн-өзү башкаруу органдарынын ролун жана жоопкерчилигин жогорулатуу максатында «Балалуу үй-бүлөлөрдү мамлекет тарабынан колдоп-кубаттоону дагы да күчөтүү жөнүндө» дагы бир маанилүү указ кабыл алынды. Анда 1997-жылдан баштап жардамга муктаж, балалуу үй-бүлөлөргө балдардын санына карай, эң аз эмгек акынын 50 % ынан баштап 175 % ына чейин жөлөк пулу берилчү болду. Майып балдарды сакайтуу максатында Саламаттыкты сактоо министрлигинин, «Sog‘lom avlod uchun» фондунун демилгеси менен чет өлкөлүк шериктештерди тарткан түрдө, тубаса кемчиликтүү балдарды татаал хирургиялык операция жолу менен дабалоо ишке ашырылды.

**Өз алдынча и**ш!

Төмөнкү маалыматтын негизинде, кошумча адабияттардан пайдаланып, чакан эссе жаз!

1996-жылдан баштап 16 жашка чейин балдары болгон бардык үй-бүлөлөргө берилчү айлык жөлөк пул көбөйтүлүп, балдардын санына карай төмөнкү санда белгиленди: бир балалуу үй-бүлөлөргө – эң аз эмгек акынын 30 %; эки балалуу үй-бүлөлөргө – эң аз эмгек акынын 60 %; үч балалуу үй-бүлөлөргө – эң аз эмгек акынын 80 %; төрт балалуу үй-бүлөлөргө – эң аз эмгек акынын 100 %; беш жана андан көп балалуу үй-бүлөлөргө – эң аз эмгек акынын 120 %.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Карыяларды коргоо**. Өлкөбүздө калктын муктаж бөлүгүн, ошонун катарында, жалгыз карыя, пенсионер жана майыптарды социалдык коргоону дагы да күчөтүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Алсак, 2005 – «Саламаттык жылында» 2 миңге жакын жалгыз карыялардын турак-жайы ремонттолду, аз камсыздалган үй-бүлөлөр жана картаң жарандарга материалдык жардамдар көрсөтүлдү.

**Эсте сакта!**

1997-жылдан баштап, жыл сайын 1-класстын окуучуларына окуу куралдарын, окуу китептерин акысыз берүү, аз камсыздалган үй-бүлөлөрдүн башталгыч класста окуган балдарына акысыз кышкы жылуу кийим берүү жолго коюлду.

Өзбекстан Республикасы Президентинин 2006-жылдагы «2007–2010-жылдарда жалгыз карыя, пенсионер жана майыптарды социалдык коргоону жана аларды социалдык тейлөөнү дагы да күчөтүү иш-чараларынын программасы жөнүндөгү» токтому боюнча, «Nuroniy» фондунун эсебинен, калктын социалдык коргоого муктаж катмарына, ардагерлерди дабалоо жайларына, «Saxovat» жана «Muruvvat» үйлөрүнө дары-дармектер жеткирип берилди. Өзбекстан Республикасынын Эмгекти жана калкты социалдык коргоо, Саламаттыкты сактоо министрликтеринин аймактык бөлүмдөрү менен шериктештикте толук диспансердик кароодон өткөрүлдү.

Ташкент шаарында ардагерлерибизге бардык ыңгайлуулуктарга ээ 150 орундуу «Nuroniy» ооруканасы кызмат көрсөтүүдө. Облус ооруканаларынын алдында фонддун облус бөлүмдөрү жана жергиликтүү акимдиктердин жардамы менен уюштурулган жалгыз карыя жана майыптарды акысыз дабалоочу «Nuroniylar xonalari» иш жүргүзүүдө. Республикабыздагы бардык «Saxovat» жана «Muruvvat», «Mehribonlik» үйлөрү, ошондой эле атайын мектеп-интернаттарга демөөрчүлөр тарабынан жыл сайын материалдык жардам көрсөтүлөт. 2015-жылы да карыялар жашоосунун деңгээли менен сапатын дагы да жакшыртуу, аларды матриалдык жана рухий колдоп-кубаттоонун көлөмүн кеңитүү, жашы улуу адамдарга, айныкса, 1941–1945-жылдардагы согуш жана эмгек фронтунун ардагерлерине социалдык, пенсия камсыздоосун жана медициналык тейлөөнү өркүндөтүү максатында, 2015-жыл «Карыяларды урматтоо жылы» деп жарыяланды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жыл сайын согуш катышуучулары менен оорукта эмгектенгендерге акысыз медициналык кызмат көрсөтүлүп жатат, алар санаторий жана курорттордо дабаланышууда, башка керектүү каражаттар менен камсыздалууда.

**Эсте сакта!**

Жыл сайын 9-май «Эскерүү жана кадырлоо күнүнө» байланыштуу согуштун ардагерлери сыйланат. Алсак, Өзбекстан Республикасы Президентинин 2017-жылдын 4-апрелиндеги указы менен Экинчи дүйнөлүк согуштун катышуучуларына 2 млн сумдан акча ыйгарылды. Алардын айрымдарына толук жабдылган үй, Ажы зыяратына акысыз баруу жана кезексиз автомобиль сатып алуу жеңилдиги берилди.

Өлкөбүздө 2007-жылдын «Социалдык коргоо жылы» деп жарыяланышы калктын социалдык коргоосун камсыздоо, анын жашоо жана бейпилдик деңгээлин ырааттуу жогорулатууга багытталган кең көлөмдүү мамлекет саясатынын ишке ашышы болду. Ошонун катарында 2007-жылы муктаж үй-бүлөлөргө мамлекет тарабынан социалдык жардам көрсөтүү механизмдерин жаратууда жарандардын өзүн-өзү башкаруу органдары баш ийүүгө тийиш болгон негизги принциптер дагы да өркүндөтүлдү.



Балдардын медициналык кароосу.

**Эне менен баланын саламаттыгын коргоо**. Республикада эне-менен баланын саламаттыгын коргоого өзгөчө көңүл бурулууда. «Балалыктан майыптар төрөлүшүнүн алдын алуу үчүн жаңы төрөлгөн наристе жана кош бойлуу аялдарда тубаса жана башка патологияны эртерээк аныктоо боюнча «Эне менен баланын скрининги» Мамлекеттик системасын уюштуруу жөнүндө» Министрлер Кабинетинин атайын токтому кабыл алынышы бул тармактын өнүгүшүнө салмактуу салым болду.

Өзбекстан Республикасы Президентинин 2009-жылы «2009–2013-жылдарда калктын репродуктив саламаттыгын чыңдоо, дени соо баланын төрөлүшү, дене жана руханий жактан жеткилең муунду өстүрүү боюнча иштерди дагы да күчөтүү жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу иш-чараларынын программасы жөнүндө» токтому кабыл алынды. Токтом боюнча,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун маалыматы боюнча, 2015-жылга келип Өзбекстанда төрөлүп жаткан балдардын 92 % таптакыр соо. «Балдарды асырайлы» деп аталган эл аралык уюм тарабынан түзүлгөн дүйнөлүк рейтингде Өзбекстан балдардын ден соолугун чыңдоо боюнча кам көрүп жаткан эң алдыңкы жетекчи 10 мамлекеттин катарына кирди.

саламаттыкты сактоо тармагын реформалоо жана бул тармакта сапаттык өзгөрүүлөрдү ишке ашырууну камсыздоо жаатындагы иштер улантылды. Балдарды жугуштуу ооруларга каршы эмдөөнүн деңгээли дээрлик 100 % ды түздү.

Бардык облустардын борборлорунда чоңдор жана балдар үчүн көп тармактуу медицина борборлору, ар бир райондо эң заманбап медициналык жабдуулар менен менен жабдылган айыл врачтык пункттарынын иши жолго коюлду. Учурда республикабызда 3000 ге жакын Айыл врачтык пункту (АВП) иштеп жатат.

2016-жыл Өзбекстанда «Саламат эне жана бала жылы» деп жарыяланды. 2016-жылы элет райондордо жашаган калк, биринчи кезекте, кыз-келиндер үчүн зарыл социалдык, турмуштук жана медициналык шарттарды түзүү, айыл калкын таза ичилүүчү суу, табигый газ менен камсыздоо, тейлөөнүн сапатын дагы да жогорулатуу боюнча иштер ырааттуу улантылды.

Өткөн жылдардын ичинде калктын орточо өмүрү да сезилерлүү жогорулады. Мында орточо көрсөткүч 1990-жылы 67 жашты түзгөн болсо, 2015-жылы 74 жашты түздү. Эркектердин орточо өмүрү 66 жаштан 70 жашка, аялдарда 72 жаштан 76 жашка созулганын адамдардын саламаттыгын коргоо жана жашоо шарттарын жакшыртууга багытталган иш-чаралардын анык жана таасын натыйжасы иретинде баалоого болот.

**Турак-жай куруу**. Эгемендүүлүктүн алдында, эзүүчү система үстөмдүк кылып турган бир кезде, Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримов чексиз кужурмөндүк менен калкты турак-жай

**Өзүңдү сына!**

Орточо өмүр – бул ....

Социалдык коргоо жылы – бул ...

Карыяларды кадырлоо жылы – бул ...

Саламат эне жана бала жылы – бул ...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

менен камсыз кылуу көйгөйүнүн чечимин тапты. Натыйжада 1989–1990-жылдарда 1,5 млн дон ашуун үй-бүлөгө кошумча жер, ал эми 700 миң үй-бүлөгө короо-жай берилди. Өзбекстан Президентинин 2009-жылдын 3-августтагы «Айыл жерлерде турак-жай курулушунун көлөмүн кеңейтүү боюнча кошумча иш-чаралар жөнүндөгү» токтому менен башталган айыл инфраструктурасын жаңылоого багытталган жаратуучулук иштери бүгүн айылдарыбыздын көркүн заманбап архитектуранын негизинде таптакыр өзгөртүүгө кызмат кылып жатат. Алсак, 2009–2016-жылдарда айыл жерлерде 69 557 кооз үлгүлүү турак-жай курулду. Натыйжада 83,5 миңден ашуун үй-бүлөнүн жашоо шарты жакшырды. Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёевдин 2016-жылдын 21-октябрындагы «2017–2021-жылдарда айыл жерлерде жаңыланган үлгүлүү долбоорлор боюнча арзан турак-жайларды куруу программасы жөнүндөгү» токтому бул багыттагы кең көлөмдүү реформалардын уландысы болуп, айылдын курулушунда жаңы баскычты баштап берди. Ошону менен бирге айыл калкынын заманбап жана арзан үйлөргө болгон керектөөлөрүнүн өсүшүнөн келип чыгып, жеңилдетилген кредит берүүнүн шарттары жолго коюлду. Ошондой эле, энергияны үнөмдөгөн материал жана аспаптардын жаңы түрлөрүнөн кеңири пайдалануу курулуп жаткан үйлөрдүн өздүк наркынын төмөндөшүнө жана калктын бардык катмары



Үлгүлүү турак-жайлар.



Арзан турак-жайлар.



Көп кабаттуу турак-жайлар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

үчүн макул нарктардын белгиленишине кызмат кылды. Токтом боюнча, айыл жерлердеги үлгүлүү долбоорлорго кошумча түрдө эки, үч кабаттуу көп батирлүү (2, 3 бөлмөлүү) үйлөр курулду. Ошондой эле калк жыш жайлашкан райондордо короодогу көмөкчү имараттары менен бирге 0,02 га аянтка курулган бир кабаттуу 2 жана 3 бөлмөлүү, аянты 0,04 га болгон жерге жайлаштырылган эки кабаттуу 4 бөлмөлүү арзан үйлөрдүн жаңы үлгүлөрү киргизилди.

Мындан тышкары, 2017-жылдан баштап борбор калаада жана облустарда турак-жайы жок аскер кызматчылар, жаш окумуштуулар жана ички иштер кызматчылары үчүн арзан турак-жайлар курулуп, ээсине тапшырылууда.

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

**Скрининг** (англ. – иргөө) – атайын усул жардамында ооруну эрте жана тез аныктоо үчүн калкты массалык көзөмөлдөн өткөрүү.

**Инфраструктура** – өндүрүшкө жана коомдун жашоосу үчүн зарыл нормадагы шарттарды камсыздоого кызмат кыла турган ар түрдүү тейлөө кызматтарынын жыйнагы.

**Суроо жана тапшырмала**р:

1. «Балдарды асырайлы» уюмунун рейтингинде Өзбекстан канчанчы орунду ээледи?
2. Интернет маалыматтарынан пайдаланып, учурда турак-жайлардын кандай түрлөрү бар экендигин айт.
3. Карыяларды кадырлоо жаатында 2017-жылдын өзүндө ишке ашырылган 3 негизги иш-чараны сана.
4. Төмөнкү жадыбалды толтур.

| № | Балдарды коргоо | Карыяларды коргоо | Энелерди коргоо |
|---|---|---|---|
| | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# IV ГЛАВА. ӨЗБЕКСТАНДА ЭТНИКАЛЫК ЖАНА КОНФЕССИЯЛАР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

## 8-тема. Өзбекстанда улуттар аралык мамилелер жана кең пейилдик

**Улуттар аралык ынтымак идеясы.** Улуттар аралык ынтымак идеясы Жер жүзүндө жашаган бардык этникалык топтордун тең укуктуулук, өз ара урмат жана шериктештиктин негизинде ынтымактуу жашоо идеясы болуп саналат. Улуттар аралык ынтымак идеясы – тынчтык жана туруктуулуктун идеясы. Ал бардык улут жана элдердин тили, каада-салты жана майрамдарынын бирдей өнүгүшүн талап кылат. Улутчулук, фашизм, улуттук жана этникалык көрүнүштөгү согуштарга каршы турган жалгыз агартуучулук идеясы болуп саналат. Айныкса, бүгүн неофашизм баш көтөрүп жаткан, цивилизациялар аралык кагылышуулар жүрүп жаткан шарттарда улуттар аралык ынтымак идеясы чоң мааниге ээ болду.

**Эсте сакта!**
Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 8-статьясында «Өзбекстан элин, улутуна карабастан, Өзбекстан Республикасынын жарандары түзөт», деген маанилүү эреже белгилеп коюлган.

Бүгүн Өзбекстанда 138 улуттук-маданий борбор улуттар аралык ынтымактуулук идеясын турмушка колдоп жатат.

Орустардын «Масленница», татарлардын «Сабантуй», уйгурлардын «Сейил» майрамдары, кытайлардын «Чунузе» жаңы жылы, корейстердин «Соллер» жана «Овол-тано» майрамдары белгиленип жатат. Жыл сайын республика боюнча «Биз бир үй-бүлөнүн перзенттерибиз», «Мекен жалгыз жана бирөө гана», «Өзбекстан жалпы үйүбүз» урааны астындагы фестивалдар өткөрүлүп жатат.

**Өзбекстанда улуттар аралык мамилелер**. Өзбекстандын аймагында өзүнүн маданияты жана үрп-адатына ээ 130 дөн ашуун улут жана элдин өкүлдөрү жашайт. Алардын бардыгы өлкөнүн жарандары иретинде бирдей укук жана милдеттерге ээ.



Түрдүү улуттардын өкүлдөрү.

Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 4-статьясында баса бел-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

гиленгендей, Өзбекстан Республикасы өзүнүн аймагында жашаган бардык улут жана элдер тилинин жана үрп-адаттарынын урматталышын камсыздайт, алардын өнүгүшүнө шарт түзөт.

**Эсте сакта!**

Өзбекстан калкынын 80 % ын өзбек, 4,9 % ын тажик, 3,8 % ын орус, 3,6 % ын казак жана 7,7 % ын башка түрдүү улуттардын өкулдөрү түзөт.

Өзбекстанда жашаган түрдүү улут өкүлдөрүнүн маданий талаптарын канааттандыруу үчүн улуттук-маданий борбор (УМБ)лор иштеп жатат. Баштапкы улуттук-маданий борборлор корейс, казак, еврей жана армяндар тарабынан республиканын облустарында 1989-жылы түзүлгөн. Алардын чыныгы өнүгүшү жана өркүндөшү Өзбекстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин башталды. Алардын натыйжалуу иштеши үчүн кеңири шарттар жаратылды. Натыйжада алардын саны жыл сайын көбөйүп отурду.

**Эсте сакта!**

Эгерде 1992-жылы 10 улуттук-маданий борбор иштеген болсо, азыркы күндө өлкөбүздө 138 улуттук-маданий борбор ишкердик жүргүзүп жатат.

Өзбекстан Республикасында жашаган түрдүү улут өкүлдөрүнүн республиканын коомдук, руханий-агартуу иштеринде активдүү катышын камсыздоо улуттук-маданий борборлор ишкердигинин маанилүү багыттарынан бири болуп саналат. Ошондой эле, чет өлкөлөрдөгү ушуга окшош уюмдар жана тарыхый мекендери менен достук, шериктештик, маданий-агартуу байланыштарды орнотуу жана достук карым-катыштарды өнүктүрүү, Республика интернационалдык маданий борбор, түрдүү мамлекеттик жана коомдук уюмдар, ошондой эле чыгармачыл топтор менен шериктештикте өлкөдө жарандардын ынтымактыгын жана улуттар аралык ынтымакты чыңдоого көмөктөшүү улуттук маданий борборлордун негизги милдети саналат. 1992-жылы түзүлгөн Республика Интернационалдык маданий борбор бул улуттук маданий борборлордун ишин жөнгө салып, аларга уюштуруу иштеринде жардам берип келди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Интернационалдык борбор тарабынан жыл сайын эки жолу тил майрамы майрамдалат. Алар – ЮНЕСКО Башкы конференциясынын 30-сессиясында (1999-жыл) 21-февраль – Эл аралык эне тили күнү деп жарыяланып, 2000-жылдан баштап 195 мүчө мамлекетте белгиленип келе жаткан «Эл аралык эне тили күнү» жана өзбек тилине мамлекеттик тил статусу берилген күн. Ошондон улам жыл сайын салт иретинде өзбек тили боюнча сөзгө чечендик өнөрүнүн сынагы уюштурулат.

**Өзүңдү сына!**

Эл аралык эне тили күнү – …
Интернационалдык борбор – бул …
Өзбекстандын калкы – бул …
Улуттар аралык ынтымак – бул …

**Өзбекстан – боору кең өлкө**. Тарыхтан белгилүү болгондой, өзбек эли башынан өткөргөн оор куугунтук жана экинчи дүйнөлүк согуш жылдары аябай жабыркаган корейстер, немистер, түрктөр, поляктар, гректер, крым татарлары жана башка улут өкүлдөрү Өзбекстанды Мекен деп билишти. Алардын урпактары үчүн Өзбекстан Ата мекенге айланды. Анткени алар ушул жерде төрөлүп, эрезеге жетишти, турмушта өздөрүнүн ордуларын табышты.

Өзбекстанда жалпы элдик майрам иретинде кеңири белгиленип келе жаткан «Мустакиллик» жана «Нооруз» майрамдары, 8-декабрь – Конституция кабыл алынган күн, 8-март – Кыз-келиндер күнү, 9-май – Эскерүү жана кадырлоо күнү сыяктуу майрамдарда түрдүү улут өкүлдөрү жана чет өлкөлүктөр активдүү катышып келе жатышат.

**Эсте сакта!**

Учурда улуттар аралык ынтымак жана диндер аралык кең пейилдик идеясы дүйнөдөгү олуттуу көйгөйлөрдөн бири саналат. Ошондуктан, ЮНЕСКО 1995-жылы Парижде «Кең пейилдик принциптеринин декларациясын» кабыл алды. Бириккен Улуттар Уюму жыл сайын 16-ноябрды «Эл аралык кең пейилдик күнү» деп жарыялады.

Азыркы Өзбекстандын аймагында байыртадан Чыгыш руханиятына таянып жашоо, ынтымактуулукка умтулуу, ар тараптан жеткилеңдик жогорку баалуулук деңгээлине көтөрүлгөн, улуту, расасы, социалдык келип чыгышы жана диний ишенимине карабастан, жалгыз өлчөм – инсанды инсандыгы үчүн улуулоо башкы критерий иретинде кабыл алынган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Учурда республиканын бардык жогорку окуу жайларында түрдүү улуттарга тандык студенттер окушат. Өзбекстанда жалпы орто билим берүү 7 тилде алып барылат, бул дүйнөдө чанда гана кездешүүчү жагдай. Булар: өзбек жана каракалпак тилдеринен тышкары орус, казак, түркмөн, тажик жана кыргыз тилдери. Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу 12 тилде алып барылат, газета жана журналдар 10 дон ашуун тилде басылып жатат. Булардын бардыгы Өзбекстанда улуттар аралык ынтымакты дагы да чыңдоого кызмат кылат.

**Улуттар аралык мамилелерде жаңы доор**. Бүгүн республикада жашаган 130 дан ашуун улут жана элдердин өкүлдөрү үчүн Өзбекстандын Конституциясы улуттар аралык ынтымакты бекемдөөнүн, тынчтык жана өнүгүүнү камсыздоонун кепили болуп кызмат кылууда.



Улуттар аралык мамилелер жана чет өлкөлөр менен достук байланыштары комитети.



«Элдер достугу» аянтындагы Шамахмудовдор үй-бүлөсүнүн айкели

Президентибиз Шавкат Мирзиёевдин демилгеси менен кабыл алынган 2017–2021-жылдарда Өзбекстан Республикасын өнүктүрүүнүн беш негизги багыты боюнча Аракеттер стратегиясында өлкөбүздө улуттар аралык ынтымакты камсыздоого өзгөчө көңүл бурулган. Өлкөдө тынчтыкты чыңдоо, улуттар аралык ынтымакты күчөтүү максатында 2017-жылдын 19-майында Өзбекстан Республикасы Президентинин «Улуттар аралык мамилелерди жана чет өлкөлөр менен достук байланыштарын дагы да өнүктүрүүнүн иш-чаралары жөнүндөгү» указы кабыл алынды. Кабыл алынган указ боюнча, Интернационалдык маданий борбордун негизинде Улуттар аралык мамилелер жана чет өлкөлөр менен достук байланыштары комитети түзүлдү. Бул болсо, өз кезегинде, мамлекетибизде иш жүргүзүп жаткан улуттук маданий борборлорду жана достук коомдорун



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

колдоп-кубаттоодо, ошондой эле алардын натыйжалуу ишкердик көрсөтүшүндө мамлекеттик органдар менен коомдук уюмдардын ортосундагы өз ара шериктештикти күчөтүүдө бекем таяныч болот.

**Ой толгоо!**

2017-жылы Ташкенттеги «Бабур» сейил багына «Достук» сейил багы деп наам берилип, бактын ортосуна Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында түрдүү улуттарга таандык балдарды багып алган белгилүү Шамахмудовдор үй-бүлөсүнүн айкели көчүрүп алып келингенин, ал эми 2018-жылы бул айкел «Элдердин достугу» аянтына кайтарылганын түшүндүр.

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

**Менталитет** (нем. – акыл, аң-сезим) – коом, улут, жамаат же жеке адамдын тарыхый калыптанган аң-сезиминин деңгээли. Коом, улут же жеке адамдын менталитети өзүндө анын өзүнө мүнөздүү каада-салтын, үрп-адатын, диний ишеним жана ырым-жырымдарын камтыйт.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Улуттар аралык ынтымак идеясын түшүндүр.
2. Өлкөбүздө 130 дан ашуун улут жана элдердин ынтымактуу жашашы үчүн кандай шарттар түзүлгөн?
3. «Эл аралык кең пейилдик күнү» кайсы күнү белгиленет? Кошумча адабияттардан пайдаланып, бул күн эмне үчүн ошол датада белгиленишин аныкта.
4. Өзбекстан Республикасын өнүктүрүүнүн беш негизги багыты боюнча Аракеттер стратегиясынын канчанчы багыты улуттар аралык ынтымакка арналган?
5. Республика Интернационалдык маданий борбору кандай уюмга айландырылды? Анын статусу кандай?

## 9-тема. Өзбекстанда конфессиялар аралык мамилелер

**Диндер аралык кең пейилдиктин калыптанышы.** СССРдин тушунда Өзбекстанда 89 мечит, 2 медресе болгон болсо, 2017-жылга чейин 2033 мечит, Ислам университети, Ислам институту, 16 диний конфессия иштеп келди. Өзбекстан калкынын 88 % ислам динине, 10 % дан ашууну башка диндерге сыйынат, 1,8 % эч кандай динге сыйынбайт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Рамазан жана Курман айттары республика боюнча белгиленип жатат, диний газета жана журналдар басылып, телевидение жана радиодо диний темада атайын көрсөтүү жана уктуруулар берилет. Өзбекстанда дин мамлекеттен жана саясаттан оолак, бирок эл менен бирге.

Калкы көп улуттуу болгон Өзбекстанда исламдан тышкары христиандык, иудаизм, буддизм жана башка конфессияларга сыйынган адамдар да бар. Көп улуттуу жана көп конфессиялуу өлкөдө улуттар аралык шериктештик жана диний кең пейилдик жаатында жүргүзүлүп жаткан ыраатуу мамлекеттик саясат түрдүү улут жана бардык конфессия өкүлдөрүнүн эркин жашашы үчүн бекем негиз жаратты.

1991-жылы мамлекеттин дин эркиндигин жана динге тиешелүү саясатын белгилеп берген «Дин эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» мыйзамы кабыл алынды. Анын кабыл алынышы ислам динине жана башка динге сыйынуучу жарандардын жашоосунда маанилүү орун ээледи.

**Эсте сакта!**

«Бардыгы үчүн дин эркиндиги кепилденет. Ар бир адам каалаган динге сыйынуу же эч бир динге сыйынбастык укугуна ээ. Диний караштарды зордук менен сиңдирүүгө жол коюлбайт».

*Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 31-статья*.

1992-жылы Өзбекстан Республикасы Президентинин указы менен Министрлер Кабинетинин алдында Дин иштери боюнча комитет түзүлдү. Анын курамында конфессиялар менен иштөө үчүн атайын түзүлгөн сектор иш баштагандан кийин, республика аймагында диний ишкердик жүргүзүп жаткан бардык уюмдар жөнүндө маалымат чогула баштады.

1998-жылы Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси тарабынан «Дин эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» мыйзамдын жаңы редакциясы кабыл алынды. Бул мыйзамда жарандардын дин жана сыйынуу эркиндиги менен байланыштуу укук жана милдеттери анык белгилеп коюлду.

«Дин эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» мыйзам боюнча, «Мамлекет диний конфессиялардын ортосундагы тынчтык жана ынтымакты колдоп-кубаттайт. Бир конфессиядагы динди башкасына кошуу боюнча кыймыл-аракеттер (прозелитизм)ге, ошондой эле, ар кандай миссионерликке тыюу салынат. Бул эреженин бузулушунда күнөлүү саналган адамдар мыйзам документтеринде каралган жоопкерчиликке тартылат».



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өзбекстан сыяктуу көп конфессиялуу өлкөдө улуттар аралык ынтымак жана диний кең пейилдик коомдук-саясий туруктуулук жана өнүгүүнү камсыздоонун негизги шарттарынан бири эсептелет. Диний кең пейилдик өлкөдө курулуп жаткан демократиялык коомдун негизги принциптеринен бири саналат. Учурда 16 диний конфессия өз ара ынтымакта иштеп жатат.

Министрлер Кабинетинин алдындагы Дин иштери боюнча комитет динчилдердин таламдарын канаттандырууга көмөктөшүп келүүдө. 2007-жылы Ислам Шериктештиги уюмунун илим, билим жана маданият маселелери боюнча структурасы – АЙСЕСКО тарабынан "Ташкент – Ислам маданиятынын борбору" деп жарыяланды. Бул Өзбекстан мамлекетинин динге болгон мамилесинин натыйжасы болуп саналат.

**Диний кең пейилдик принциптери**. Өзбекстанда калыптанган диний кең пейилдик төмөнкү факторлор менен белгиленет:

*Биринчиден,* республикада жашаган бардык улут жана элдер өкүлдөрүнүн, түрдүү диний конфессиялардын ишинде өз ара урмат, сабырдуулук, кең пейилдик принциптерин калыптандырууда жөндүү иштер алып барылууда.

*Экинчиден,* улуттук жана диний кең пейилдик өзбек маданияты жана менталитетинин ажырагыс бөлүгү саналат. Ал Өзбекстанда диний кең пейилдик жаатында жүргүзүлүп жаткан саясат демократиялык өзгөрүүлөрдү жана коомдук-экономикалык өнүгүүнү ылдамдатууга, башка улут, дин жана маданияттарга урматсыздык, экстремизм сыяктуу кубулуштардан оолак чыныгы демократиялык коомду куруу факторуна айланууга, коомдо улуттар аралык жана диндер аралык ынтымактын сакталышына өбөлгө түзүүдө.

*Үчүнчүдөн,* улуттар жана конфессиялар аралык мамилелердеги шайкештик элдердин руханий байлыгынын булагы эсептелет жана мамлекеттердин саясий жана коомдук-экономикалык өнүгүшүнө оң таасирин тийгизет. Ар түрдүү маданият жана дин өкүлдөрүнүн ортосундагы байланыштар келишимдин жана өз ара ишенимдин жолдорунан бири саналат.

*Төртүнчүдөн,* адистердин оюнча, бири-биринен айырмаланган 2 түрдүү кең пейилдик түшүнүгү бар: *формалдуу* – тышкы көрүнүштөгү кең пейилдик жана *ички* – позитивдүү кең пейилдик. Формалдуусу башка адамдын диний ишенимине карата сабырдуулукту, ага каршы күрөшпөстүктү билдирсе, ички – оңу болсо башка динди мыкты билүүнү да талап кылат. Бүгүнкү Өзбекстанда кең пейилдиктин эки түрү тең иш жүзүндө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Түрдүү дин өкүлдөрүнө болгон мамиле.** Илимий булактар өлкөбүздө илгертеден зороастризм, буддизм, иудаизм, христиандык сыяктуу татаал идеологиялык системага ээ диндер ынтымактуу жашап келгендигинен күбөлүк берет. Мындай жагдайды азыркы Өзбекстандагы ислам, христиандык, иудаизм диндери жана башка конфессиялардын өз ара мамилелери мисалында да көрүүгө болот.

Жалпысынан алганда, Өзбекстандагы ислам эмес конфессиялар түрдүү ишенимдеги жарандардын ортосунда ынтымак жана достукту чыңдоодо чоң роль ойнойт.


Ташкенттеги Рим-католик чиркөөсү.

Учурда Өзбекстанда ислам дини менен чогуу православ, баптист, иудаизм, адвентист, католик, лютеран, кришнаит, буддист, пятидесятник, легово шеиттери, жаңы апостолдор, христиан-пресвитериандар өңдүү бир топ диндер жана агымдар бар. Алардан ар бири өзүнө мүнөздүү идеология, талам жана керектөөлөргө ээ.

Орто Азиядагы мусулман жана башка конфессияларга кирген жарандардын ортосундагы мамилелер саясий жана турмуш-тиричилик деңгээлинде эки негизги өзгөчөлүккө негизделген, алар – өз ара урмат жана кең пейилдик. Мындай мамилелер ар бир дин өкүлдөрүнүн татаал тарыхый жараяндардын сыноолорун күжүрмөндүк менен жеңип өтүшүнүн натыйжасында калыптанган. Өлкөдө тынчтык, өнүгүү жана бейпилдиктин өкүм сүрүшүн бардык диндердин өкүлдөрү каалашат, кээ бир конфессиялардын өкүлдөрү Өзбекстанда жана чет өлкөлөрдө уюштурулуп жаткан руханий-агартуу иш-чараларындагы докладдарында республикада диний кең пейилдик жана социалдык туруктуулукту чыңдоо жаатында ишке ашырылып жактан реформаларды колдоп-кубатташын билдиришет. Мындай мамиле мамлекет тарабынан да этибар алынууда. Митрополит Владимирдин «Достук» ордени менен сыйланышы буга таасын мисал боло алат.

Республикада диний кең пейилдик жана социалдык туруктуулукту камсыздоодо конфессиялардын да ролу чоң. Биринчиден, алар өздөрүнүн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ишинде калкта диний кең пейилдик маданиятын өркүндөтүү жаатында руханий-агартуу иш-чараларын уюштурушат. Экинчиден, өлкөдө диндер аралык ынтымакты колдоп-кубаттоо боюнча жана түрдүү чыр жана көйгөйлөрдү келтирип чыгаруучу миссионерлик сыяктуу кыймыл-аракеттерге каршы жүргүзүлүп жаткан иш-чараларда активдүү катышат.

**Ислам дини. Диний окууга карата мамиле**. Учурда республикада 16 диний конфессияга таандык 2238 диний уюм – Имам Бухарий атындагы Ташкент ислам институту, 9 орто атайын ислам окуу жайы, православ жана протестант семинариялары иштеп жатат. Аларда окуучулар диний билим менен кошо дүйнөлүк билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

**Эсте сакта!**

Ташкентте 2013-жылы курулушу башталган Минор мечити 2014-жылдын 1-октябрында, Курман айыт күнү ачылды. Мечиттин имараты салттык чыгыш архитектурасынын стилинде курулган. Анын эки мунарасы жана асман түстүү күмбөзү бар. Мечитте 2400 дөн ашуун адам намаз окуй алат.

1999-жылы Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримовдун демилгеси менен Борбордук Азияда жалгыз болгон Ташкент ислам университетине негиз салынды.



Ташкенттеги Минор мечити.

Президент Шавкат Мирзиёевдин БУУ Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясындагы доклады өлкөбүздө гана эмес, ошондой эле Борбордук Азия жана бүткүл дүйнөдө шериктештикти жолго коюу, диндер аралык ынтымак жана тынчтыкты сактоо жолунда маанилүү программанын ролун аткарып жаткандыгы, ал эми мындай жагдай Өзбекстан Республикасын өнүктүрүүнүн беш негизги багыты боюнча Аракеттер стратегиясында да чагылдырылгандыгы кеңири белгиленди.

Президенттин 2017-жылдын 27-мартындагы «Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин алдында Имам Бухарий эл аралык илимий-изилдөө борборун уюштуруу иш-чаралары жөнүндөгү» токтому боюнча Самаркандда илимий-изилдөө борбору түзүлдү. Анын курамында хадис



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Муну оку!**

«Бүгүнкү сессиянын катышуучуларына БУУ Башкы Ассамблеясынын «Агартуу жана диний кең пейилдик» деп аталган атайын резолюциясын кабыл алуу сунушу менен кайрыламын. Бул документтин негизги максаты – жалпы элдин билим алуу укугун камсыздоого, сабатсыздык жана түркөйлүккө чек коюуга көмөктөшүүдөн турат. Бул резолюция кең пейилдик жана өз ара урматты калыптандырууга, диний эркиндикти камсыздоо, сыйынуучулардын укугун коргоого, алардын кемсинтилишине жол койбостукка көмөктөшүүгө багытталган».

*Шавкат Мирзиёевдин БУУ Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясындагы докладынан*.

таануу жогорку мектеби, хадис, калом жана кыраат илимин үйрөнүүгө арналган бөлмөлөр, кол жазмалар китепканасы, музей түзүлдү. Өзбекстан Республикасы Президентинин 2017-жылдын 23-июнундагы «Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин алдында Өзбекстандагы Ислам маданияты борборун уюштуруу иш-чаралары жөнүндөгү» токтомунун негизинде Ташкентте Ислам маданияты борбору жана Президенттин 2017-жылдын 15-декабрдагы указы менен Өзбекстан Ислам академиясы түзүлдү.

***Терминдер түшүндүрмөсү***:

**Конфессия** (лат. – таануу) – диний ишеним, сыйынуу; ошону менен бирге агым мазмунуна ээ түшүнүк.

**Толеранттуулук** (лат. – сабырдуулук, чыдамдуулук) – башкалардын ой-пикири, дини, сезимдери, жашоо мүнөзү жана жүрүм-турумуна карата сабырдуу болуу; кең пейилдик.

**Семинария** – христиан чиркөөлөрү үчүн попторду даярдай турган окуу жайы.

**Суроо жана тапшырмалар**:

1. Бүгүнкү күндө Өзбекстанда канча диний уюмдар бар?
2. Конфессиялар аралык мамилелер дегенде эмнени түшүндүң?
3. Диний кең пейилдикти кепилдеген укуктук-нормативдик документтерди санап бер.
4. Диний кең пейилдик принциптерин айтып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# V ГЛАВА. ТААЛИМ СИСТЕМАСЫНЫН РЕФОРМАЛАРЫ ЖАНА КАДРЛАРДЫ ДАЯРДОО

## 10-тема. Жалпы, орто, орто атайын таалим системасы

**Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында таалим системасы**. Маданий-руханий өнүгүүнүн эң маанилүү фундаменти – бул таалим системасы. Анткени заман талаптарына жооп берген, алдыңкы илим-техника, технологиянын жетишкендиктерине ээ кадрларды даярдабастан коомду өнүктүрүүгө болбойт. Өзбекстанда 1992-жылдын 2-июлунда «Таалим жөнүндөгү» мыйзам кабыл алынды. Бул программалык документте таалим жаатындагы мамлекет саясатынын негизги принциптери, таалим системасы, аны башкаруунун курамы, педагог кызматкерлердин укук жана милдеттери анык белгилеп коюлду. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында 10 миңден ашуун педагогго мамлекеттик үй, 22 миңден ашуун мугалимге болсо уюм жана мекемелерге караштуу үйлөр акысыз менчиктештирип берилди. 50 миңден ашуун педагогго там салуу үчүн жер ажыратылды. Айылда жашаган педагогдордун бардыгы коммуналдык кызмат үчүн төлөмдөрдөн бошотулган болсо, шаардыктар анын 50 пайызын төлөөчү болушту. Кийнчерээк, коммуналдык кызмат боюнча бул жеңилдиктер айлык маяналарына кошуп берилчү кенемте пул менен ооштурулду.



Мектеп имараты.
1991–2000-жылдар.

1992-жылдагы мыйзам менен жалпы билим берүү төмөнкү баскычтар боюнча ишке ашырыла башталды.

I баскыч – башталгыч таалим (1–4-класс);

II баскыч – негизги (таяныч) мектеп (4–9-класс);

III баскыч – жогорку орто мектеп (10–11-класс);

Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин 1996-жылдын декабрындагы токтому менен 1-октябрь – «Мугалимдер жана тарбиячылар күнү» деп белгиленди жана бул күн майрам иретинде эс алуу күнү деп жарыяланды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Эсте сакта!**

1997-жылдан баштап жыл сайын 1-октябрь «Мугалимдер жана тарбиячылар күнү» иретинде белгиленип келе жатат.

Өзбекстанда жынысы, тили, жашы, расасы, улуту, дини, динге мамилеси, социалдык келип чыгышы, кызматы, социалдык орду, турак жайына карабастан, ар бир жаранга билим алууда тең укуктар кепилденди.

**Кадрларды даярдоонун улуттук программасы**. Өзбекстанда таалим жаатындагы саясат 1997-жылдын 29-августунда кабыл алынган «Таалим жөнүндөгү» жаңы редакциядагы мыйзам жана Кадрларды даярдоонун улуттук программасында белгленген.

1996–1997-окуу жылынан баштап мектептердин биринчи класстарында окуу жаңы латин алфавитинде жүргүзүлдү. Жаңы алиппеде окутуу үчүн керектүү программа, колдонмо жана окуу китептери жаратылды.

Кадрларды даярдоонун улуттук программасы 3 баскычтуу реформанын негизинде ишке ашырылды. I баскыч – 1997–2001-жылдарда программаны ишке ашыруу үчүн зарыл укуктук-нормативдик, илимий-методикалык, каржы-материалдык шарттар түзүлдү. Ал үчүн мамлекет тарабынан кошумча түрдө 65 млрд сум каражат сарпталды. II баскыч – 2001–2005-жылдар болуп, улуттук программа ишке түштү. III баскыч – 2005-жылдан азырга чейин. Бул баскычта Кадрларды даярдоонун улуттук программасы натыйжасында алынган натыйжалар жалпылаштырылып, өлкөдө таалим системасы өркүндөтүлдү. 2009-жылдан баштап, мамлекетте толук 12 жылдык милдеттүү таалим орнотулду.

9 жылдык жалпы орто билим берүү сабаттуулуктун негиздерин, жалпы орто билим үчүн зарыл билим жана билгичтиктерди калыптандырууга багытталган. Балдар биринчи класска 6–7 жаштан кабыл алынат. Жалпы орто билим керектүү билимдер үчүн негиз салат, эркин ойлоо, уюшту-

**Эсте сакта!**

Таалим системасы Өзбекстан Республикасынын «Таалим жөнүндөгү» мыйзамы негизинде мектепке чейинки билим берүү, жалпы орто, орто атайын билим берүү, жогорку билим берүү, жогорку билим берүүдөн кийинки билим берүү, илим өркүндөтүү жана кадрларды кайра даярдоо, мектептен тышкары билим берүүдөн турат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

руучулук жөндөмүн жана тажрыйбаларын өнүктүрөт, алгачкы кесиптик багыт берет жана кезектеги баскычты тандоо мүмкүнчүлүгүн берет.

Президенттин 2004-жылдагы указы менен 2004–2009-жылдарда мектеп таалимин өнүктүрүү мамлекеттик жалпы улуттук программасы кабыл алынды. Программа чегинде жаңы мектептер курулду, айрымдары ремонттолду; мектеп лабораториялары куралдар менен жабдылды.

Таалимдин бардык баскычтарында жаңы окуу программалары, билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары жаратылды. Окуу китептери таптакыр жаңыланды, илим жана практиканын жетишкендиктери менен байытылып отурду. Мультимедиалык окуу адабияттарын жаратуу жолго коюлду. Республикада 10 миңге жакын мектеп иш алып барат. Аларды материалдык-техникалык камсыздоо да мамлекет тарабынан ишке ашырылды.

**Орто-атайын, өнөр-кесип таалим системасын уюштуруу.** Өзбекстан Республикасынын «Таалим жөнүндөгү» мыйзамы боюнча жалпы орто билим берүүнүн тогуз жылдык кылып белгиленишине байланыштуу тогуз жылдык мектепти аяктаган бардык окуучулар билим алууну орто атайын же өнөр-кесип колледжеринде улантышкан. Билим алуунун бул жаңы системасына баскычма-баскыч өтүлдү. Башкача айтканда кадрларды даярдоо улуттук программасынын 1-баскычында (1997–2001) ишке ашырылды. Ошол доордо 300 гө жакын жаңы типтеги билим берүү мекемелери ачылды. Орто атайын билим берүү жаатында облустарда, бизнес мектептери, жалпы билим берүүчү мектептерде өнөр-кесип курстары ачылды, базар экономикасынын талаптарынан келип чыккан түрдө, жаңы адистиктер (фермер, салык жана бажыкана кызматчысы, аудит жана у. с.) киргизилди. Бул боюнча өлкөбүздө 1997-жылдан азыркыга чейин 1400 дөн ашуун өнөр-кесип коллежи, 200 гө жакын академиялык лицей курулду. Алар өз багыты боюнча уюмдарга жана жогорку окуу жайларына бириктирилип, окуу жараяны жакшы уюштурулду, коллеж бүтүрүүчүлөрүнүн иш менен камсыздалышына көңүл бурулса да, жакшы натыйжа алынбады.

**2017-жылдагы реформалар**. Билим берүү системасында жүргүзүлүп жаткан реформалар, 12 жылдык билим берүүнү өркүндөтүү жолундагы иш-натыйжалар күтүлгөн натыйжаны бербеди. Чогулуп калган көйгөйлөр бул тармакты түптөн реформалоону, дүйнөнүн өнүккөн мамлекеттери тажрыйбасынан пайдалануунун зарылдыгын талап кылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ой толгоо!**

Эмне үчүн? 11 жылдык таалимге өтүү боюнча суроо-жооптун натыйжасы ата-энелердин 70 пайыздан ашуун бөлүгү 11 жылдык таалимдин кайра калыбына келтирилишин жакташканын көрсөттү.

2017-жыл жалпы орто жана орто атайын өнөр-кесип системасында түпкү реформалар жылы болду. Элдик кабылдамалар жана Президенттин виртуальдуу кабылдамасына түшкөн пикир жана сунуштар, ошондой эле, мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн ата-энелери ортосунда өткөрүлгөн суроо-жооптун натыйжаларынан келип чыгып, Президент Шавкат Мирзиёевдин демилгеси менен 9+3, башкача айтканда 12-жылдык милдеттүү таалимден 11-жылдык таалимге өтүлдү.

2017-жылдын өзүндө 10-класс окуучулары үчүн 9 млн окуу китептери басылды жана 10 миңге жакын жалпы билим берүү мектебинде 11 жылдык окутуу системасы жолго коюлду.

Бул академиялык лицей жана өнөр-кесип коллеждерине кабыл алуу жараяны менен кошо алып барылды. Мында ата-энелер менен окуучулардын каалоо-тилеги этибар алынды. 2016–2017-окуу жылында жалпы орто билим берүүчү мектептерди бүтүргөн 466 миңден ашуун окуучунун 288 миңи 10-класста окууну улантты.

Мектепке чейинки билим берүү ырааттуу таалимдин биринчилик, эң негизги мууну саналат. Мектепке чейинки билим берүү 6–7 жашка чейин үй-бүлөдө, балдар бакчасында жана башка билим берүү мекемелеринде берилет. Адистердин илимий тыянагы боюнча, адам баласы өмүрү бою алган бардык маалыматтын 70 пайызын 5 жашка чейин болгон доордо алат. Ошондуктан, балдардын ден соолугу мыкты жана билимдүү болуп эрезеге жетишинде бакчанын тарбиясы чоң мааниге ээ. Мектепке чейинки билим берүү системасын өркүндөтүү, анын материалдык-техникалык базасын бекемдөө, бул мекемелер тармагын кеңитүү, тажрыйбалуу педагог кадрлар менен камсыздоо максатында Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёев



Үлгүлүү МТМнин бөлмөсү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

2017-жылдын 30-сентябрында «Мектепке чейинки билим берүү системасын башкарууну өркүндөтүү жөнүндөгү» указга кол койду. Ал боюнча, мектепке чейинки билим берүү министрлиги түзүлдү. Жаңы министрлик системасына Каракалпакстандын мектепке чейинки билим берүү министрлиги, Ташкент шаардык мектепке чейинки билим берүүнүн башкы башкармасы, облустардын мектепке чейинки таалим башкармалары, алардын шаар жана райондордогу бөлүмдөрү кирет.

**Эсте сакта!**

2017-жылы Өзбекстанда 4916 мектепке чейинки билим берүү мекемелери иштеген. Акыркы 20 жылдын ичинде бакчалардын саны 45 % га азайган. Учурда бакчага барып жаткан балдар жалпы балдар санынын 30 % ын түзөт.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. 1992–1997-жылдардагы таалим системасынын кийинки жылдардагысынан айырмалуу жактарын санап бер.
2. Ыраттуу таалимди өнүктүрүүнүн факторлору эмнелерден турат?
3. Учурда өлкөбүздө мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин санын көбөйтүүнүн зарылчылыгы эмнеде?
4. Өзбекстан Республикасынын «Таалим жөнүндөгү» мыйзамы жана анын маани-мазмуну эмнелерден турат?
5. Эмне себептен 12 жылдыктан 11 жылдык системага өтүлдү?

## 11-тема. Жогорку билим жана андан кийинки билимдин өркүндөтүлүшү

**Жогорку билим берүү системасы**. Президенттин 1992-жылдын февралындагы указы менен сегиз облустун педагогика институттарына университет статусу берилди. 1992-жылдын мартында облустардагы педагогика институттарынын негизинде Андижан, Бухара, Термез, Үргенч жана Каршы мамлекеттик университеттери түзүлдү.

Заманбап адистиктер боюнча өз алдынча университет жана институттар, алсак, Дүйнөлүк экономика жана дипломатия университети, Навоий кен-металлургия институту, Коргоо министрлигинин алдында Аскердик академия, Ички иштер министрлигинин алдында Ички иштер академиясы, Банк-каржы академиясы сыяктуу ондогон жаңы жогорку окуу жайлары түзүлдү. Ташкент мамлекеттик электр-техника жана байланыш техникуму институтка айландырылды. 1993-жылы студент жана аспиранттар үчүн атайын стипен-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

диялар дайындалды. Өлкөнүн айыл чарбасы үчүн зарыл жана заманбап билимдердин ээси болгон жогору тажрыйбалуу адис кадрларды даярдоо максатында Ташкент мамлекеттик агрардык университети, Андижан, Самарканд айыл чарбасы, Каршы Инженердик экономикалык, Ташкент Ирригация жана айыл чарбасын механизациялоо институту иш баштады. Өлкөнүн облустарында жогорку универсалдуу билим берүүнү киргизүүдө өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасына таянып иш көрүлдү.

1992-жылы баштап 6 жогорку окуу жайында окууга тест сынагы менен кабыл алуу тажрыйбадан өткөрүлдү. 1993-жылы 46 жогорку окуу жайынын 19 унда тест сыноолору өткөрүлдү. 1994-жылы Мамлекеттик тест борбору түзүлүп, жогорку окуу жайларына тест аркылуу кабыл алуу башталды. 1996-жылдан билим алууда контракт-келишим төлөмү киргизилди. 1997-жылкы «Таалим жөнүндөгү» мыйзам боюнча 5 жылдык жогорку билим берүүдөн 4 жылдык бакалавриат жана 2 жылдык магистратура баскычтарынан турган эки баскычтуу системага өтүлдү.

Ошондой эле, Президенттин 2013-жылдагы «Юридикалык кадрларды даярдоо системасын өркүндөтүү жөнүндөгү» токтому менен юридикалык институт университет статусунда кайра түзүлдү, 2014-жылдагы токтому менен Ташкент мамлекеттик стоматология институту түзүлдү.

**Эсте сакта!**

2017-жылдагы жагдай боюнча, өлкөбүздө 80 ден ашуун жогорку окуу жайы, алсак, 19 университет, 37 институт, 6 академия, 1 консерватория, 1 бий жана хореография жогорку мектеби, 13 ЖОЖдун филиалы, 7 чет өлкө ЖОЖдорунун филиалдары иштеп жатат.

Илим өркүндөтүү системасы да түптөн реформаланды. Элге билим берүү жана орто атайын, өнөр-кесиптик мекемелердин катарында жогорку билим берүү, тармак кадрларынын илимин өркүндөтүү жана кайра даярдоо иштери таптакыр жаңы баскычка көтөрүлдү.

Президенттин 2015-жылдагы «Жогорку окуу жайларынын жетекчи жана педагог кадрларын кайра даярдоо жана илим өркүндөтүү системасын өркүндөтүү иш-чаралары жөнүндөгү» указы боюнча 15 жетекчи жогорку окуу жайы – таяныч жогорку окуу жайлары иретинде белгиленди.

**Жогорку билим берүүдө эл аралык шериктештик**. Кадрларды даярдоонун улуттук программасынын ишке ашырылышы натыйжасында Өзбекстанда салыштырмалуу кыска мөөнөт ичинде дүйнөнүн жетекчи



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Эл аралык Вестминстер университетинин Ташкент филиалы.

өлкөлөрүндө билим берүү жаатында колго киргизилген алдыңкы жетишкендиктерди, ошондой эле улуттук салттарды өзүндө камтыган жаңы модель калыптанды.

Эгемендүүлүк жылдарында жогорку билим берүү системасында жүргүзүлгөн ырааттуу реформалардын натыйжасында өлкөбүздө бир топ чет өлкө университеттеринин филиалдары ачылды. Алсак, Улуу Британиянын Эл аралык Вестминстер университети, Ташкент шаарында М. В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университети, И. М. Губкин атындагы Россия мунай жана газ мамлекеттик университети, Сингапур менежментти өнүктүрүү институту, Италиянын Турин политехника университетинин филиалдары иш баштады. Ошондой эле, Ташкентте Г. В. Плеханов атындагы Россия экономика академиясы жана Түштүк Кореянын Инха университети филиалдары да Өзбекстандын жаштарына билим берүүдө.

**Чет өлкө университеттеринин Ташкенттеги филиалдары**

| Вестминстер университети | М. В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин филиалы | И. М. Губкин атындагы Россия мунай жана газ мамлекеттик университети филиалы | Сингапур менежментти өнүктүрүү институту филиалы | Турин политехника университетинин филиалы | Г. В. Плеханов атындагы Россия экономика академиясынын филиалы | Түштүк Кореянын Инха университетинин филиалы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2002 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2009 | 2014 |
| Экономика жана бизнес | Математика жана психология | Мунай жана газ | Менежмент | Техника жана технология | Экономика | Маалымат технологиялары |

Өлкөбүздөгү жана чет өлкөлөрдөгү окуу жайларында жүздөгөн шыктуу жаштарыбыз билим алып, өздөрүнүн илимдерин өркүндөтүшүүдө. Мында чет өлкөлөрдүн билим берүү мекемелери менен эки жактуу тажрыйба алмашуунун жолго коюлганы чоң мааниге ээ болду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Турин политехника университетинин Ташкент филиалы.

Өзбекстан Республикасы билим деңгээли боюнча дүйнөдөгү өнүккөн мамлекеттердин катарына чыкты. Жаштар үчүн дүйнөлүк илим жана билим казнасына жол ачууга өзгөчө көңүл бурулууда. Республика окуу жайларынын чет өлкөдөгү окуу борборлору менен байланышы кыйла бекемделди. Чет өлкөлүк мугалим жана адистерди чет тилде сабак өтүү үчүн чакыруу, ошондой эле, чет өлкөнүн окуу жана илимий борборлорунда кызматкерлердин илим өркүндөтүшү жана студенттердин билим алышы кеңири жолго коюлууда. Учурда дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнөн келген чет өлкөлүк жарандар Өзбекстанда билим алышып жатышат.

**2017-жылдагы түпкү реформалар**. Өзбекстан Республикасы Президентинин 2017-жылы 7-февралдагы «Өзбекстан Республикасын дагы да өнүктүрүү боюнча Аракеттер стратегиясы жөнүндөгү» указы боюнча 2017–2021-окуу жылдарында жогорку билим берүү системасын түптөн өркүндөтүү программасын иштеп чыгуу, окуу программаларын дагы да жаңылоо, акчалуу кызмат көрсөтүү жана каржылоонун кошумча булактарын издөөдө жогорку окуу жайларынын ыйгарым укуктарын кеңитүү жолу менен алардын көз карандысыздыгы баскычма-баскыч өнүктүрүп барылат. 2017–2018-жылдарда Өзбекстан Республикасы Президенти жана Министрлер Кабинетинин жетмишке жакын указ, токтом жана буйруктары кабыл алынды. Бул чыныгы мааниде билим берүү системасындагы өзгөрүш жана жаңылануулар жараянын баштап берди. Аракеттер стратегиясында билим берүү жана окутуунун сапатын баалоонун эл аралык стандарттарына өтүүдө жогорку билим берүү мекемелеринин иши жана анын натыйжалуулугун жогорулатуудагы



**Эсте сакта!**

Тест сыноолору ачык жана чынчыл өтүшүн камсыздоо максатында системаны өркүндөтүү, абитуриент жана ата-энелерге жеңилдик жаратуу максатында аны реформалоо талап кылынды. 2018/2019-окуу жылынан баштап, тест жараянын бир күндө эмес, 15 күн бою өткөрүү, натыйжасын болсо экзамендин эртеси күнү жарыялоо милдети коюлду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

негизги милдеттер белгилеп алынды. Ошону көздө тутуп Президент Ш. М. Мирзиёев "Жаштарды өз алдынча пикирлей алган, жогорку интеллектуалдуу жана руханий потенциалга ээ болуп, дүйнөлүк көлөмдө өзүнүн курдаштарына эч кайсы тармакта бош келбеген инсандар болуп жетиши, бактылуу болушу үчүн мамлекетибиз менен коомубуздун бар күч жана мүмкүнчүлүктөрүн сарптайбыз", деген эле. 2017-жылы 10 жылдан көпкө созулган тыныгуудан кийин, мамлекет жана коомдо тажрыйбалуу кадрларга болгон керектөө эсепке алынып, Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёевдин демилгеси менен сырткы билим берүү системасы калыбына келтирилди, атайын сырткы билим берүү өркүндөтүлдү.

2017-жылдын 16-ноябрында Өзбекстан Президентинин «Республика жогорку окуу жайларынын бакалавриатына кирүү тест сыноолорун өткөрүү тартибин өркүндөтүү жөнүндөгү» токтому кабыл алынды. Ал боюнча, 2018/2019-окуу жылынан баштап өзгөчө шыкты талап кылган маданият, көркөм өнөр, дизайн, сүрөт жана колдонмо көркөм өнөр, музыка, көркөм өнөр таануу, спорт жана дене тарбия өңдүү билим берүү багыттарында тест сыноолору болбойт. Мисалы, Өзбекстан мамлекеттик консерваториясы, Өзбекстан мамлекеттик көркөм өнөр жана маданият институту, Камолиддин Бекзод атындагы улуттук сүрөтчүлүк жана дизайн институту, Өзбекстан мамлекеттик дене тарбия институту жана өзгөчө шыкты талап кылган билим берүү багыттарына чыгармачыл экзамен аркылуу гана кабыл алуу жолго коюлат. Медицина боюнча жогорку билим берүү системасында да бир топ реформалар ишке ашырылды. Алсак, медицина багытында бакалавриатта окуунун мөөнөтү 7 жылдын ордуна 6 жыл жана медициналык профилактика багытында 6 жылдын ордуна 5 жыл кылып белгиленди.


Павильондо өткөрүлүп жаткан тест сыноосу.

**Жогорку билим берүүдөн кийинки билим алуу**. 2012-жылга чейин аспирантура 3 жана докторантура 3 жылдан турган болуп, 2012–2017-жылдарда бир баскычтуу докторантура иштеп келди. 2013–2017-жылдардын аралыгында болгону 360 ка жакын изилдөөчү докторлук диссертациясын коргогон. Бул болсо республикадагы жогорку окуу жайлар жана илимий-изилдөө мекемелеринин тажрыйбалуу илимий жана



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

илимий-педагог кадрларга болгон керектөөсүн канааттандыра албады. Жогорку окуу жайынан кийинки билим берүүнү өркүндөтүү, илимий-изилдөө иштеринде жаштардын интеллектуалдык потенциалын көрсөтө алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңитүү максатында жана бир топ алдыңкы чет өлкөлөрдүн эл аралык тажрыйбаларын үйрөнгөн түрдө 2017-жылдын 1-июлунан баштап жогорку окуу жайынан кийинки билим берүүнүн эки баскычтуу системасы киргизилди. Биринчиси – диссертацияны коргоо жана илимдин тиешелүү тармагы боюнча философиянын доктору (ФД) илимий даражасын берүүнү көздөгөн таяныч докторантура жана экинчиси – диссертацияны коргоо жана илимдин тиешелүү тармагы боюнча илимдин доктору (Doctor of Science) илимий даражасын көздөгөн докторантура системасы.

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

**Бакалавр** (*лат.* baccalaureus) – жогорку билим берүү программасынын биринчи баскычын аяктаган студенттердин илимий даражасы.

**Магистр** (*лат.* – башчы, устат) – айрым өлкөлөрдө бакалавр менен илимдин доктору ортосундагы илимий даража. Таяныч жогорку билим берүү курсунан кийин кошумча программаны аткарган, атайын экзамендерди тапшырган жана белгилүү илимий ишти коргогон адамдарга берилет.

**Суроо жана тапшырмалар**:

1. Эгемендүүлүк жылдарында кандай жаңы жогорку окуу жайлары ачылды?
2. Учурда жогорку окуу жайларынын саны канча? Алардын жылдан жылга көбөйүп отурушунун себептери эмнеде?
3. Жогорку билим берүүдөн кийинки билим берүү системасынын эгемендүүлүк жылдарындагы өзгөрүштөрү кандай болду?
4. 2017-жылы жогорку билим берүү системасында кандай өзгөрүштөр болду?
5. Жогорку окуу жайынан кийинки таалим системасы канча баскычтуу? Аны түшүндүр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# VI ГЛАВА. ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДА ИЛИМ-БИЛИМДИН ЖАНА СПОРТТУН ӨНҮГҮШҮ

## 12-тема. Өзбекстанда илим-билим

**Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында илим-билим**. Пайда болгон жаңы тарыхый шарттар илим-билим тармагын түптөн реформалоону талап кылды. Анткени, олуттуу илимий-техникалык көйгөйлөрдүн чечилиши республиканын өнүгүшүн камсыздамак.

Эң мурда, Президенттин 1992-жылдын мартындагы указы менен илимий кадрлар даярдоону уюштуруучу ыйгарым укуктуу орган – Жогорку аттестация комиссиясы (ЖАК) түзүлдү.

Президенттин 1992-жылдын июлундагы «Илим-билимди мамлекеттик жол менен колдоп-кубаттоо жана инновациялык ишкердикти өнүктүрүү жөнүндөгү» указы менен республика окумуштууларын чет өлкөлөргө тажрыйба алмашууга жиберүү жолго коюлду. Илимий натыйжаларды ички жана тышкы базарга алып чыгуу менен алектенген Республикалык илимий иштелмелердин инновациялык коммерциялык борбору Илимдер академиясынын курамында түзүлдү.

1997-жылы Харезм Маъмун академиясы кайра калыбына келтирилип, Илимдер академиясынын регионалдык бөлүнмөсү иретинде түзүлдү.

2000-жылы Илимдер академиясы Чыгыш таануу институтунун кол жазмалар фонду дүйнөнүн эң бай кол жазмалар казнасынан бири иретинде ЮНЕСКОнун маданий мурасы тизмесине кирди.

Президенттин 2006-жылдын августундагы «Илим жана технологиялардын өнүгүшүн жөнгө салуу жана башкарууну өркүндөтүү чаралары жөнүндөгү» токтому менен Министрлер Кабинетинин алдында Илим жана технологияларды өнүктүрүүнү жөнгө салуу комитети түзүлдү (учурда министрлик). Комитетке илим жана технологияларды өнүктүрүүнүн негизги багыттарын иштеп чыгуу, академиялык жана ЖОЖдор предмет-



Инновациялык идеялар, технологиялар жана долбоорлордун Республикалык ярмаркасы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

теринин интеграциялашуусуна, илимде эл аралык шериктештикти өнүктүрүүгө көмөктөшүү сыяктуу милдеттер коюлду.

2008-жылдан бери Ташкентте инновациялык идеялар, технологиялар жана долбоорлор ярмаркасы өткөрүлөт. 2008–2015-жылдарда өткөрүлгөн I–VIII ярмаркалар чегинде бардыгы болуп 4000 ден ашуун иштелмелер көрсөтүлдү. 2008-жылдан бери жалпы баасы 113 млрд сумдан ашуун 3000 ден көп келишимдер түзүлдү.

Өзбекстандын окумуштуулары демократиялык жана укуктук коомдун руханий-агартуу жана маданий өнүгүшүн изилдөө, инновациялык экономиканы калыптандыруу, энергия менен чийки затты үнөмдөө, маалыматташтыруу жана маалымат-коммуникация, химия, био жана нанотехнологияларды өнүктүрүү, айыл чарбасы, экология жана айлана-чөйрөнү коргоо, медицина, фармакология, геология, геофизика, сейсмология жаатында бир топ жетишкендиктерге ээ болушту.

Археология илими жаатында да бир топ жылыштар болду. Алсак, 2002-жылдан «Өзбекстанда археологиялык изилдөөлөр» жылнаамасы басылып, аларда республикабыздын аймагында жүргүзүлгөн археологиялык изилдөөлөрдүн жалпылаштырылган илимий тыянактары берилет. 2010-жылдан болсо «Өзбекстандын археологиясы» илимий журналы жарык көрө баштады.

Илимдин башка багыттарындагы окумуштуулар да ири натыйжаларды алышууда. Илимдер академиясынын Өсүмдүк заттары химиясы институту тарабынан даярдалган 10 томдон турган «Табигый бирикмелер (Өсүмдүк корлору, түзүлүшү жана касиеттери)» атуу маалыматнаама англис тилинде Лондондо басылды. Бул болсо илим-билим жаатында эл аралык шериктештиктин өнүгүп жаткандыгынан күбөлүк берет.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында бир гана Илимдер академиясы илимий продукциясынын экспорту 8,2 эсеге чоңойду.

**Илим-билим менен таалимдин интеграциясы**. Өзбекстандын илими менен таалиминин интеграциясын камсыздоодо да бир топ иштер аткарылды. Бул жараян 2012-жылга чейин Илимдер академиясынын системасында илимий-окуу борборлорун түзүү аркылуу ишке ашырылды. Алсак, 2011-жылы Илимдер академиясынын Физика-техника институтунда «Кайталанчу энергия булактары»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

илимий-окуу борбору, 2012-жылы Иммунология институтунда «Биомедицина» илимий-билим берүү инновациялык борбору иш баштады.

2012-жылдан жогорку билим системасында илимий сектордун өнүгүшүн камсыздоо максатында Илимдер академиясынын 5 илимий-изилдөө институту, 4 регионалдык илимий борбор илимий бөлүнмө иретинде кайра түзүлүп, багыты, адистиктери боюнча тиешелүү жогорку окуу жайларына өткөрүлдү.

Илимдер академиясы структураларын кыскартуу жана академиялык илим менен таалимдин интеграциясын күчөтүү максатында 2014-жылы 2 институт жана 1 бөлүнмө жогорку окуу жайларынын алдындагы илимий-изилдөө борбору иретинде түзүлдү.

Өзбекстан Республикасы Президентинин 2012-жылдагы «Жогорку тажрыйбалуу илимий жана илимий-педагог кадрларды даярдоо жана аттестациядан өткөрүү системасын өркүндөтүү жөнүндөгү» указы боюнча 2013-жылдын 1-январынан баштап диссертацияны коргоо жана илимдин доктору илимий даражасын ыйгаруу боюнча жогорку окуу жайынан кийинки билимдин бир баскычтуу системасы киргизилди. Бирок бул система аракеттеги эл аралык илим-билим стандарттарына толук туура келбегендиги, республикада илимий потенциалдын төмөндөп кеткендиги себептүү, 2017-жылдын февралынан Шавкат Мирзиёевдин демилгеси менен эл аралык стандарттарга туура келген, философиянын доктору жана илимдин доктору даражаларын ыйгаруучу эки баскычтуу системага өтүлдү.

**Илим-билимдеги түпкү реформалар**. 2016–2017-жылдар Өзбекстандын илиминде чыныгы мааниде түпкү реформалардын доору болду. Президент Ш. Мирзиёев 2016-жылдын 30-декабрында алгачкы жолу өлкөбүздүн илим өкүлдөрү менен жолугушту. Жолугушуунун натыйжалар боюнча, Өзбекстанда илимге болгон этибардын дагы да күчөшү белгиленди. Аракеттер стратегиясында белгиленегендей, илим, илим изилдөө, инновациянын жетишкендиктерин кубаттоо жана аларды турмушта колдоонун натыйжалуу механизмдерин жаратуу, ошондой эле адистешкен лаборатория, жогорку технология борборлорун түзүү жана технологияларды турмушта пайдалануу баса белгиленген. Анын 2017-жылы 17-февралда кабыл алган «Өзбекстан Республикасы Илимдер академиясынын ишин өркүндөтүү жана колдоп-кубаттоо жөнүндөгү» указы Өзбекстанда илимдин өнүгүшүн заманбап цивилизациянын талаптары негизинде түзүүнү, ошонун катарында, өлкөдө ишке



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ашырылып жаткан тез өнүгүү стратегиясынын илимий негиздерин жаратуу жана өндүрүштү илимдин негизинде өнүктүрүү зарылдыгын көрсөттү. Ошону менен бирге, Илимдер академиясынын ишин өркүндөтүү, илимдин ишмерлерин ар тараптан колдоп-кубаттоо, жогорку тажрыйбалуу, шыктуу кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатуу зарылдыгын уктурду. Ошондай эле, жолугушууда Ш. Мирзиёев бир топ олуттуу маселелерди да санап өттү. Президенттин 2017-жылдын 17-февралындагы «Илимдер академиясынын ишин, илимий-изилдөө иштерин уюштуруу, башкаруу жана каржылоону өркүндөтүү иш-чаралары жөнүндөгү» токтому менен 9 илимий-изилдөө мекемеси Илимдер академиясынын курамына кайтарылды, бир топ илимий уюмдар кайра түзүлдү, Илимдер академиясынын илимдин багыттары боюнча 3 бөлүмү жана Навоий бөлүмү түзүлдү, Өзбекстандын эң жаңы тарыхы боюнча Коомчулук кеңешинин иши кайра жолго коюлду.

Өзбекстан Президентинин 2017-жылы кол койгон «Инновациялык өнүгүү министрлигин түзүү жөнүндө» токтому менен Өзбекстан Республикасынын Инновациялык өнүгүү министрлиги түзүлдү. Анын мамлекет жана коомдун курулушуна, экономиканын тармактарына, айыл чарбасына, коомдук өнүгүүгө, айлана-чөйрөнү коргоо жана табияттан пайдалануу системасына инновацияларды алып кирүү жана алдыңкы технологияларды киргизүү демилгеси менен чыгуу, жөнгө салуу жана колдоо жаатындагы негизги милдеттери белгилеп берилди.

Илимдер академиясынын чыныгы мүчөлүгүнө акыркы шайлоолор 1995-жылы өткөрүлгөн болчу. Өткөн жылдар ичинде академиктердин саны эки эседен көпкө кыскарды жана 2017-жылга келип академиянын болгону 63 чыныгы мүчөсү калган эле. Өзбекстан Республикасы Президентинин 2017-жылдын 29-декабрындагы «Өзбекстан Республикасы Илимдер академиясынын чыныгы мүчөлөрүн тастыктоо жөнүндөгү» тарыхый указы менен 22 жылдык тыныгуудан кийин Илимдер академиясынын 32 жаңы чыныгы мүчөлөрү тастыкталды. Учурда илимий-изилдөө менен алектенген 400 мекеме каттоого алынган болуп, илим жаатында 36 миң адис, ошонун катарында, 2 миңден ашуун илимдин доктору жана 9 миңден ашуун илимдин кандидаты эмгектенип жатат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ой жүгүрт!**

Учурда тарых илими жаатында 4 академик – Ахмадали Аскаров, Эдвард Ртвеладзе, Анатолий Сагдуллаев жана Дилором Юсупова иштеп жатат.

***Терминдердин түшүндүрмөсү:***

**Инновация** (англ. – киргизилген жаңылык, ойлоп табуу) – алдыңкы технология, башкаруу жана башка тармактардагы жаңылыктар жана алардын түрдүү тармактарда колдонулушу.

**Иммунология** (грек. – түшүнүк, окуу) – организмдин химиялык өзгөчөлүктөрү, анын иммунитети жөнүндөгү илим.

**Интеграция** (лат. – калыбына келтирүү, толуктоо) – айрым бөлүктөрдү, элементтерди кошуп бириктирүүнү туюнткан түшүнүк. Илимдердин жакындашуу жана өз ара байланышуу жараяны.

**Суроо жана тапшырмалар**:

1. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында түзүлгөн Жогорку аттестация комиссиясынын милдеттери эмнелерден турган?
2. Илимдер академиясынын иши жөнүндө эмнелерди билдиң?
3. Илимий даража алуунун бир баскычтуу системасынан эки баскычтуу системасына өтүүгө эмнелер себеп болду?
4. Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёевдин илимди өнүктүрүү боюнча демилгеси эмнелерде көрүндү?
5. Учурда Өзбекстанда канча академик эмгектенип жатат? Кошумча адабияттардан пайдаланып, алардан айрымдарынын ысымын айт.

## 13-тема. Өзбекстан Республикасында дене тарбия жана спорттун өнүгүшү

**Дене тарбия жана спортту колдоп-кубаттоочу системанын жаратылышы**. Өзбекстан эгемендүүлүккө чыккандан кийин, маданият, таалим, илим-билим менен бир катарда дене тарбия жана спорт иштерине өзгөчө көңүл бурулду. Бюджеттен ажыратылган каражат үзгүлтүксүз чоңоюп, өлкөдө дене тарбия жана спорт мамлекет саясатынын маанилүү багыттарынан бири иретинде карала башталды. Абройлуу эл аралык мелдештерде спортчуларыбыздын ийгиликтүү катышкандарынын эң негизги себептеринен бири да бул тармактын мамлекет тарабынан тынымсыз колдоп-кубатталып тургандыгы эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1992-жылы Өзбекстан Республикасы Олий Мажлисинин IX сессиясында «Дене тарбия жана спорт жөнүндөгү» Мыйзамдын кабыл алынышы, ага өзгөртүү жана кошумчалар киргизилип, 2015-жылы жаңы редакциясынын тастыкталышы спорттун өнүгүшүнө кызмат кылды.

Республикада жогорку тажрыйбалуу спортчуларды даярдоого адистештирилген 536 балдар жана өспүрүмдөр спорт мектептери, 5 олимпия резервдери колледждери, 8 республика жогорку спорт чеберчилиги мектептери иштеп жатат. Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев 2017-жылдын 10-августунда «Өзбекстан мамлекеттик дене тарбия институтунун ишин өркүндөтүү иш-чаралары жөнүндөгү» токтомго кол койду. Ал боюнча, Өзбекстан мамлекеттик дене тарбия институту Ташкент облусу, Чырчык шаарына көчүрүлдү. Бул институтта 2017–2018-окуу жылынан баштап билим берүүнүн сырткы бөлүмү ачылды.

Өлкөбүздө дене тарбия жана спорттун материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү боюнча бир топ иштер жасалды. Алсак, Ташкент, Наманган, Жызак, Фергана, Бухара, Харезм, Андижан, Самарканд, Гүлстан жана башка шаарларда эл аралык стандарттарга жооп бере алган бир топ спорт комплекстери курулду. Ташкент шаарындагы «Юнусабад», «Жар», «Бунёдкор», Наманган шаарында «Пахлавон», Жызак шаарындагы олимпия резервдери коллежинин спорт комплекси жана башкалар ушулардын катарына кирет.

Өзбекстан Президентинин 2017-жылдын февралындагы указы менен Өзбекстанда Маданият жана спорт иштери министрлиги жоюлуп, анын негизинде Дене тарбия жана спорт мамлекеттик комитети түзүлдү.

Системанын курамындагы «Үмүт бүчүрлөрү», «Жеткилең муун» жана «Универсиада» мелдештери 3 жылда бир жолу өткөрүлөт.

**Үч баскычтуу спорт оюндары**. Эгемендүүлүк жылдарында өлкөдө дене тарбия жана спортту өнүктүрүүдө өзгөчө доор болду. Бул боюнча Балдар спортун өнүктүрүү республика фондунун түзүлүшү, 2000-жылдан баштап жогорку окуу жайларынын студенттери ортосунда «Универсиада», орто атайын өнөр-кесип колледждеринин студенттери ортосунда «Жеткилең муун», жалпы билим берүүчү мектептердин окуучулары ортосунда «Үмүт бүчүрлөрү» спорт мелдештеринин уюштурулушу чоң мааниге



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ээ болгон окуялардан саналат. Үч баскычтуу спорт турнирлерин уюштуруудан негизги максат жаштардын ортосунда туура жашоо мүнөзүн үгүттөө жана эл аралык мелдештер үчүн өлкөнүн курама командасына кандидаттарды даярдоодон турат.

Акыркы жылдарда мамлекетибиз тарабынан кыз-келиндер спортун өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулуп, айныкса, спорттун көркөм гимнастика жана синхрондуу сүзүү түрлөрү мыкты өнүктүрүлүп жатат. Муну дене тарбия жана спорт менен алектенген кыз-келиндер санынын тынымсыз көбөйүп отурушу да тастыктайт.

Эгемендүүлүк жылдарында спорттун эл арасында жайылышын камсыздоо гана эмес, ошондой эле айрым спорт түрлөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулду. Алсак, өзбек күрөшү, теннис, шахмат, бокс боюнча Өзбекстандын спорту дүйнөлүк көлөмдө өзүнүн ордуна ээ болду. Теннис боюнча Ирода Төлөгөнова, бокс боюнча Руслан Чагаев, Артур Григорян жана Мухаммадкадыр Абдуллаевдердин дүйнөлүк спорт ареналарында жетишкендиктери Өзбекстан спортчуларынын алгачкы натыйжалары эле.

**Күрөш**. Эгемендүүлүктүн шарапаты менен улуттук спорт түрлөрүнүн кайра калыбына келиши жана алардын спорттун түрү иретинде эл аралык көлөмдө таанылышына өбөлгө түзүлдү. 1992-жылдын өзүндө Термез жана Шахрисабз шаарларында улуттук күрөш боюнча алгачкы эл аралык мелдеш өткөрүлдү. 1992-жылы Өзбекстанда күрөш федерациясы, 2001-жылы бел кемерлүү күрөш федерациясы түзүлдү. Президенттин атайын указы менен 1998-жылдын сентябрында Ташкентте Азия, Африка жана Европа материктеринен келген 28 мамлекет өкүлдөрүнүн катышуусунда Эл аралык күрөш Ассоциациясы түзүлдү.



Күрөш боюнча эл аралык турнир.

2000-жылы болсо Түркиянын Анкара шаарында күрөш боюнча 2-дүйнөлүк чемпионат болуп өттү. Өзбек күрөшү дүйнөгө таанылуу менен интернационалдык мааниге ээ боло баштады. 2016-жылга келип, Эл аралык күрөш Ассоциациясынын дүйнөнүн бардык материктеринде 120 дан ашуун күрөш федерациялары түзүлдү. Бул улуттук спорттун эл аралык майданда



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Эсте сакта!**

2003-жылы Азия Олимпия кеңешинин Кувейтте өткөн XXII Башкы Ассамблеясында өзбек күрөшү Азия оюндары программасына кирди.

кең таралышы да мамлекетибиздин эл аралык байланыштарын дагы да кеңитүүгө кызмат кылат.

**Олимпиада**. 1993-жылдын сентябрында Эл аралык Олимпия Комитетинин 101-сессиясында Өзбекстан Республикасынын Улуттук Олимпия Комитети толугу менен таанылды. Комитет ушул күнгө чейин эл аралык спорт жана олимпия кыймылынын өнүгүшүнө жардам берүүдө. Ал Өзбекстанда олимпия идеяларын үгүттөө, Олимпия оюндарында республика өкүлдөрүнүн катышуусун камсыздоо, дүйнөнүн спортчулары менен достук байланыштарын орнотуу жана өнүктүрүү милдеттерин аткарат.

1996-жылдын январында Эл аралык Олимпия Комитетинин токтому менен, дүйнө спортун өнүктүрүүдөгү кызматтары жана олимпия идеяларына берилгендиги үчүн Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти И. Каримов Олимпиянын Алтын ордени менен сыйланды.

Ташкентте 1996-жылдын августунда Олимпиянын даңкы музейи ачылды. 2000–2016-жылдар аралыгындагы жайкы Олимпия жана Азия оюндарында өлкөбүздүн спортчулары ийгиликтүү катышышты. А. Таймазов, М. Ибрагимов (эркин күрөш), А Докторашвили (грек-рим күрөшү), Р. Собиров (дзюдо), Ө. Хайдаров, А. Атоев, Б. Султанов (бокс), А. Фокин (спорт гимнастикасы), Екатерина Хилк (гимнастика) өңдүү спортчуларыбыз өлкөбүз спортунун даңкын эл аралык майданда жогорулашына өздөрүнүн салымдарын кошушту. Алсак, эркин күрөшчү Артур Таймазов бир нече жолу Олимпия чемпиону наамына татыктуу болгон жалгыз спортчу болду.



2016-жылкы Олимпиаданын медалисттери.

2016-жылкы Рио-де-Жанейро шаарында (Бразилия) болуп өткөн XXXI жайкы Олимпиада өлкөбүздүн тарыхындагы эң натыйжалуу мелдеш болду. Ошол Олимпиадада эң көп медалга биздин боксчуларыбыз ээ болушту. Булгаары мээлей чеберлеринин 7 өөсү Риодон медаль менен кайтты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Алар Хасанбой Достматов, Шахобиддин Зоиров, Фазлиддин Гоибназаров (алтын), Шахрам Гиёсов, Бектемир Меликузиев (күмүш), Рустам Төлаганов, Муроджон Ахмадалиев (коло). Бул ийгилик Олимпиада бокс мелдештериндеги эң жогорку натыйжа болуп саналат. Спорттун бул түрү боюнча медаль чогултууда алар Куба, Казакстан жана Россиядан келген атаандаштарын артта калтырышып, спорттун бул түрүндө биринчикке ээ болушту. Оор атлетикачыбыз Руслан Нуриддинов Олимпиаданын рекордун орноткон түрдө, алтын медалдын ээсине айланды.

**Футбол**. Эгемендүүлүк жылдарында спорттун эң массалык түрү – футболго этибар мамлекеттик саясат деңгээлине көтөрүлдү. Министрлер Кабинети Өзбекстанда массалык жана профессионалдык футболду өнүктүрүү, анын материалдык базасын чыңдоо, футболчулардын жаңы муунун даярдоо жана тарбиялоо, Мекенибиз футболунун эл аралык аброюн жогорулатуу максатында 1993-жылы «Өзбекстан Республикасында футболду өнүктүрүүнүн иш-чаралары жөнүндөгү», 1996-жылы «Өзбекстанда футболду өнүктүрүүнүн уюштуруу негиздери менен принциптерин өркүндөтүүнүн иш-чаралары жөнүндөгү», 2006-жылы «Өзбекстанда футболду өнүктүрүү боюнча кошумча иш-чаралар жөнүндөгү» Өзбекстан Республикасы Президентинин токтомдору чоң мааниге ээ болду.



Футбол боюнча эл аралык категориядагы калыс Р. Эрматов

Дүйнөгө Өзбекстан спортчуларынын потенциалы менен кудуретин көрсөтүп жаткан өзбек калысы Равшан Эрматов Өзбекстан футбол федерациясынын эл аралык категориядагы калысы, 2003-жылдан ФИФАнын

**Эсте сакта!**

Өзбекстандын футбол курама командасы эл аралык турнирлерде үч жолу сыйлыкка татыктуу болгон. Биринчиси, 1994-жылкы Азия оюндарында олимпия курама командасы, 2012-жылы 17 жашка чейин болгон өсмүрлөр Азия чемпионатынын жеңишчиси, 2018-жылы 23 жашка чейин болгон олимпия курама командасы Азиянын чемпиону наамына татыктуу болду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

калысы статусун алган. 2008, 2009, 2010, 2011 жана 2014-жылдарда беш жолу Азиянын эң мыкты калысы деп таанылды. Эл аралык футбол уюмдарынын федерациясы аны 2011-жылы «Дүйнөнүн эң мыкты калысы» катары тааныды. Р. Эрматов өзүнүн ишкердиги учурунда футбол боюнча дүйнөлүк чемпионаттардын финал баскычында эң көп – 11 жолугушууну тейлеп (2018-жылга чейин), дүйнөлүк рекордду орноткон. Равшан Эрматов Президенттин указдары менен 2010-жылы «Өзбекстандын сыймыгы» ардактуу наамы, 2014-жылы «Эл-журттун урматы» ордени, ошондой эле, 2015-жылы «Чоң кызматтары үчүн» ордени жана «Malibu» автомобили менен сыйланды.



Азия чемпиондору. 2018-жыл

2018-жылы Кытайда өткөрүлгөн 23 жашка чейинки жаштар ортосунда өткөрүлгөн Азия чемпионатында Өзбекстандын курама командасы жеңип чыкты. Президент Ш. Мирзиёевдин көрсөтмөсү менен Азия чемпионатында жеңишке жетишкен Өзбекстан олимпия курама командасынын мүчөлөрүн салтанаттуу сыйлоо аземи өткөрүлдү. Материк чемпиондорунун ар бирине Президенттин белеги – бирден жаңы «Shevrolet Malibu» автомобили ыйгарылды.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында спорт жаатында кандай иш-чаралар ишке ашырылды?
2. Үч баскычтуу спорт оюндарын өткөрүүдөн максат эмне?
3. Олимпиада оюндарындагы жеңип чыккан катышуучуларды сана.
4. Өзбекстан бокс мектебин, эл аралык майдандагы жеңишин түшүндүр.
5. Өзбек улуттук күрөшүн, анын өнүгүү баскычтарын айт.
6. Өзбекстан футбол курама командаларынын ийгиликтери менен байланыштуу мелдештерди эсте! Алар кайсы жылдарда болгон?

## 14-тема. Өзбекстанда жаштар саясаты

**Жаштар уюму**. Өзбекстан Республикасы эгемендүүлүккө жетишкенден кийин өлкө жаштарынын башын кошуу үчүн «Жаштар уюму» түзүлдү. Уюм жаштарды өзүнүн пленум жана конференцияларынын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

токтомдорун аткарууга багыттоого урунушу, токтомдордо жаштардын талам жана кызыкчылыктары толук чагылбыгандыгы натыйжасында 1996-жылы «Жаштар уюму» жоюлуп, Өзбекстан Республикасы жаштарынын «Камолот» фонду түзүлдү. «Камолот» фондунун милдетин жаштардын талам жана кызыкчылыктарын үйрөнүү, аларды канааттандыруу үчүн программа түзүү жана мамлекеттин жардамы менен аларды турмушта колдоо түзгөн. Бирок «Камолот» жаштар фонду мындай милдетти аткара албады, жаштардын чыныгы маанидеги жетекчисине айланбады, деп табылды.

2001-жылы Ташкентте болуп өткөн жаштар курултайында өзүн-өзү башкарчу мамлекеттик жана коммерциялык эмес уюм – Өзбекстан Республикасынын «Камолот» жаштар коомдук кыймылы түзүлдү. «Камолот» жаштар коомдук кыймылынын негизги максатын жаштарды бириктирүү, аларга коомдо өзүнүн ордун ээлөөгө көмөктөшүү, алардын таламдарын коргоо, улан-кыздарга өздөрүнүн акылын, күч-кудуретин толук сыртка чыгаруу үчүн керектүү шарттарды түзүү, жаш муунга таяныч болуу түзөт. Кыймылдын Каракалпакстан Республикасы, облустар, Ташкент шаар, район жана шаар бөлүмдөрү, билим берүү мекемелери, аскердик бөлүктөр, укук тартиби органдарында башталгыч уюмдары түзүлдү. Алар 14 жаштан 28 жашка чейин болгон Өзбекстандын жарандарын өзүнүн катарына көңүлдүү түрдө бириктирип иштеди.

2017-жылдын 30-июнунда Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёевдин катышуусунда «Камолот» Жаштар коомдук кыймылы (ЖКК)-нын курултайы болуп өттү. Бул курултайда «Камолот» ЖКК жоюлгандыгы жана «Өзбекстандын Жаштар уюму» түзүлгөндүгү жарыяланды. Жаштардын көйгөйлөрү, ошондой эле алардын демилгелери Өзбекстан Президентинин түздөн-түз көзөмөлүндө болушун камсыздоо максатында «Өзбекстан Жаштар уюмунун» төрагасы бир мезгилдин өзүндө Президенттин мамлекеттик кеңешчиси мансабында болушу да белгилеп коюлду.

**Эсте сакта!**

1996-жылы «Камолот» жаштар фонду түзүлдү. 2001-жылы фонд «Камолот» жаштар коомдук кыймылына айландырылды. 2017-жылы кыймылдын ишкердиги жоюлуп, «Өзбекстан Жаштар уюму» түзүлдү. 30-июнь күнү «Жаштар күнү» иретинде белгилене турган болду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Жаштардын мамлекет тарабынан колдоп-кубатталышы**. Улуттун келечеги бардык жактан күчтүү жаштардын колунда. Өзбекстан калкынын 60 пайыздан көбүн 30 жашка чейин болгон жаштар түзөт. Республикабыз эгемендүүлүккө жетишкен алгачкы доордон эле жаш муундун таалим-тарбиясына, ден соолугуна өзгөчө көңүл бурулууда. Бул олуттуу маселе мамлекет саясатынын эң маанилүү милдеттеринен бири эсептелет. Кадрларды даярдоонун улуттук программасы, билим берүү жаатындагы дүйнөлүк үлгүлөргө ылайык реформалар, калктын саламаттыгын сактоого багытталган чексиз иштердин негизинде да мына ушул максаттар жатат. 1991-жылдын ноябрында «Өзбекстан Республикасында жаштарга тиешелүү мамлекет саясатынын негиздери жөнүндөгү» мыйзам кабыл алынды. 1997-жылы Президенттин шыктуу жаштардын чет өлкөдө окушун колдоп-кубаттоо боюнча «Үмүт» фондун түзүү жөнүндөгү указы жарыяланды.

Өзбекстан Республикасы Президентинин 2014-жылдагы «Өзбекстан Республикасында жаштарга тиешелүү мамлекеттин саясатын ишке ашырууга багытталган кошумча иш-чаралар жөнүндөгү» токтомунун кабыл алынышы өлкөбүздө жогорку руханияттуу, эркин пикирлеген, заманбап илимдин жетишкендиктерин мыкты өздөштүргөн, ар тараптан мыкты жана жеткилең муунду эрезеге жеткирүү жаатындагы иштердин логикалык уландысы болду. Токтом илим-билимди өнүктүрүү, шыктуу жана жөндөмдүү жаштарды, ошонун катарында, кыздардын интеллектуалдык потенциалын ишке ашыруу үчүн кеңири шарттарды түзүүгө багытталган.

Эгемендүүлүк жылдарында шыктуу кыздардын адабият, маданият, көркөм өнөр, илим жана билим берүү багыттарында өзүнүн талантын, шыгын жана жөндөмүн көрсөтүүгө өбөлгө түзгөн Өзбекстан Республикасы Президентинин 1999-жылы кабыл алынган «Зулфия атындагы мамлекеттик сыйлыкты уштуруу боюнча сунуштарды колдоп-кубаттоо жөнүндөгү» указы коомдун турмушунда жеткилең адис, жетекчи жана шыктуу кыздар тобунун калыптанышына негиз түздү.

80 ге жакын кыз-келиндердин классикалык ыр, академиялык аткаруу, эстрада, опера, балет, инструментте ойноо, салттык аткаруучулук, бий

**Эсте сакта!**

2017-жылга келип 14 жаштан 22 жашка чейин болгон кыздардан турган «Зулфия» сыйлыгы ээлеринин саны 200 дөн ашты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

багыттарында «Нихол» сыйлыгы менен сыйланышы чыныгы мааниде аларга көрсөтүлүп жаткан бийик урмат жана камкордуктун үлгүсү болду.

Аскердик кызматтын жаштар үчүн чыныгы турмуштук принциптерин, кызматты аяктап жаткан жаштарды кызыктыруунун маанисин, алар окууну улантышы жана мамлекеттин жогорку окуу жайларына окууга кириши үчүн жеңилдик жана шарт жаратууну этибар алып, 2005-жылы Өзбекстан Республикасы Президентинин «Өзбекстан Республикасы Куралдуу Күчтөрү катарында мөөнөттүү аскердик кызматты өтөп жаткан аскердик кызматчыларга ыйгарылчу жеңилдиктер системасын өркүндөтүүнүн иш-чаралары жөнүндө» токтому жарыяланды. Токтом боюнча, Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү катарында мөөнөттүү аскердик кызматты өтөп болгон жарандар үчүн республиканын жогорку окуу жайларына окууга кирүүдө тест сыноолорунда чогултула турган эң көп баллдын 25 пайызы көлөмүндө кошумча балл формасында жеңилдик берүү белгиленди.

Эгемендүүлүк жылдарында жаштардын ар тараптан жеткилең болуп эрезеге жетиши үчүн чыныгы мыйзамдуулук базасы жаратылды. Алсак, 23 мыйзам жана 100 дөн ашуун нормативдик-укуктук документтер кабыл алынып, турмушта ырааттуу колдонулууда. Мындан тышкары, жылдарга ат коюуда да жаштардын таламдары этибар алынды. Мисалы, 2000-жыл «Саламат муун жылы», 2001-жыл «Энелер жана балдар жылы», 2008-жыл «Жаштар жылы», 2010-жыл «Жеткилең муун жылы», 2014-жыл «Саламат бала жылы», 2016-жыл «Саламат эне жана бала жылы» аталып, иш-чаралардын ишке ашырылышы да пикирибиздин далил боло алат.

**Жаштарга этибардын күчөшү**. 2016-жылы «Жаштарга тиешелүү мамлекеттик саясат жөнүндөгү» Өзбекстан Республикасынын мыйзамы кабыл алынды. Ал боюнча, 30 жашка чейин болгон бардык тайпадагы адамдар жаштар экендиги баса белгиленген. «Жаштарга тиешелүү мамлекеттик саясат жөнүндөгү» мыйзамдын кабыл алынышы өлкөбүздө жаштардын укуктарын жана мыйзамдык таламдарын бекемдөөгө,




Темурбектер мектеби



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жаштарга тиешелүү мамлекеттик саясатты ишке ашырууда мамлекеттик органдар жана башка уюмдардын жоопкердигин күчөтүүгө, бул багытта саламат, жеткилең муунду тарбиялоо боюнча иш-чаралардын натыйжалуулугун жогорулатууга кызмат кылат. Президентибиздин 2017-жылдын июлундагы «Жаштарга тиешелүү мамлекеттик саясаттын натыйжалуулугун жогорулатуу жана Өзбекстан Жаштар уюмунун ишин колдоп-кубаттоо жөнүндөгү» указы боюнча, өлкөбүздөгү бардык аскердик академиялык лицейлерге «Темурбектер мектеби» наамы ыйгарылды. Жаштарды кызыктыруу максатында «Жоомарт уул» сыйлыгы уюштурулду. Сентябрда окуучулардын анык илимдердин бийик чокуларын ээлешине көмөктөшүү, маалымат-коммуникация технологиялары жаатындагы шыгын аныктоо үчүн зарыл шарттарды түзүү максатында Өзбекстан Республикасынын Маалымат технологияларын жана коммуникацияларын өнүктүрүү министрлигинин карамагында Мухаммад ал-Харезмий атындагы маалымат-коммуникация технологиялары багытына тиешелүү предметтерди тереңдетип окутууга адистештирилген мектеп (Ал-Харезмий мектеби) ачылды. Мектепке окуучулар 5-класстан баштап жазма жана оозеки сыноонун натыйжалары боюнча тандоонун негизинде кабыл алынат.

**Ой толгоо!**

«Бүгүнкү дүйнөнүн жаштары – сан жагынан бүткүл адамзаттын тарыхындагы эң ири муун, анткени алар 2 млрд адамды түзөт. Планетабыздын эртеңки күнү, бейпилдиги перзенттерибиз кандай инсан болуп эрезеге жетишинен көз каранды. Биздин негизги милдетибиз – жаштар өзүнүн жөндөмүн көрсөтө алышы үчүн зарыл шарттарды жаратуудан, зомбулук идеясынын «вирусу» таралышынын алдын алуудан турат. Ал үчүн жаш муунду социалдык колдоп-кубаттоо, анын укук жана таламдарын коргоо жаатындагы көп жактуу шериктештикти өнүктүрүү зарыл, деп эсептейбиз. Ушуга байланыштуу Өзбекстан глобалдашуу жана маалымат-коммуникация технологиялары тез өнүгүп жаткан бүгүнкү шартта жаштарга тиешелүү саясатты калыптандыруу жана ишке ашырууга багытталган жалпылаштырылган эл аралык укуктук документ – БУУнун Жаштар укуктары жөнүндөгү эл аралык концепциясын иштеп чыгууну сунуш кылат».

*Шавкат Мирзиёевдин БУУ Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясындагы докладынан.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Суроо жана тапшырмалар:**
1. Өзбекстанда жаштар жалпы калктын канчасын түзөт? Биз кимдерди жаштар деп атайбыз?
2. Lex.uz сайтынан 2016-жылдагы «Жаштарга тиешелүү мамлекеттик саясат жөнүндөгү» мыйзамды таап, мазмунун айт.
3. Өзбекстандын жаштар саясатынын негизги принциптерин түшүндүр.
4. Учурда жаштарга берилип жаткан жеңилдиктер жөнүндө эмне билесиң?
5. Президент Ш.Мирзиёевдин БУУ Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясында сүйлөгөн сөзүндө жаштарга карата пикирлерин түшүндүр.

# VII ГЛАВА. ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДА ӨЗБЕКСТАНДА РУХАНИЙ ЖАНА МАДАНИЙ ӨНҮГҮҮ

## 15-тема. Өзбекстанда руханий жана тарыхый мурастын калыбына келиши

**Тарыхый эскерүүнүн калыбына келиши.** Суверендүү мамлекет иретинде коомдук-саясий турмушта руханий жаңылануу жараянын баштан өткөрбөй, эгемендүүлүктү ар тараптан чындап болбостугун турмуштун өзү көрсөттү. Өлкөнүн жетекчилери эгемендүүлүктүн алгачкы күнүнөн эле бул боюнча зарыл чараларды көрдү.

1991-жылы Алишер Навоий туулган күнүнүн 550-жылдыгы кеңири белгиленди. Акындын ысымы менен  Мамлекеттик сыйлык уюштурулду. Адабият институтуна анын ысымы ыйгарылды. Навоийнин айкели Ташкенттин Комсомол көлү деп аталган сейил бакка орнотулду жана бак Алишер Навоий атындагы Өзбекстан Улуттук паркы деп аталчу болду.

1994-жылдын өкмөттүн токтому менен Улугбек жылы деп жарыяланышы, анын 600-жылдыгын Өзбекстанда жана дүйнөлүк көлөмдө, алсак, ЮНЕСКОнун резиденциясы Парижде кеңири белгилениши да залкар окумуштуулар калтырган мурас жалпы инсандык баалуулукка айланганынын белгиси. 1996-жылы Амир Темур туулган күнүнүн 660 жылдыгы да кең көлөмдө белгиленди. Ислам Каримов «1996-жылды Амир Темур жылы деп» деп атоо жөнүндө указ кабыл алды. «Темурдун түзүктөрү» бир нече тилде басылды. Ошол доордун тарыхый маданий эстеликтери калыбына келтирилип, жазма адабияттар илимий мамилеге коюлду. Ташкентте бабабыздын дүйнөлүк зоболосуна төп келген Темурийлер тарыхы мамлекеттик музейи курулду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Самарканд, Амир Темурдун айкели.



Шахрисабз, Амир Темурдун айкели.



Темурийлер тарыхы мамлекеттик музейи.

Өкмөттүн атайын токтому менен 1999-жылдын декабрында Харезмде Мухаммад Ризо Эрниязбек уулу Огахий туулган күнүнүн 190, Нукуста Ажыныяз Косубай уулу туулган күнүнүн 175, 1998-жылдын октябрында болсо Ферганада Ахмад ал-Ферганий туулган күнүнүн 1200 жылдыгы кеңири белгиленди. Ислам дүйнөсүнүн залкар окумуштуулары Имам Исмаил Бухарийдин 1225, Имам Абу Исо Термезийдин 1200, Махмуд Замахшарийнин 920, Нажмиддин Кубронун 850, Бахоуддин Накшбандийнин 675, Хожа Ахрор Валийнин 600 жылдыгы жана башка юбилейлер кеңири белгиленди.

**Эсте сакта!**

1993-жылы Ташкентте, 1996-жылы Самарканд жана Шахрисабзда Амир Темурдун айкели ачылды. Ошол жылы Самарканд жана Шахрисабз шаарлары «Амир Темур» ордени менен сыйланды.



Зулфия менен Хамид Олимжон.

**Адамды эскерүү түбөлүктүү.** Президент Шавкат Мирзиёевдин этибары менен элге эмгек сиңирген адамдардын урматын ордуна коюу салты улантылууда. 2017-2018-жылдарда бул боюнча ири иштер аткарылды. Ташкент Самарканд жана Каршыда Ислам Каримов, Наманган облусунда Исхакхан Ибрат, Харезм облусунда Камилжон Отаниязов, Каракалпакстанда Ибрайим Юсупов, Ферганада Эркин Вахидов, Кашкадарыяда Абдулла Орипов, Андижанда Мухаммад Юсуфтун бейнелерин



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

түбөлүктөштүрүү боюнча чоң иштер жасалды. Алардын ысымы менен аталчу борборлор, чыгармачыл мектептер ачылды. Жызак шаарында Хамид Олимжон менен Зулфияга арнап тургузулган эстелик комплекси ачылды.

Өлкөбүздүн өнүгүшү жолунда эмгек сиңирген, улуттук адабият жана маданиятыбыздын өнүгүшүнө чоң салым кошкон мамлекеттик ишмер, белгилүү жазуучу Шароф Рашидов туулган күнүнүн 100 жылдыгынын белгилениши элибизди кубандырды.

Президенттин 2017-жылдын 27-мартындагы «Белгилүү мамлекеттик ишмер жана жазуучу Шароф Рашидов туулган күнүнүн 100 жылдыгын белгилөө жөнүндөгү» токтому негизинде 2017-жылдын 6-ноябрында – Шароф Рашидов туулган күнү Жызакта салтанаттуу азем болуп өттү. Өткөрүлгөн аземде Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев катышып, доклад жасады.

Өзбекстан Республикасы Президентинин 2017-жылдын 25-январындагы «Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Абдуганиевич Каримовдун бейнесин түбөлүктөштүрүү жөнүндөгү» токтому менен Ислам Каримовдун айкелдери Өзбекстандын борбору Ташкент шаарына, Ислам Каримов туулуп өскөн Самарканд шаарына жана Ислам Каримов биринчи жетекчи болуп эмгектенген Кашкадарыя




Ш. Рашидовдун айкели. Жызак.



И. Каримовдун күмбөзү.

**Эсте сакта!**

Өлкөнүн жетекчилигине Ислам Каримов келгенден кийин, Шароф Рашидовго болгон бардык жалаааларга чек коюлду. Анын таза ысымы акталды. 1992-жылы Шароф Рашидов туулган күнүнүн 75 жылдыгы кеңири белгиленди. 2016-жылы Президент Шавкат Мирзиёевдин демилгеси менен Жызак районуна Шароф Рашидовдун ысымы ыйгарылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



И. Каримовдун айкели. Аксарай.

облусунун Каршы шаарына орнотулду. 2018-жылы Самарканд шаарында, Ислам Каримовдун сөөгү коюлган жерде, эстелик комплекси тургузулду. Көп жылдар бою эмгектенип келген Ташкент шаарындагы Аксарай резиденциясында Ислам Каримов атындагы илимий-агартуу эстелик комплекси түзүлдү. Ошондой эле, бир топ көчө жана ири объекттерге Ислам Каримовдун ысымы ыйгарылды. Президенттин указы менен 2018-жылдын 30-январында Ислам Каримов туулган күнүнүн 80 жылдыгы кеңири белгиленди, 24-мартта Самаркандда эл аралык конференция өткөрүлдү.

**Улуттук үрп-адат, баалуулук жана салттардын калыбына келиши.** Эгемендүүлүктүн шарапаты менен улуттук-руханий мурасты калыбына келтирүү, жаңылоо, элибиздин аң-сезимине жеткирүү жана турмушуна сиңдирүү маанилүү милдет иретинде күн тартибине коюлду.



**Эсте сакта!**

Өзбекстанда расмий түрдө 3 эскерүү күнү бар: 1) 1999-жылдан баштап 9-май – «Эскерүү жана кадырлоо күнү»; 2) 2001-жылдан баштап 31-август – «Куугунтук курмандарын эскерүү күнү»; 3) 2017-жылдан баштап 2-сентябрь – Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримовду эскерүү күнү.

**Өзүңдү сына!**

Бабалардын бейнеси – бул ...

Ислам Каримов – бул ...

Шароф Рашидов – бул ...

2017-жылкы руханий – ...

Элибиздин эзелки баалуулугу, сүйүктүү майрамы саналган «Нооруз» майрамынын элибизге кайтарылышы өлкөнүн тарыхында чоң окуя болду. 1991-жылдан баштап мамлекетте Президенттин указы менен, 21-март – Нооруз жалпы элдик майрам иретинде белгиленчү болду. Байыркы элдик майрам – Ноорууздун калыбына келишин республикабыздын жалпы калкы шаттык менен макулдап, көтөрүңкүлүк менен тосуп алды жана учурда ал ардактуу майрам иретинде белгиленүүдө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



«Нооруз» майрамынын салтанаты

Өзбекстан советтердин карамагында болгон оор күндөрдө Ислам Каримов элдин каалоо-тилегин тыңшап, унутулгус тарыхый документке кол койду. 1990-жылдын 2-июнунда «Мусулмандардын Саудия Аравиясына ажыга чыгышы жөнүндөгү» указын жарыялады.

**Эсте сакта!**

2016-жылы өзбек палоосу ЮНЕСКОнун материалдык эмес маданий мурастар тизмесинде катталды.

Өлкөдө ислам дини факторунан өнүмдүү пайдалануу, анын бай руханий жана маданий баалуулук иретиндеги мүмкүнчүлүктөрүн кеңитүүнүн чаралары көрүлдү. Алсак, 1990-жылы мусулмандардын Ажы зыяратына барышын кепилдеген Президенттин атайын указы кабыл алынды.

1992-жылдын 27-мартында Өзбекстан Президентинин «Орозо айтын эс алуу күнү, деп жарыялоо жөнүндөгү» указы менен мусулмандардын турмушундагы куттуу күндөр – Курман жана Рамазан айыты күндөрүн жыл сайын майрамдалышы жана алардын эс алуу күнү, деп жарыяланышы да элибиздин оюндагы иш болду.




Курандын өзбекче котормо нускасы.

«Ислам нуру» жумалыгы, «Хидоят» журналы жарык көрдү, көптөгөн диний-ахлактык адабияттар басыла башталды. Алсак, Имам Бухарийнин төрт томдон турган, Имам Термезийдин бир томдук хадис китеби, башка окумуштуулардын чыгармалары жүз миңдеген нускаларда басылды. Куран карим сегиз жолу, 1 000 000 нускада басылды. Бул ыйык китеп 1992-жылы Алоуддин Мансур тарабынан өзбек тилине которулду жана үч жолу, бардыгы болуп 300 000 нускада жарык көрдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

2004-жылы Ташкент Ислам университетинде Курандын шайх Абдулазиз Мансурдун котормосунда түшүндүрмө басылышы жарык көрдү.

**Эсте сакта!**

Президент Шавкат Мирзиёевдин демилгеси менен калктын жана акыркы жылдарда ажы зыяратына баруу тилегин билдирген жарандар санынын көбөйүшү этибар алынып, 2017-жылдан өзбекстандык жарандар үчүн ажы квотасынын саны 5200 дөн 7200 гө көбөйтүлдү.

Бул багытта Өзбекстандын мусулмандары эркиндик жана мүмкүнчүлүктөргө ээ. Алар түздөн-түз өкмөттүн жардамында жыл сайын ыйык ажы жана умра амалдарын аткаруу мүмкүнчүлүгүнө жетишти. Эгерде советтердин тушунда өлкөбүз жарандарынан 3-4 адам гана ажы сапарына чыккан болсо, 2016-жылга чейин жыл сайын 5000 ден ашуун жарандарыбыз ажы болуп келишти.

Руханий тазаруу, баалуулуктардын калыбына келиши бир күндө жүрчү жараян эмес, ал бизден тынымсыз иш жүргүзүүнү талап кылат. «Имам Абу Мансур ал-Мотуридий туулган күнүнүн 1130 жылдыгын белгилөө жөнүндөгү», «Бурханиддин ал-Маргынаний туулган күнүнүн хижрий эсеп боюнча 910 жылдыгын белгилөө жөнүндөгү» Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин токтомдору пикирибиздин далили боло алат. 2003-жылы накшбандия окуусунун негиздөөчүсү Абдухалык Гыждуваний туулган күнүнүн 900 жылдыгы кеңири белгиленди.

**Муну оку!**

- 1997-жылы Хива жана Бухара шаарларынын 2500 жылдык юбилейи белгиленди.
- 2002-жылы – Термез шаарынын 2500 жылдык юбилейи белгиленди.
- 2002-жылы – Шахрисабз шаарынын 2700 жылдыгы белгиленди.
- 2003-жылы – Нукус шаарынын 70 жылдыгы белгиленди жана шаар «Достук» ордени менен сыйланды.
- 2006-жылы – Каршы шаарынын 2700 жылдыгы белгиленди.
- 2006-жылы – Харезм Маъмун академиясынын 1000 жылдыгы белгиленди.
- 2007-жылы – Самарканд шаарынын 2750 жылдык юбилейи өткөрүлдү.
- 2007-жылы – Маргылан шаарынын 2000 жылдык юбилейи өткөрүлдү.
- 2009-жылы – Өзбекстан Республикасынын борбору Ташкент шаарынын 2200 жылдыгына арналган салтанаттуу азем өткөрүлдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Руханиятты үгүттөө.** Өлкөнүн руханий турмушун дагы да жакшыртууда 1994-жылы Президенттин токтому менен түзүлгөн «Руханият жана агартуу» коомчулук Борбору чоң роль ойноду. Өлкөбүздө улуттук идеяны үгүттөөнү жана руханий-агартуу иштеринин натыйжалуулугун жана таасирин жогорулатуу максатында Өзбекстан Республикасы Президентинин 2006-жылы 25-августтагы токтому менен Республика Руханият жана агартуу Кеңешинин курамында эки борбор – Республика Руханиятты үгүттөө борбору жана Улуттук идея жана идеологиянын илимий-практикалык борбору түзүлдү. Премьер-министр Кеңештин төрагасы, акимдер облус аймактык кеңештердин төрагалары кылып белгиленди. Руханий-агартуу иштери системасы заман жана шарттын талабына ылайык өркүндөтүлдү. Учурда дүйнөдөгү татаал жана кооптуу жагдай бул багытта ишке ашырылган иштерди сын көз менен баалап, аны замандын талаптары негизинде өркүндөтүүнү талап кылууда. Ошол себептен Өзбекстан Республикасы Президентинин 2017-жылы 28-июлдагы «Руханий-агартуу иштердин натыйжалуулугун жогорулатуу жана тармакты өнүктүрүүнү жаңы баскычка көтөрүү жөнүндөгү» токтому кабыл алынды. Ал боюнча, Республика Руханият жана агартуу кеңешинин Республика Руханиятты үгүттөө борбору менен Улуттук идея жана иделогиянын илимий-практикалык борборун бириктирүү жолу менен алардын негизинде Республика Руханият жана агартуу борбору кайра түзүлдү. Өзбекстан Республикасы Президентинин Республика Руханият жана агартуу кеңешине төрагалык кылышы белгиленди.

**Суроо жана тапшырмала**р:

1. Тарыхый эскерүү деген эмне?
2. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында кайсы окумуштуулардын юбилейлери белгиленди?
3. Өзбек элинин баалуулуктарын жана салттарын кайра калыбына келтирүү боюнча кандай токтомдор кабыл алынды?
4. 2007-жылы Ташкенттин Ислам маданиятынын борбору деп аталыш себептерин санаганга аракеттен.
5. Төмөнкү жадыбалды толтур. Тарыхый адамдарга бүгүнкү этибар боюнча маалымат чогулт.

| Алишер Навоий | Амир Темур | Шароф Рашидов | Ислам Каримов |
|---|---|---|---|
| | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 16-тема. Өзбекстанда маданият жана көркөм өнөр

**Руханият очоктору. Театр**. Эгемендүүлүк жылдарында маданий турмушта да түпкү өзгөрүүштөр жүрдү. Бул, эң мурда, театр көркөм өнөрүнүн өнүгүшүндө таасын сезиле баштады, жаңы театрлар курулуп, ишке түшүрүлдү. 1991-жылы Фергана, 1993-жылы Харезмде мамлекеттик куурчак театрлары иш баштады, 1994-жылы Кашкадарыя, Наманган облустук театрларынын алдында куурчак топтору, 2001-жылы Сурхандарыя облустук куурчак театры ачылды.



Алишер Навоий атындагы Өзбекстан мамлекеттик академиялык чоң театры.

Өзбек мамлекеттик академиялык драма (2001-жыл), Өзбекстан академиялык орус драма театрлары (1999-жыл) сыяктуу борбордук жана облус театр жамааттарына жаңы имараттар курулду, ремонттолду. 2015-жылдын октябрында реконструкцияланган Алишер Навоий атындагы Өзбекстан мамлекеттик академиялык чоң театрынын ачылыш аземи болду.



Симпозиумдар сарайы жана Өзбекстан Улуттук китепканасы.

1993-жылдын сентябрында «Түркстан» сарайы иш баштады. 2009-жылы «Өзбекстан» эл аралык форумдар сарайы, 2011-жылы Симпозиумдар сарайы жана Алишер Навоий атындагы Өзбекстан Улуттук китепканасынан турган Агартуу борбору комплекси, 2014-жылы Фергана облусунда Театр-концерт сарайы сыяктуу руханият очоктору ачылды.

Өзбекстан Республикасы Президентинин «Өзбекстан театр көркөм өнөрүн өнүктүрүү жөнүндөгү» (1998-жыл) указы боюнча руханий-агартуу реформаларында театр ишмерлеринин активдүү катышуусун камсыздоо, улуттук баалуулуктарды жайылтуучу көркөм сахна чыгармаларын жаратуу максатында «Өзбектеатр» чыгармачыл-өндүрүштүк бирикмеси түзүлдү. 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча «Өзбектеатр» бирикмеси жоюлуп, анын функциялары Маданият министрлигине өткөрүлдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

2001-жылы Өзбек мамлекеттик академиялык драма театрына Президенттин указы менен «Улуттук театр» статусу берилди. 2014-жылы Президент «Өзбек улуттук академиялык драма театрынын 100 жылдыгын белгилөө жөнүндө» токтом кабыл алды. Театр ремонттолду жана юбилей чаралары өткөрүлдү.



Өзбек улуттук академиялык драма театрынын имараты.

Ошондай эле облустун жамааттары да эл аралык маданий мамилелерде катышууда. Мында Өзбекстан Жаштар театры, Илхом театры жана Кашкадарыядагы «Эски мечит» театр-студиясы активдүүлүк көрсөттү. 2018-жылы Өзбекстандын Коргоо министрлигинин алдында алгачкы жолу аскердик театр-студия – «Турон» түзүлдү. Бул театр аскерлер жана алардын үй-бүлөсүнө гана эмес, жалпы элге кызмат кылат.

2017-жылы театр өнөрү жаатында да кеңири реформалар жүрдү. Эң мурда, 2017–2021-жылдарга болжолдонгон Аракеттер стратегиясында театр жана тамаша очокторунун, маданий-агартуу уюмдарынын ишин өнүктүрүү жана өркүндөтүү, алардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо белгилеп коюлду. Маданият мекемелеринин ишин уюштуруу, маданият менен көркөм өнөрдүн коомдун турмушундагы ордун жана ролун жогорулатуу, жаш муунду улуттук жана жалпы адамзатка берилгендик рухунда тарбиялоо максатында Өзбекстан Республикасы Президентинин «Маданият жана көркөм өнөр тармагын дагы да өнүктүрүү жана өркүндөтүү боюнча иш-чаралар жөнүндөгү» токтому кабыл алынды. Учурда өлкөбүздөгү 37 театрдын ишин камсыздоо үчүн 2017-жылдын өзүндө мамлекеттик бюджеттен 81 млрд сумдан ашуун каражат бөлүндү. Өзбекстан Республикасы Президентинин «Мамлекеттик маданият мекемелери жана мамлекеттик архивдер кызматчыларынын эмгегине акы төлөөнүн өркүндөтүлгөн системасын колдонуу жана аларды материалдык колдоп-кубаттоону күчөтүү жөнүндөгү» токтому менен мамлекеттик маданият мекемелеринин артисттери, административдик-башкаруу, көркөм жетекчи, чыгармачыл жана башка кызматчыларынын эмгек акысы орточо 45 % га ашырылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Музыка жана бий көркөм өнөрү**. Эгемендүүлүк жылдарында музыка көркөм өнөрүндө түпкү бурулуш салтка кайтууда, салттык обондордон эргүү жана таасирленүүдө көрүндү. Ал үчүн, эң мурда, элге жакындашуу, эл арасында жүрүү, анын ичинен эң мыкты таланттарды табуу зарыл эле.

Ошол максатта 1992-жылы бир нече кароо-сынактар өткөрүлдү. Алсак, Ташкент шаарында мартта улуттук сөз чеберлеринин «Кылымдарга теңдеш обондор», апрелде белгилүү чеберлер чыгармалары аткаруучуларынын «Түбөлүктүү үндөр», Харезм облусунда майда фольклордук жамааттардын, июнда Кокон шаарында аския, кызыкчы жана маскарапоздордун жана августта Ташкент шаарында фольклор аткаруучуларынын кароо-сынактары уюштурулду. Алар бир нече ондогон таланттарды ачты. Мындай иш-чараларды, фестивалдарды өткөрүү салтка айланып, эл аралык көлөмдө материалдык эмес маданий мурасты асыроо боюнча жасалган аракеттер менен жуурулушуп кетти.

Эгемендүүлүк доорунда профессионалдык музыка жана бийди өнүктүрүү иштерине да өзгөчө көңүл бурулду. 1996-жылы «Өзбекнаво» гастрол-концерт бирикмеси түзүлдү. Президенттин указы менен 1997-жылы Мукаррама Тургунбаева атындагы «Өзбекбий» улуттук бий бирикмеси жана Ташкент мамлекеттик улуттук бий жана хореография жогорку мектеби ачылды. Президенттин 2001-жылы «Өзбекнаво» эстрада бирикмеси, Улуттук эстрада көркөм өнөрүн өнүктүрүү жана жөнгө салуу Кеңеши иш баштады.

Эгемендүүлүк доорунда таптакыр жаңы кароо-сынактар, фестивалдар пайда болду. 1995-жылы Министрлер Кабинети «Өзбекстан – Мекеним менин» темасында кароо-сынак өткөрүү боюнча токтом кабыл алды. 1996-жылдын мартынан өткөрүлүп жаткан бул сынак эгемендүүлүктү, Мекенди түшүнүү, улуулоо жолундагы маанилүү кадам болду. 1996-жылдын 27-августунда атайын указ кабыл алынды. Анда жыл сайын август айынын үчүнчү жекшембиси, «Өзбекстан – Мекеним менин» ыр майрамы күнү деп жарыяланды. Кароо эгемендүүлүктү ырдаган жүздөгөн ырлардын жаралышына түткү болду.



«Чыгыштын обондору» эл аралык музыка фестивалынын ачылыш аземи.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Министрлер Кабинетинин 1997-жылдагы токтому менен эки жылда бир жолу Самарканд шаарында «Чыгыштын обондору» эл аралык музыка фестивалы өткөрүлөт. Биринчи фестивалда дүйнөнүн 31 өлкөсүнөн өкүлдөр катышты. 2015-жылы X фестивалда 66 мамлекетин өкүлдөрү катышты.

**Эсте сакта!**

ЮНЕСКОнун адамзаттын материалдык эмес маданий мурасы тизмесинен Шашмаком (2008), Байсун маданий чөйрөсү (2008), Ноорuz (2009), Чоң ыр (2009), Аския (2014) орун алды. 2017-жылы Президенттин токтому менен Өзбек улуттук маком өнөрүнүн борбору түзүлдү. 2018-жылдан баштап Шахрисабз шаарында эки жылда бир жолу Эл аралык маком көркөм өнөрү фестивалын өткөрүү белгиленди.

1998-жылы өлкөбүздө биринчи жолу симфониялык музыка фестивалы өткөрүлдү. Анда 20 га жакын мамлекеттен аткаруучу катышты.

Эгемендүүлүк жылдарында музыка көркөм өнөрүнүн академиялык, салттык жана заманбап багыттарынын өнүгүшүнө зарыл шарттарды түзүү менен бир катарда билим берүүгө да көңүл бурулду. 2002-жылы Ташкент мамлекеттик консерваториясы Өзбекстан мамлекеттик консерваториясына айландырылды. Консерваториянын жаңы имараты курулду.

Президенттин токтому менен кабыл алынган Балдар музыка жана көркөм өнөр мектептеринин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана алардын ишин жакшыртуу боюнча мамлекеттик программа да чоң мааниге ээ болуп, анын чегинде 2009–2014-жылдарда аймактарда 278 музыка жана көркөм өнөр мектеби пайдаланууга тапшырылды.

**Өзүңдү сына!**

Консерватория – бул ...

Материалдык эмес маданий мурас – бул ...

Музыка фестивалдары – бул ...

Руханият очоктору – бул ...

«Нихол», «Зулфия» атындагы мамлекеттик сыйлыктар уюштурулду, «Кубулжуган жылдыздар» республика балдар чыгармачылыгы фестивалы, «Сөздөр обону» жаш музыка аткаруучулар жана башка кароосынактар өткөрүлүп жаткандыгы жаңы таланттарды аныктоо жана колдоп-кубаттоо максаттарына кызмат кылат.

**Сүрөт көркөм өнөрү**. Сүрөт көркөм өнөрү үчүн эгемендүүлүк кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түздү. Эң мурда, 1997-жылы Өзбекстанда



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

биринчи жолу Көркөм академия түзүлдү. 2002-жылы Ташкент фото үйү, 2004-жылы Өзбекстан сүрөт көркөм өнөрү галереясы, 2005-жылы Өзбек кийимдери галереясы, 2006-жылы Маданият жана көркөм өнөр көргөзмөсү иш баштады.

Президенттин 1997-жылы «Элдик көркөм кол өнөрчүлүктү жана колдонмо көркөм өнөрдү өнүктүрүүнү мамлекеттик жол менен колдоп-кубаттоо иш-чаралары жөнүндөгү» указында колдонмо орнамент көркөм өнөрүнүн ролун жогорулатуу, колдо жасалган көркөм буюмдарды даярдоого мамлекет тарабынан көмөк көрсөтүү чаралары белгиленди. Алсак, «Өзбекстан Республикасынын эл устасы» сыймыктуу наамы дайындалды, «Кол өнөрчү» уюму түзүлдү.

**Кино.** Эгемендүүлүк жылдарында улуттук кино көркөм өнөрүн өнүктүрүүгө да өзгөчө көңүл бурулду. Алгачкы доордогу каржылык колдоп-кубаттоолор 2004-жылы «Өзбеккино» улуттук агенттиги түзүлгөндөн кийин жаңы баскычка көтөрүлдү.

2017-жыл кино көркөм өнөрү үчүн да маанилүү жыл болду. Ошол жылдын өзүндө «Өзбеккино» улуттук агенттигине мамлекеттик бюджеттен 12 млрд 400 млн сум акча бөлүндү. Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев 2017-жылы 29-декабрь күнү улуттук кино көркөм өнөрүнун кызматчы жана жетекчилери менен жолугушту. Анда кино көркөм өнөрүнүн материалдык-техникалык базасын чыңдоо, маданият жана көркөм өнөр багытындагы жогорку билим берүү мекемелерин, тажрыйба жана илим өркүндөтүүнү уюштуруу, аймактарда киноетарларды куруу, алардын ишин жолго коюу маселелери талкууланды. Ошондой эле, кинематография тармагын өнүктүрүү боюнча кабыл алынган токтомдордун аткарылышын камсыздоо, чет өлкөлүк киностудия жана киноактёрлор менен байланыштарды бекемдөө, алар менен шериктештикте фильмдер тартууну жолго коюу белгиленди.

**Көркөм адабият**. Көркөм адабиятта улуттук, миң жылдык тарыхый чыгармачыл салттар, жалпы инсандык баалуулуктар, эркин пикирлөө принциптери калыбына келди.

Көркөм адабиятта эгемендүүлүктү асыроо, азат жана абат Мекенди куруу, жеткилең инсанды тарбиялоо, улуттук өздүктү түшүнүп жетүү сыяктуу көйгөйлөр башкы темага айланды. Абдулла Арипов, Адыл Якубов, Примкул Кадыров, Хуршид Даврон сыяктуу сөз чеберлеринин тарыхый



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

роман, пьеса жана повесттеринде залкар бабаларыбыз Амир Темур, Мырза Улугбек, Бабур жана башкалардын бейнелери жалпы инсандык жана улуттук баалуулуктарга шайкеш түрдө жаңыча берилди.

Эгемендүүлүк доору адабиятынын чыгаандары Өзбекстандын баатырлары Саид Ахмад, Абдулла Арипов, Эркин Вахидов, Өзбекстан эл акыны Мухаммад Юсуфтардын чыгармачылыгы менен элибиз сыймыктанат.

Эгемендүүлүк доорундагы өзбек адабият таанусунун алдында турган милдеттерди аткарууда А. Шарафиддинов, Б. Касымов, Н. Каримовдордун чыгармалары өзгөчө орун ээлейт. Мухаммад Али менен Т. Маликтин романдары, У. Азим, Э. Аъзам, С. Саййид, Х. Худойбердиева, Х. Ахмедова, Ж. Эргашева, Х. Достмухаммад, Ш. Салимова сыяктуу акын жана жазуучулардын көркөм деңгээлдеги жеткилең идеялуу чыгармалары чоң салым болуп кошулду.

Жалпысынан алганда, адабиятка этибар маданияттын маанилүү багытын түздү. Жазуучуларды колдоп-кубаттоо жаатында 2010-жылы Өзбекстан Жазуучулар уюму алдында «Ижод» фонду түзүлүп, 2011-жылдан жаш жазуучулардын алгачкы китептери мамлекеттин эсебинен басылды.

Адабиятка болгон этибар 2017–2018-жылдарда аябай күчөдү. 2017-жылы 12-январда Өзбекстан Республикасы Президентинин «Китеп продукцияларын басуу жана таратуу системасын өнүктүрүү, китеп окуу жана китепти сүйүү маданиятын жогорулатуу жана үгүттөө боюнча комиссия түзүү жөнүндөгү» токтому кабыл алынды. Ошол жылдан баштап 10 жаштан 30 жашка чейин болгон китепти сүйүүчүлөрдүн ортосунда «Жаш окурман» республикалык кароо-сынагы уюштурулду. Ошондой эле, Өзбекстандын Президенти Ш. Мирзиёевдин 2017-жылы 3-август күнү чыгармачыл интеллигенттер менен болгон жолугушуусунда бир топ маданий мекемелерге демөөрчү уюмдар белгилеп берилди. Бул багытта Халк банки менен Жазуучулар уюмунун ортосунда «Достор клубу» түзүлдү. Клубдун түзүлүшү жазуучу жана акындардын социалдык турмуштагы ордун жана аброюн жогорулатуу, алардын чыгармачылык потенциалын ачуу, материалдык жана руханий жактан колдоп-кубаттоо, ылайыктуу эмгек жана жашоо шарттарын түзүү үчүн кеңири шарт түзөт.

**Музей.** Улутубуздун өздүгүн түшүнүп жетүүдө, улуттук баалуулуктарыбызды калыбына келтирүүдө музейлер өзгөчө роль ойнойт. Музейлер аркылуу тарыхты көрүүгө, сезүүгө жана үйрөнүүгө болот. Ошондук-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Эсте сакта!**

1991–1994-жылдарда 73 музей болгон болсо, 2017-жылы 450 гө жакын музей иштеп жатат.

тан эгемендүүлүк жылдарында музейлерди ремонттоо, аларды жаңы экспонаттар менен байытуу, жаңы музейлер курууга өзгөчө көңүл бурулду. 1996-жылы Ташкентте Темурийлер тарыхы мамлекеттик музейи, Олимпия даңкы, 2002-жылы Куугунтук Курмандарын эскерүү, Сурхандарыя облусунун Термез шаарында Археология музейи иш баштады.

Өзбекстан Президентинин 1998-жылдагы «Музейлердин ишин жакшыртуу жана өркүндөтүү жөнүндөгү» указы өлкөбүздө музей ишин өнүктүрүүнүн келечегин белгилеп берди. Музейлер мамлекеттин коргоосуна алынды, аларды ремонттоо, экспонаттарын байытуу мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржыланышы колдоп-кубатталды. Музейлердин ишин жөнгө салуу, илимий-методикалык жардам көрсөтүү, материалдык жактан колдоп-кубаттоо максатында 1998-жылы «Өзбекмузей» Республикалык фонду түзүлдү. Калктын музей таануу маданиятын жогорулатууга көмөктөшүүчү «Moziydan sado» журналы түптөлдү жана ал 1999-жылдан баштап өзбек, орус жана англис тилдеринде басыла башталды. Жаштардын руханиятында музейлердин мааниси эсепке алынып, 2014-жылы Министрлер Кабинетинин токтому менен жуманын шейшенби жана жума күндөрү балдар менен алардын ата-энелерине акысыз кызмат көрсөтүү, жыл сайын 2–8-сентябрь күндөрү «Музейлер жумалыгын» уюштуруу белгиленди.

Ошентип, мамлекет маданий турмуштун көп кырдуу өзгөчөлүгүн сактаган түрдө коомдун өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзүүгө көңүл буруп келе жатат. Ошондой эле, маданият Өзбекстан калкынын негизги бөлүгүн түзгөн жаштарга багытталгандыгы менен да чоң мааниге ээ.

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

**Симпозиум** (музыка, ыр окуу менен өткөн жыйын) – кандайдыр илимий маселеде өткөрүлчү эл аралык илимий кеңеш; илимий форум.

**Фестиваль** (*итал.* – салтанат, шаттык) – көркөм өнөрдүн музыка, кино, театр жана у. с. түрлөрүндөгү эң мыкты жетишкендиктер боюнча өткөрүлчү тандоо, сынактан турган массалык майрам, салтанат, сейил.

**Галерея** (*фр.* – алдыңкы айван) – имараттын эки бөлүгүн туташтырган үстү туюк узун жол; тамаша залында эң жогорку ярус.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында эмне себептен маданият менен көркөм өнөргө болгон этибар күчөдү?
2. Учурда Өзбекстанда кандай музейлер иштеп жатат?
3. Өлкөбүздө музыка фестивалдарын өткөрүүдөн максат эмне?
4. Кино көркөм өнөрүндөгү ийгилик жана кемчиликтерди сана.
5. Учурда театрлардын ишинде кандай өзгөрүштөр болду?

# VIII ГЛАВА. ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ САЯСАТЫ ЖАНА ЭКИ ЖАКТУУ МАМИЛЕЛЕРИ

## 17-тема. Өзбекстан Республикасы Тышкы саясий ишкердигинин калыптанышы жана негизги багыттары

**Өзбекстандын геосаясий абалы.** Өзбекстан Республикасы өзүнө мүнөздүү географиялык түзүлүшү менен Борбордук Азия чөлкөмүндөгү өлкөлөрдүн арасында өзгөчөлөнүп турат. Мындай географиялык жайлашуунун оң жана терс жактары болуп, алар республиканын геосаясий абалы менен геостратегиялык таламдарын, анын ички жана тышкы саясатын тандоо жана белгилөөдө чоң мааниге ээ.

Эгемендүү Өзбекстандын ыңгайлуу геосаясий мүмкүнчүлүктөрүн төмөнкүлөр түзөт: байыртадан Чыгыш менен Батыштын ортосундагы соода, маданий-илимий жана дипломатиялык карым-катыштардын жолу – Улуу Жибек жолу Өзбекстандын аймагынан өткөн; азыр да Европа менен Жакынкы Чыгыштан Азия-Тынч океаны чөлкөмүнө алып барчу жолдор Борбордук Азиядан, анын борборунда жайлашкан Өзбекстандан өтөт; Борбордук Азиянын борборунда жайлашкан Өзбекстан өзүнүн географиялык абалынан келип чыгып, бул чөлкөмдө күчтөрдүн катышын жана тең салмагын сактоо, экономикалык интеграция жараянын өнүктүрүү, туруктуулукту камсыздоо, шериктештикти чыңдоо мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Өзбекстан учурда кошуна өлкөлөр – Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркмөнстан жана Ооганстандын ортосунда данакер милдетин аткарып келе жатат. Өзбекстан өзүнүн жайлашкан орду боюнча Борбордук Азиянын транспорт, энергетика, коммуникация, суу системасынын борборунда жайлашкан. Табигый климаттык шарты ыңгайлуу, ири минералдык чийки зат коруна жана стратегиялык материалдарга ээ, дыйканчылык



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Борбордук Азиянын картасы

маданияты өнүккөн, өзүн азык-түлүк менен камсыздай алат. Өзүн мунай, газ, түстүү металлдар менен камсыздап гана калбай, аларды экспорттоо мүмкүнчүлүгүнө да ээ. Өзбекстан Республикасынын аймагында Менделеевдин мезгилдүү системасынын бардык элементтери бар.

Бул мүмкүнчүлүктөрдөн Өзбекстандын геосаясий орду ыңгайсыздыктардан оолак деп айтууга болбойт. Өзбекстан Республикасына кыйынчылык туудурган төмөнкүдөй факторлор да бар: Өзбекстан Фарс булуңу, Каспий деңизинин бассейни жана Тарим бассейнинин мунай менен газга өтө бай кендери жайлашкан жарым алкактын стратегиялык борборунда жайлашкан. Андыктан бул аймакта бүткүл дүйнөдө энергиянын кемчилдиги шартында көптөгөн өлкөлөрдүн бири-бирине туура келбеген таламдары өз ара кагылышууда. Күчтүү өлкөлөр бул чөлкөмдө өздөрүнүн кызыкчылыктарын көздөп жатат. Ошону менен бирге Өзбекстан чөлкөмдөгү этникалык келишпестик, наркобизнес жана түрдүү тышкы күчтөр тарабынан колдоо көрсөтүлүп келе жаткан, ички чырлары алигиче токтобогон Ооганстан сыяктуу мамлекет менен чектеш. Өзбекстан деңизге түздөн-түз чыга албаган, деңиз портторунан эң алыста жайлашкан мамлекет эсептелет. Кара деңиз, Балтика деңизи, Япон деңизи жана Түндүк деңиздерге алып чыккан эң кыска темир жолу дээрлик 3000 км ди түзөт. Эгемендүү Өзбекстандын бардык дарыяларынын, ошондой эле анын аймагынан өткөн, узундугу 150 жана андан көп км



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ден турган  дарыялардын саны 50 дөн ашуун болушуна карабастан, анын суу ресурстары чектелген жана экологиялык көйгөйлөргө да ээ. Аралдын трагедиясы да өлкөбүз үчүн ыңгайсыздык фактору саналат.

**Өзбекстан Республикасынын эгемендүү тышкы саясаты негиздеринин иштеп чыгылышы.** Учурда эл аралык коомчулук эгемендүү Өзбекстан дипломатиясынын алгачкы кадамдары, Борбордук Азиядагы абрюю, чөлкөмдүн коопсуздугун камсыздоодогу ролу өзгөчө экендигин таанууда. Өзбекстан тышкы саясатынын руханий багытын гумандуулук, ашкерелик, кадыр-барк, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө таянуу жана өзүнүн өнүгүү жолуна ээ болуу түзөт. Ошондуктан эгемендүүлүк жылдарында өлкөбүз 133 мамлекет менен расмий дипломатиялык мамилелерди орноткон, Ташкентте 45 мамлекеттин элчиликтери, 9 консулдук, 11 эл аралык уюмдардын өкүлдүктөрү иштеп жатат.

Эгемендүүлүктү чыңдоо, өлкөбүздүн коопсуздугу, туруктуулугу жана өнүгүшү көп жактан чет өлкөлөр менен дипломатиялык мамилелерди жолго коюу менен байланыштуу эле. Өзбекстан Республикасынын тышкы саясат системасы Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, Министрлер Кабинетинин 1992-жылдын май айындагы «Өзбекстан Республикасы Тышкы иштер министрлигинин ишин уюштуруу маселелери жөнүндөгү» токтому жана 1994-жылдын март айында кабыл алынган «Өзбекстан Республикасы Тышкы иштер министрлигинин ишин өркүндөтүү жөнүндөгү» токтомдорунун негизинде калыптандырылды. 1996-жылы «Өзбекстан Республикасы тышкы саясий ишкердигинин негизги принциптери жөнүндөгү» мыйзам кабыл алынды.

2012-жылдын сентябрында Өзбекстан Республикасынын «Тышкы саясий ишкердик концепциясы» жарыяланды. Өзбекстан Республикасынын Тышкы саясий ишкердик концепциясы – бул өлкө тышкы саясатынын принциптери менен стратегиялык негизги багыттарын, эл аралык майдандагы максат жана милдеттерин, келечекте Өзбекстандын улуттук таламдарын илгери сүрүү механизмдерин белгилеп берген караштардын жеке системасы саналат.

**Ой толгоо!**

Өзбекстандын Президенти 2018-жылдын январында өлкөнүн тарыхында алгачкы жолу Өзбекстандын чет өлкөдөгү элчилери менен ачык баарлашуу формасында чогулуш өткөрдү. Кандай ойлойсуң, мунун зарылчылыгы эмнеде?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Эсте сакта!**

“Өзбекстан Республикасы эл аралык мамилелердин толук укуктуу субъекти эсептелет. Анын тышкы саясаты өлкөлөрдүн суверендүү теңдигин, күч иштетпестик же күч менен кооп салбастык, чек аралардын колтийгистиги, чырларды тынч жол менен чечүү, башка өлкөлөрдүн ички иштерине кийлигишпестик жана эл аралык укуктун жалпы таанылган башка эреже жана нормаларына негизделет”.

*Өзбекстан Республикасынын Конституциясы.17-статья*.

Концепцияда Борбордук Азия чөлкөмүнө өзгөчө көңүл бурулган жана «Өзбекстандын турмуштук маанилүү таламдары ушул чөлкөм менен байланыштуу» экендиги расмий таанылган. Анда Борбордук Азия өзүнүн маанилүү геосаясий ордуна жана минералдык чийкизат ресурстарынын ири корлоруна ээ экендиги себептүү дүйнөлүк көлөмдө көңүл бурулчу күчтүү объектке, ири мамлекеттердин стратегиялык таламдары кагылышкан аймакка айланып бара жаткандыгы баса белгиленген. Ошондой эле, бул мамлекеттер тарабынан чөлкөмдө жүргүзүлүп жаткан өз ара атаандашуу этибар алынып, «Борбордук Азиянын көйгөйлөрү тышкы күчтөрсүз, чөлкөмдөгү өлкөлөрдүн өздөрү тарабынан чечилүүгө тийиш», деген пикир баяндалган. Концепцияда Өзбекстандын тынчтык саясатын жүргүзүшү, аскердик-саясий блоктордо катышпастыгы, ар кандай мамлекеттер аралык структуралар аскердик-саясий блокко айланган учурда, алардан чыгуу укугун өзүндө сактап калышы белгиленди.

**Эсте сакта!**

Концепцияда төмөнкү эрежелер баса белгиленди: “Өзбекстан өзүнүн кошуна өлкөлөрдөгү куралдуу чырларга тартылышынын алдын алуу максатында тиешелүү чараларды көрөт; өз аймагында чет өлкөнүн аскердик база жана объекттеринин жайлашышына жол койбойт; Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү чет өлкөдөгү тынчтыкты сүйүүчү операцияларда катышпайт”.

**Тышкы саясат принциптери.** Өзбекстан Республикасы тышкы саясатынын негизги принциптери төмөнкүлөрдөн турат: идеологиялык караштарына карабастан шериктештик үчүн ачыктык, жалпы инсандык баалуулуктарга, тынчтык жана коопсуздукту сактоого берилгендик; мамлекеттердин суверендүү теңдигин жана чек аралардын колтийгистигин урматтоо; башка өлкөлөрдүн ички иштерине кийлигишпестик; чырларды тынч жол менен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чечүү; күч иштетпестик жана күч менен коол салбастык; адам укук жана эркиндиктерин урматтоо; ички улуттук мыйзам жана укуктук нормалардан эл аралык укуктун жалпы таанылган эрежелери менен нормаларынын үстөмдүгү; мамлекеттин, калктын жогорку таламдарын, бейпилдигин жана коопсуздугун камсыздоо максатында уюмдар түзүү, шериктештикке кирүү жана алардан бөлүнүп чыгуу; агрессивдүү аскердик блок жана уюмдарга кирбестик; мамлекеттер аралык байланыштарда тең укуктуулук жана өз ара шериктештик, өлкө улуттук таламдарынын үстөмдүгү; тышкы мамилелерди эки жактуу, көп жактуу да келишимдердин негизинде өнүктүрүү, бир мамлекет менен жакындашуунун эсебине башкасынан алысташпастык жана башка ушул сыяктуулар.

?

**Суроо жана тапшырмалар**:

1. Төмөнкү жадыбалды толтур. Өзбекстандын геосаясий абалы жөнүндө ыңгайлуу жана ыңгайсыздык себептерин көрсөт.

| Ыңгайлуу | Ыңгайсыз |
|---|---|
| | |

2. Кошумча адабияттардан пайдаланып, 2018-жылдын январында Шавкат Мирзиёевдин Өзбекстандын чет өлкөдөгү элчилери менен жолугушуусу жана анда белгиленген милдеттер боюнча маалымат чогулт.
3. Өзбекстан тышкы саясатынын принциптерин санап бер.
4. Өзбекстан Республикасынын «Тышкы саясий ишкердик концепциясында» Борбордук Азия чөлкөмү маселесинде эмне айтылган?

## 18-тема. Өзбекстандын Борбордук Азия өлкөлөрү менен өз ара шериктештиги

**Борбордук Азия өлкөлөрү менен шериктештиктин жолго коюлушу.** Өзбекстан тышкы саясатынын жетекчи багыттарынан бири Борбордук Азиядагы жаңы эгемендүү мамлекеттер – Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркмөнстан менен достук, шериктештик карым-катыштарын чыңдоого каратылган. Чөлкөмдөгү беш мамлекеттин ортосунда окшош жактар көп. Тарыхыбыз, маданиятыбыз, тилибиз, динибиздин бирдиги, тамырларыбыздын туташ экендиги бул өлкөлөрдүн элдерин бирин-бирине дагы да жакындаштыруучу негиз саналат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жаңы тарыхый шарттардагы коомдук-саясий жараяндар Борбордук Азия өлкөлөрү элдеринин келип чыгышы, алардын тарыхы, өзүнө тиешелүү жашоо мүнөздөрү жана жакын кошуначылык мамилелерине ар дайымкыдан да башкача кароону талап кыла баштады. 1993-жылдын январында өлкөбүздүн Биринчи Президенти Ислам Каримовдун демилгеси менен Борбордук Азия өлкөлөрү жетекчилеринин Ташкент жолугушуусу уюштурулду. Жогорку деңгээлдеги бул жолугушууда Борбордук Азия Шериктештигине негиз салынды. Беш мамлекет – Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстандын жетекчилери Шериктештик жөнүндөгү келишимге кол коюшту. Муну чөлкөмдүн элдери зор кубаныч менен тосуп алды жана колдоп-кубаттады.

Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жетекчилери 1993-жылы Казакстан Республикасынын Кызыл-Ордо шаарында, 1994-жылы Нукус шаарында, 1995-жылы Түркмөнстан Республикасынын Ташауз шаарында, 1995-жылы кайра Нукус шаарында Арал деңизинин көйгөйүнө арналган жолугушууларды өткөрүштү жана бул боюнча практикалык иш башташты. 1999-жылы Түркмөнстандын Ашгабад шаарында Аралды куткаруу Эл аралык фондунун жыйналышы болду. Жыйналышта экологиялык кырсык чөлкөмүндөгү жагдайды токтотуу боюнча шериктештикти өнүктүрүү маселелери талкууланды. Мамлекет жетекчилери өз ара шериктештик, регионалдык коопсуздук жана эл аралык көлөмдөгү маселелер боюнча ой бөлүштү.

2017-жылы Өзбекстандын Президенти Ш. Мирзиёевдин демилгеси менен Өзбекстандын кошуна өлкөлөр менен мамилесинде жаңы доор башталды. Ошол жылдын өзүндө Казакстан, Түркмөнстан жана Кыргызстан мамлекеттерине Өзбекстан Президентинин расмий визити ишке ашырылды. 2018-жылдын март айында болсо Тажикстанда жогорку деңгээлдеги жолугушуу болуп өттү. Мындан тышкары, 2017-жылы Самаркандда БУУ демөөрчүлүгүндө «Борбордук Азия: жалпы тарых жана жалпы келечек, туруктуу өнүгүү жана өркүндөө жолундагы шериктештик» темасында форум болду. Анда 500 чет өлкөлүк конок катышты.

**Өзбекстан – Казакстан.** Өзбекстандын Казакстан менен эки жактуу мамилелери 1992-жылдын июнунда Түркстан шаарында Өзбекстан Президентинин Казакстанга расмий мамлекеттик визити учурунда Н. Назарбаев менен И. Каримов тарабынан кол коюлган Өзбекстан Республикасы менен Казакстан Республикасынын ортосунда достук жана шериктештик



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жөнүндөгү келишимдин негизинде чыңдалып отурду. Казакстандын Президенти Н. Назарбаев 1994-жылдын январында расмий мамлекеттик визит менен Өзбекстанда болду. Эки Президент Өзбекстан менен Казакстандын ортосунда товар, кызмат, капитал жана жумушчу күчтөрүнүн эркин өтүп турушун көздө туткан, ошондой эле өз ара келишилген насыя, эсеп-кытап, бюджет, салык, нарк, бажы жана валюта саясатын камсыздоо жөнүндө келишимге кол коюшту. 1998-жылдын октябрында Өзбекстан менен Казакстандын ортосунда түбөлүктүү достук келишимине кол коюлду. Өзбекстан жана Казакстан Президенттеринин Ташкентте 2000-жылы болгон жолугушуусунда эки мамлекеттин чек араларын тактап алуу маселеси каралды. Чогулуш аягында «Өзбекстан Республикасынын Президенти менен Казакстан Республикасы Президентинин кошмо билдирүүсүнө» кол коюлду.

2001-жылы Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти И. Каримов расмий визит менен Казакстанда болду. Эки өлкөнүн Президенттери Өзбекстан – Казакстан мамлекеттик чек арасы жөнүндө Келишимге кол коюшту. 2440 км узундуктагы Өзбекстандын Казакстан менен чек арасынын 96 % белгилеп алынды. Калган бөлүгүн келишимдин негизинде делимитациялоого токтолду. 2002-жылы Ислам Каримов Астана шаарына визит жасады. «Өзбекстан – Казакстан мамлекеттик чек араларынын өз алдынча участкалары жөнүндө келишимге» кол коюлду жана эки өлкөнүн ортосундагы чек арага тиешелүү олуттуу маселелер укуктук жактан чечимин тапты. Казакстан Өзбекстан үчүн Борбордук Азиядагы маанилүү шериктештерден бири эсептелет. 2013-жылы кол коюлган Өзбекстан Республикасы менен Казакстан Республикасынын ортосунда стратегиялык шериктик жөнүндөгү келишим да өтө маанилүү документтер катарына кирет. 2014-жылы Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримов расмий визит менен Казакстан Республикасында болду. 2017-жылдын июнунда Шанхай Шериктештик Уюмунун Астана саммитине байланыштуу, Ш. Мирзиёев Казакстанда болду. 2017-жылдын сентябрында Казакстандын Президенти Нурсултан Назарбаев расмий визит менен Өзбекстанга келди. Өзбекстан менен Казакстандын Президенттери жолугушусуунун жыйынтыгында бир топ документтерге кол коюлду. Шавкат Мирзиёев Нурсултан Назарбаевди «Эл-журт урматы» ордени менен сыйлады.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Эсте сакта!**

Учурда Казакстанда 550 миңге жакын өзбек, Өзбекстанда бир млн го жакын казак жашап жаткандыктан маданий байланыштарга өзгөчө көңүл бурулду. 2017-жылы Казакстан Президентинин Өзбекстанга визити учурунда 2018-жылы Казакстанда Өзбекстан жылы жана 2019-жылы Өзбекстанда Казакстан жылы өткөрүлүшү белгиленди.

**Өзбекстан – Кыргызстан.** Өзбекстандын Кыргызстан менен эки жактуу шериктештиги Өзбекстан Республикасы менен Кыргызстан Республикасынын ортосунда достук, шериктештик жана өз ара жардам жөнүндөгү келишимдин негизинде жолго коюлду жана өнүгүүдө. Бул келишимге Ташкентте 1992-жылы Кыргызстандын Президенти Аскар Акаевдин Өзбекстанга расмий мамлекеттик визити учурунда кол коюлган болчу. Ислам Каримовдун 1993-жылы Кыргызстанга жасаган расмий мамлекеттик визити учурунда Ош шаарында Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосунда 1994–2000-жылдарга болжолдонгон экономикалык интеграцияны өнүктүрүү жөнүндөгү Билдирүүгө кол коюлду. Бул документ эки республикада иштеп чыгылган улуттук программаларды жөнгө салууга, чийкизат жана жумушчу күчүнөн, илимий потенциалдан өнүмдүү пайдаланууга багытталган эле. 1994-жылдын январында Өзбекстандын Президенти И. Каримов Кыргызстанда болду. Визиттин аягында Президенттер товар, кызмат, капитал, жумушчу күчүнүн эркин жүрүшүн, өз ара келишилген насыя, эсеп-кытап, бюджет, салык, нарк, бажы жана валюта саясатын белгилеген келишимге кол коюшту.

2010-жылдын июлунда Кыргызстанда экстремисттик күчтөр тарабынан уюштурулган улуттар аралык кандуу окуялар учурунда Өзбекстан 100 миңден ашуун качкындарды өз аймагына кабыл алды.

2017-жылы Өзбекстан менен Кыргызстандын мамилелеринде жаңы барак ачылды. Ошол жылдын сентябрында Кыргызстандын Президенти Алмазбек Атамбаевдин чакыруусу менен Президент Шавкат Мирзиёев Бишкекте болду. Өзбекстан менен Кыргызстандын Президенттери өзүндө 85 % аралыкты камтыган чек ара жөнүндөгү келишимге кол коюшту. Ошого байланыштуу калктын барып-келиши үчүн эки мамлекеттин ортосундагы 7 жыл бою жаап коюлган чек ара посттору ачылды. 2017-жылдын декабрында Өзбекстан Республикасы Президенти Шавкат Мирзиёевдин чакыруусу менен Кыргызстан Республикасынын жаңы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

шайланган Президенти Сооронбай Жээнбеков расмий визит менен өлкөбүзгө келди. Экономикалык, маданий жана социалдык багыттарда шериктештик боюнча бир топ документтер кабыл алынды.

**Өзбекстан–Тажикстан.** Тажикстанда 1992–1997-жылдарда болуп өткөн жарандар согушу Тажикстандын экономикалык өнүгүшүнө терс таасирин тийгизди, анын кошуна өлкөлөр, ошонун катарында, Өзбекстан менен болгон шериктештигине да терс таасир көрсөттү.

1997-жылы Москвада Тажикстандын расмий бийлиги менен оппозициялык күчтөрдүн ортосунда улуттук келишим түзүлгөндөн кийин, Тажикстандын кошуна өлкөлөр менен байланышы калыбына келди.

Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримовдун чакыруусу менен 1998-жылы январда Тажикстандын Президенти Имомали Рахмон Өзбекстанга визит жасады. Эки өлкөнүн жетекчилери визиттин жыйынтыгы боюнча кошмо билдирүүгө кол коюшту. Эки



Араб-мусулман мамлекеттери жана АКШнын саммити. 2017. Ар-Рияд.

мамлекеттин өкмөттөрү ортосунда жүк ташуу жана газ жеткирип берүү, Тажикстандын карызы боюнча өз ара эсеп-кытап жөнүндөгү келишимдерге да кол коюлду. Өзбекстан Тажикстандын аймагынан өткөн транспорт коммуникацияларынан пайдаланууда. Өзбекстан менен Тажикстандын ортосундагы товар алмашуунун көлөмү да жыл сайын чоңоюуда.

2017-жылы Өзбекстан менен Тажикстандын мамилелеринде да жаңы барак ачылды. Ошол жылдын май айында Өзбекстандын Президенти



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Шавкат Мирзиёев Саудия Аравиясынын борбору Ар-Рияд шаарында болуп өткөн АКШ жана араб-мусулман мамлекеттеринин саммитинде катышуусу учурунда Тажикстандын Президенти Имомали Рахмон менен алгачкы жолу жолугушту. Жолугушууда көптөгөн эки жактуу кызыкчылыктарды көздөгөн келишимдер жөнүндө сөз болду. 2017-жылдын апрелинде 25 жылдык тыныгуудан кийин Душанбе менен Ташкенттин ортосундагы авиакаттам кайра калыбына келди.

**Эсте сакта!**

2017-жылы апрелде Душанбеде эки жактуу мамилелердин тарыхында алгачкы жолу Өзбекстанда өндүргөн продукциялардын кең көлөмдүү көргөзмөсү болуп өттү. Ал эми май айынын башталышында болсо тажик-өзбек мамилелеринин тарыхында алгачкы жолу Тажикстанда Өзбекстан маданиятынын күндөрү өткөрүлдү.

**Өзбекстан – Түркмөнстан.** 1991-жылы Өзбекстан менен Түркмөнстан Президенттеринин жолугушуусунда Өзбекстан Республикасы менен Түркмөнстан Республикасынын ортосунда достук жана шериктештик жөнүндө келишимге кол коюлган. Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримов 1996-жылы январда визит менен Түркмөнстанда болду. Чаржой шаарында С. Ниязов менен И. Каримовдун жана эки өлкө делегацияларынын ортосунда сүйлөшүүлөр жүрдү. Президенттер Өзбекстан менен Түркмөнстандын ортосунда достук, шериктештик жана өз ара жардам жөнүндөгү келишимге, Өзбекстан менен Түркмөнстандын ортосундагы мамлекеттик чек араны коргоодо шериктештик кылуу жөнүндөгү жана суу чарбасы маселелери боюнча бир топ келишимдерге кол коюшту. 1991-жылдан 2016-жылга чейин эки өлкө жетекчилеринин 11 жолу жогорку деңгээлдеги визиттери ишке ашырылды. Өзбекстан менен Түркмөнстандын ортосундагы кең көлөмдүү шериктештик боюнча олуттуу багыттарды камтыган мамлекеттер, өкмөттөр жана органдар аралык деңгээлде кол коюлган 150 дөн ашуун эл аралык келишимдер эки өлкө карым-катышынын укуктук негизи болуп кызмат өтөөдө.

Өлкөбүздө 2001-жылы түзүлгөн Республикалык түркмөн маданияты борбору иштеп жатат. Учурда Өзбекстандын түрдүү облустарында түркмөн улутуна таандык дээрлик 170 миң калк жашап, 44 мектепте түркмөн тили окутулууда. Түркмөнстандын Президенти Гурбангули Бердимухамедовдун



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

2014-жылы май айында өлкөбүзгө расмий визити учурунда Өзбекстан–Түркмөнстан шериктештигин дагы да өнүктүрүү масе-леси боюнча бир топ эки жактуу документтерге кол коюлду.

2017-жылы Ш. Мирзиёев Түркмөнстандын Президенти Г. Бердимухамедовдун чакыруусу менен эки жолу (март, май) Түркмөнстанга визит жасады. Визит учурунда бир топ келишимге келишти. 2017-жылы март айындагы сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында Президенттер Өзбекстан менен Түркмөнстандын ортосунда стратегиялык шериктик жөнүндөгү келишимге кол коюшту. Министрлик жана органдар ортосунда экономика, айыл чарба, химия өнөр жайы, темир жол транспорту, маданий-гуманитардык багытта шериктештикти, аймактар аралык байланыштарды өнүктүрүү боюнча бир топ документтерге кол коюлду.

**Эсте сакта!**
2017-жылдын 6–7-март күндөрү Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев расмий визит менен Түркмөнстанда болду. Бул Ш. Мирзиёевдин Президент иретинде чет өлкөлөргө алгачкы расмий визити болуп эсептелет.

***<u>Терминдердин түшүндүрмөсү!</u>***
**Делимитация** (лат. – чек аралоо, ажыратуу) – мамлекеттин чек араларын түзүлгөн келишим боюнча мүнөздөө жана карталаштыруунун негизинде белгилөө; белгиленген чек араларды кайрадан карап чыгуу.
**Саммит** (англ. – дөңсөө, жогору, чоку; жогорку даража) – эки же бир нече мамлекет башчыларынын маанилүү эл аралык маселелер боюнча жолугушуусу; жогорку деңгээлдеги кеңеш.

**Суроо жана тапшырмалар**:
1. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында эмне себептен Өзбекстан эң мурда, Борбордук Азия өлкөлөрү менен достук, шериктештик карым-катышын чыңдоого көңүл бурган?
2. 2017-жылы Борбордук Азия өлкөлөрү менен шериктештикте кандай түпкү өзгөрүштөр жүрдү?
3. Кошумча адабияттардан пайдаланган түрдө, Нурсултан Назарбаевге «Эл-журт урматы» орденинин берилиш себептерин түшүндүр.
4. Өзбекстандын Президенти Ш. Мирзиёевдин чет өлкөлөргө алгачкы визити кайсы өлкөгө болду?
5. «Түркстан – жалпы үйүбүз» ураанын түшүндүр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 19-тема. Өзбекстан Республикасынын Россия, Кытай жана АКШ менен өз ара мамилелери

**Өзбекстан – Россия**. Өзбекстан Россия Федерациясы менен өз ара шериктештик маселелерине өзгөчө көңүл бурду. Өзбекстан Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы мамлекеттер аралык мамилелер жана шериктештик 1992-жылы кол коюлган Мамлекеттер аралык мамилелер, Достуктун негиздери жөнүндөгү келишим, 1998-жылы кол коюлган 1998–2007-жылдар үчүн экономикалык шериктештикти тереңдештирүү жөнүндөгү келишимдердин негизинде өнүгүп келди.

Кийинки жылдарда Өзбекстан – Россия мамилелеринин жаңы баскычка көтөрүлүшүндө 2004-жылы кол коюлган Өзбекстан Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы стратегиялык шериктик жөнүндөгү келишим чоң мааниге ээ болду. 2005-жылы Москвада кол коюлган Өзбекстан Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы Өнөктөштүк мамилелери жөнүндөгү келишим, ошондой эле, 2012-жылы Ташкентте болуп өткөн жолугушууда кабыл алынган «Өзбекстан Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосунда стратегиялык шериктикти тереңдештирүү жөнүндөгү декларация» эки мамлекеттин өз ара мамилелеринде өзгөчө окуя болду. Эки өлкөнүн өз ара мамилелери жана шериктештигинин өнүгүшү жана тереңдешине 2013-жылы апрелде Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти И. А. Каримов менен Россиянын Президенти В. В. Путиндин ортосундагы Москва жолугушуусу жаңы түрткү берди. Жолугушуу учурунда өлкөлөрдүн кең көлөмдүү өз ара мамилелериндеги шериктештикти өнүктүрүүнүн абалы жана келечеги каралды. Эки мамлекет тең эгемендүүлүккө жетишкенден кийинки доордун ичинде Өзбекстан менен Россиянын ортосунда 160 тан ашуун эл аралык келишим жана 40 тан ашуун башка документтерге кол коюлду.

2017-жылы апрелде Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёев расмий визит менен Россияда болду. Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёевдин Россия Федерациясына мамлекеттик визитинин жыйынтыгы боюнча саясий, соода-экономикалык, капиталдык, аскердик-техникалык, миграция жаатында, ошондой эле, чөлкөмдөр



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

аралык шериктештик, туризм жана саламаттыкты сактоого тиешелүү жалпы баасы 16 млрд доллар болгон 55 документке кол коюлду.

**Өзбекстан – Кытай**. Кытай Эл Республикасы Өзбекстан Республикасынын эгемендүүлүгүн 1991-жылдын 27-декабрында тааныган. 1992-жылы январда дипломатиялык мамилелер орнотулду. Өзбекстан Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосунда салттык достук мамилелери орнотулган. Булар эки өлкө үчүн экөөн тең кызыктырган көптөгөн маселелер боюнча өз ара пайдалуу жана натыйжалуу шериктештикти жүргүзүүгө шарт түзөт. КЭР Төрагасынын 2010-жылдагы Өзбекстанга жана Өзбекстан Республикасы Президентинин 2012-жылы июнда Кытай Эл Республикасына мамлекеттик визити тарыхый мааниге ээ болду. Жолугушууларда шериктештиктин келечеги белгиленди. Мунун далили иретинде Өзбекстан жетекчисинин Кытайга визити учурунда өлкө жетекчилери тарабынан «Стратегиялык шериктик мамилелерин орнотуу жөнүндөгү кошмо билдирүүгө» кол коюлганын көрсөтүүгө болот.

Өз ара пайдалуу шериктештиктин укуктук базасын 2005-жылы кол коюлган Достук, шериктештик жана шериктик мамилелери жөнүндөгү келишим, 2010-жылдагы Достук, шериктештик жана шериктик мамилелерин ар тараптан терендетүү жана өнүктүрүү жөнүндөгү кошмо декларация, 2012-жылдагы Стратегиялык шериктикти орнотуу жөнүндөгү Кошмо декларация, 2013-жылдагы Эки жактуу стратегиялык шериктештикти дагы да терендештирүү жана өнүктүрүү жөнүндөгү Кошмо декларация, 2014–2018-жылдарга белгиленген Стратегиялык шериктик мамилелерин өнүктүрүү программасы жана 2016-жылы кол коюлган Кошмо билдирүү түзөт. Бул документтердин кабыл алынышы келечекте өлкөлөрүбүздүн ортосундагы алыс мөөнөттүү мамилелерди дагы да өнүктүрүүгө кызмат кылууда.

2017-жылдын 11–13-май күндөрү Шавкат Мирзиёевдин Кытай Эл Республикасына мамлекеттик визити Өзбекстан – Кытай мамилелерин жаңы баскычка көтөрдү. Сүйлөшүүлөрдүн аягында Шавкат Мирзиёев жана Си Цзиньпин Өзбекстан Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы Кошмо билдирүүгө кол коюшту. Шавкат Мирзиёевдин Кытайга

**Эсте сакта!**

2017-жылдын өзүндө чет өлкөлөр менен 60 млрд долларлык келишимдерге кол коюлган болсо, ошонун 35 пайызы, башкача айтканда 23 млрд доллары Кытайдын үлүшүнө туура келет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

визити учурунда жалпы баасы 23 млрд доллар болгон 105 эки жактуу документтерге кол коюлду.

**Өзбекстан – АКШ**. Өзбекстан менен Америка Кошмо Штаттарынын ортосунда мамлекеттер аралык байланыштар эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан жолго коюлду. 1992-жылы февралда АКШнын мамлекеттик катчысы Өзбекстанга расмий визит жасады жана эки мамлекеттин ортосунда дипломатиялык карым-катыш орнотулду. 1992-жылы мартта Ташкентте биринчи болуп АКШнын элчилиги ачылды. Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти И. Каримовдун 1996-жылы июнда АКШда болушу Өзбекстан менен Американын мамилелерин жаңы баскычка көтөрдү. Ислам Каримов АКШнын Президенти Билл Клинтон менен жолугушту. Эки өлкөнүн ортосундагы мамилелерди тереңдештирүү, жактардын пайдасына тиешелүү саясий, экономикалык, коопсуздук маселелери талкууланды. Билл Клинтон АКШнын администрациясы Борбордук Азия өлкөлөрүнүн эгемендүүлүгү, туруктуулугу жана өнүгүшүнөн таламдуу экендигин, Өзбекстан менен калың карым-катыш орнотууну каалашын, Өзбекстандын тезирээк дүйнө коомчулугуна интеграциялашуусуна жардамдашышын баса белгиледи.

1996-жылы Өзбекстандын АКШдагы элчилиги ачылды. Өзбекстандын Президенти баштаган мамлекеттик делегациянын АКШда болушу чет өлкө капиталы үчүн Республикада түзүлгөн шарттар боюнча маалыматтын жетишсиздигине чек койду.

**Эсте сакта**!

2002-жылы мартта Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти И. Каримов жетектеген мамлекеттик делегация расмий визит менен АКШда болду. АКШны оор күндөрдө колдоп-кубаттаганы үчүн 2002-жылы И. Каримовго Американын коомчулугу тарабынан “Эл аралык көлөмдөгү лидер” сыйлыгы ыйгарылды.

2002-жылы мартта Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримов баштаган мамлекеттик делегация расмий мамлекеттик визит менен АКШда болду. АКШны кыйын кезеңде колдогону үчүн 2002-жылы И. Каримовго Америка жамаатчылыгы тарабынан «Эл аралык көлөмдөгү лидер» сыйлыгы ыйгарылды.

2017-жылы майда Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёев Саудия Аравиясынын борбору Ар-Рияд шаарында болуп өткөн АКШ жана араб-мусулман мамлекеттери саммитинде катышты. Саммит рамкасында



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Шавкат Мирзиёев менен АКШнын президенти Дональд Трамп алгачкы жолу жолугушту. Дональд Трамп мамлекетибиз жетекчиси менен жолугушууда Өзбекстанда жүрүп жаткан реформалар жараянын жогору баалады.

Ошол жылы сентябрда Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёев БУУнун 72-сессиясына байланыштуу Америка Кошмо Штаттарында болду жана ал жерде жашап жаткан бир топ өзбекстандыктар менен жолугушту.

Президентибиздин Америка Кошмо Штаттарына визити тарыхый окуялар жана жолугушууларга аябай бай болду. Президентибиз 19-сентябрь күнү Нью-Йорк шаарындагы башкы резиденциясында Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы Антониу Гутерриш менен жолугушту. БУУ Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясынын рамкасында мамлекетибиз, элибиз үчүн дагы бир чоң мааниге ээ окуя болуп өттү. Бириккен Улуттар Уюмунун имаратында улуу Регистан аянтынын макети орнотулду.

19-сентябрь күнү Нью-Йоркто Америка Кошмо Штаттарынын Президенти Дональд Трамп тарабынан Бириккен Улуттар Уюму Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясына визит жасаган мамлекет жана өкмөт жетекчилеринин урматына расмий кабыл аземи өткөрүлдү. Аземде Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Миромонович Мирзиёев жубайы менен катышты.

Мамлекетибиздин жетекчиси Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссары Зайд Раад ал-Хусайн, Эл аралык валюта фондунун аткаруучу директору Кристин Лагард, Болгария Республикасынын Президенти Румен Рудей, Грузиянын Башкы министри Георгий Квирикашвилини менен жолугушту. Эл аралык валюта фондунун аткаруучу директору Кристин Лагарддын өлкөбүздө ишке ашырылып жаткан кең көлөмдүү реформаларга токтолуп, аларга Өзбекстандын ренессансы, жаңы ойгонуу доорунун башталышы иретинде баа бергени айныкса көңүл бурарлык иш.

Өзбекстандын Президенти, ошондой эле, Дүйнө банкынын президенти Жим Енг Ким менен жолугушту. Мамлекетибиздин жетекчиси визити учурунда Америка Кошмо Штаттарында жашап жаткан бир топ мекендештерибиз менен жолугушуп, чын жүрөктөн маектешти. Президентибиз Шавкат Мирзиёев Өзбекстан жана АКШ ишкерлер чөйрөсү өкүлдөрүнүн катышуусунда өткөн кабыл аземинде катышты.

Мекендештер илим, билим берүү, технология, инвестиция жана башка тармактарды өнүктүрүү, Өзбекстан менен АКШ мекемелеринин ортосундагы карым-катыштарды чыңдоо боюнча өздөрүнүн пикирлерин



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

билдиришти. Шавкат Мирзиёев аларга кайрылуу менен, Өзбекстанда ишке ашып жаткан кең көлөмдүү реформаларда катышууга, заманбап билим жана тажрыйбаларын өлкөнүн өнүгүшүнө багыттоого чакырды. Учурда Өзбекстан менен АКШ стратегиялык шериктеш жана шерик өлкөлөр болуп саналат.

? **Суроо жана тапшырмалар**:

1. Өзбекстан кайсы мамлекеттер менен стратегиялык шерикчилик жөнүндөгү келишимге кол койгон?
2. Өзбекстан–Россия ортосунда кандай келишимдерге кол коюлган?
3. Президент Ш. Мирзиёевдин 2017-жылы Россия, Кытай жана АКШдагы визиттеринин мааниси жөнүндө айтып бер.
4. Россия жана Кытай мамлекет жетекчилеринин Өзбекстанга визити жана Өзбекстан Президенттеринин аталган өлкөлөргө визити боюнча жадыбалды толтур.
5. Өзбекстандын стратегиялык шериктери болгон мамлекеттерди эсте! Стратегиялык шерик сөзүн түшүндүр.
6. Төмөнкү мамлекеттердин Өзбекстан менен мамилеси боюнча маалымат чогулт.

| Мамлекеттер | Россия | АКШ | Кытай |
|---|---|---|---|
| Датасы | | | |
| Келишимдер | | | |

## 20-тема. Өзбекстандын Япония, Корея Республикасы жана Индия менен эки жактуу мамилелеринин өнүгүшү

**Өзбекстан – Япония**. Өзбекстан өзүнүн чыгыш багытындагы тышкы саясатында Азия материгинин Япония, Индия жана Корея Республикасы сыяктуу өлкөлөрү менен мамлекеттер аралык мамилелер жана пайдалуу шериктештик байланышын чыңдоого өзгөчө көңүл бурду.

1992-жылы январда орнотулган дипломатиялык мамилелер, 1994-жылы май, 2002-жылы июль жана 2011-жылы февралда Японияда жана 2006-жылдын августунда Өзбекстанда болуп өткөн мамлекет жетекчилери ортосундагы жогорку деңгээлдеги жолугушуулар эки өлкөнүн ортосундагы пайдалуу жана достук карым-катышына жаңыча мазмун берди. Алсак, Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримовдун 2002-жылы Японияга визити рамкасында



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Премьер-министр Жуньитиро Коидзуми менен жолугушуусунда өз ара достук, стратегиялык шериктик жана шериктештик жөнүндөгү кошмо билдирүүгө кол коюлду. Бул билдирүү жактардын заманбап эл аралык мамилелердеги көптөгөн көйгөйлөр боюнча караштары менен мамилелеринин окшоштугун, ошондой эле, алардын эки өлкөнүн көп кырдуу шериктештигин дагы да кеңитүүгө умтулушун тастыктоочу расмий документ болуп калды. 2004-жылы Токиодогу Сока университетинин алдында залкар өзбек ойчулу Алишер Навоийге айкел орнотулду.

Өзбекстан Президентинин 2011-жыл февралда Японияга жасаган кезектеги расмий визити учурунда жогорку технологияларга адистешкен ири компаниялар менен япон технологияларын жана инвестицияларын Өзбекстандын мунай, газ, химия, энергетика, машина куруу жана токуучулук өнөр жайы сыяктуу тез өнүгүп жаткан тармактарга тартууга багытталган бир топ келишимдер түзүлдү.

2015-жылы октябрда Япониянын Премьер-министри Циндзо Абенин Өзбекстанга визити рамкасында Өзбекстан менен Япониянын жалпы баасы 8,5 млрд доллардан көптү түзгөн кошмо долбоорлорун ишке ашырууга келишилди.

**Өзбекстан – Индия**. Индия Өзбекстандын ири стратегиялык шериктеши саналат. 1992-жылы мартта Ташкентте Өзбекстан менен Индиянын ортосунда дипломатиялык мамилелердин орнотулушу жөнүндөгү билдирүүгө кол коюлду. 2016-жылга чейин Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти И. Каримов Индияга беш жолу визит жасаган жана биринчи расмий визит 1991-жылдын августунда ишке ашырылган болчу. 1993-жылы майда Индиянын Премьер-министри Нарасимха Рао мамлекеттик визит менен Өзбекстанда болду. Сапар учурунда «Өзбекстан Республикасы менен Индия Республикасынын ортосундагы мамлекеттер аралык карым-катыштар жана шериктештик принциптери жөнүндө» келишим жана соода-экономикалык шериктештик жөнүндө жана башка келишимдерге кол коюлду. Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти И. Каримовдун 1993-жылкы Индияга расмий визити учурунда эки өлкөнүн ортосунда экономикалык, соода жана илимий-техникалык шериктештик жөнүндө бир топ келишимдерге кол коюлду. 2006-жылы Индиянын Премьер-министри М. Сингхтин Өзбекстанга расмий визити, Өзбекстан Республикасы Президентинин 2011-жылы май



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

айында Индияга жасаган мамлекеттик визити жана 2015-жылы июнда Индиянын Премьер-министри Нарендра Нодинин Өзбекстанга расмий визити шериктештик мамилелерин дагы да жогорку баскычка көтөрдү. Өзбекстан менен Индиянын ортосунда өз ара пайдалуу карым-катыштарга кызмат кылган 40 ка жакын документтер кабыл алынган болуп, алардын ичинде эң маанилүүсү – эки өлкөнүн мамилелерин сапат жагынан жаңы деңгээлге көтөрүүгө багытталган стратегиялык шериктик жөнүндөгү кошмо билдирүү. Учурда Өзбекстандын аймагында Индиянын капиталы менен ачылган 60 тан ашуун ишкана иштеп жатат.

**Эсте сакта!**

Дипломатиялык мамилелер орнотулгандан бери өткөн доордун ичинде Өзбекстан Республикасы менен Корея Республикасынын ортосунда 12 жолу жогорку деңгээлдеги жолугушуулар болуп өттү.

**Өзбекстан – Корея Республикасы**. Өзбекстан Республикасы менен Корея Республикасынын ортосунда шериктештик мамилелеринин өнүгүшүнө 1991-жылы декабрда Өзбекстандын эгемендүүлүгү таанылган жана алардын ортосунда 1992-жылы январда дипломатиялык мамилелер орнотулган күнү негиз салынды. Бул тарыхый даталар эки өлкөнүн өз ара мамилелеринде активдүү саясий сүйлөшүү жүргүзүү жана ар тараптан өз ара пайдалуу шериктештиктин калыптанышы үчүн жол салды.

Өзбек-корейс өз ара пайдалуу шериктештик мамилелеринин өнүгүшүнө Өзбекстан жетекчисинин Корея Республикасына 2012-жылы сентябрдагы визити жаңы түрткү берди. Жолугушуунун жыйынтыгы боюнча, Кошмо билдирүү кабыл алынып, анда жактардын көп кырдуу шериктештигине баа берилди жана ар тараптуу мамилелердин келечектеги негизги багыттары белгиленди.

2014-жылы июнда Корея Республикасынын Президенти Парк Геунхенин Өзбекстанга расмий визити учурунда эки мамлекеттин ортосунда

**Эсте сакта!**

2017-жылы Корея Республикасында Шавкат Мирзиёевдин Өзбекстан Республикасы Президенти кызматындагы ишкердигинин алгачкы жылы жөнүндө корейс тилинде “Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев” аттуу китеп жарык көрдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

стратегиялык шерикчиликти өнүктүрүү жана тереңдештирүү жөнүндө кошмо декларация жана каржы, инвестиция, альтернативдүү энергетика жана маданият жаатында өзбек-корейс шериктештигин дагы да терендештирүү максатында бир топ документтерге кол коюлду. Өзбекстанда Корея инвестициясынын катышуусу менен 400 дөн ашуун ишкана иштеп жатат.

1992-жылдан бери Ташкентте Корея билим берүү борбору иштеп жатат. Өзбекстан мамлекеттик дүйнө тилдери университети жана Самарканд мамлекеттик дүйнө тилдери институтунда корейс тили жана маданияты борборлору иштеп жатат.

Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев Корея Республикасынын Президенти Мун Чже Индин чакыруусу менен, 2017-жылдын ноябрында Корея Республикасына расмий визит менен барды. Бул Президент Ш. Мирзиёевдин Корея Республикасына тарыхый бурулуш жасаган мамлекеттик визити болду. Анда өз ара шериктештиктин кең көлөмдүү маселелери, саясий, соода-экономикалык, илимий-техникалык, маданий-гуманитардык жана башка багыттардагы мамлекеттер аралык байланыштарды өнүктүрүүнүн келечеги, регионалдык жана эл аралык көйгөйлөр боюнча келишимдерге кол коюлду.

Өзбекстандын заманбап тышкы саясаты активдүү, демилгечи жана прагматикалык саясий курс алып барууну жана пайда болуп жаткан коопторго өз учурунда жана адекваттуу жооп чаралары аркылуу чечүүнү талап кылган XXI кылымдын өтө кескин өзгөрүп бара жаткан эл аралык-саясий реалдуулукту этибар алып курулууда. Булар Өзбекстандын дүйнө коомчулугу менен бекем байланышта болгондугунан, ар тараптан пайдалуу шериктештикти дагы да тереңдештирип жатканынан күбөлүк берет.

Кабыл алынган документ жана келишимдерди өз учурунда толук аткаруу максатында 40 «жол картасы» иштеп чыгылды жана алар чет өлкөлүк шериктерибиз менен биргеликте ишке ашырылууда.

Өзбекстандын тышкы саясатында жаңы индустриялык өнүгүп жаткан мамлекеттер менен жакын мамиле жана шериктештик орнотууга жана аны өнүктүрүүгө да өзгөчө көңүл бурулууда. Булардын тобуна Түштүк-чыгыш Азия өлкөлөрүн киргизүүгө болот. Түштүк-чыгыш Азиянын Өзбекстан Республикасынын тышкы саясатындагы өзүнө мүнөздүү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

орду төмөнкүлөр менен белгиленет: бул чөлкөм өзүндө өнүгүп жаткан он мамлекетти камтыйт; алардын ичинде коомдук-экономикалык турмуш деңгээли, өнүгүүнүн темпи боюнча Индонезия, Малайзия, Сингапур, Таиланд сыяктуу мамлекеттер өзгөчөлөнүп турат. Алардын колонизатордук эзүүдөн кийин чогулткан саясий жана коомдук-экономикалык реформалар боюнча тажрыйбасы жаңы эгемендүү өлкөлөр үчүн пайдалуу.

Өткөн доор ичинде мамлекет жана өкмөт жетекчилеринин ортосунда болуп өткөн расмий жолугушуулардын натыйжасында өз ара таануу, достук жана шериктештик жөнүндөгү келишимдер ишке ашып, алар мамлекеттер аралык карым-катыштар үчүн бекем фундамент жаратты.

Алар Өзбекстан Республикасы менен Түштүк-чыгыш Азия өлкөлөрү ортосунда соода-экономикалык, илимий-техникалык жана маданий-гуманитардык шериктештиктин ийгиликтүү өнүгүшүнө кызмат кылды.

***Терминдердин түшүндүрмөсү***!

**Эки жактуу мамилелер** – эл аралык мамилелерде эки эгемендүү субъекттин – эки мамлекет же эки эл аралык уюмдун өз ара карым-катыштары.

**Индустриялык өнүгүү** – оор жана жеңил өнөр жайынын, ошондой эле, коомдун экономикалык өнүгүшүнө чечүү таасир көрсөтө ала турган маанилүү тармактардын өнүгүшү.

**Суроо жана тапшырмалар**:

1. Өзбекстан Япония шериктештигинин багыттарын эмнелер түзөт?
2. Азиянын жаңы индустриялык өнүгүп жаткан өлкөлөрүнө кайсылар кирет? Алар менен байланышуу кандай мааниге ээ?
3. Өзбекстандын чет өлкөлөр менен байланыштар жадыбалын толтур.

| Мамлекеттер | Япония | Индия | Корея |
|---|---|---|---|
| Визит жылдары | | | |
| Натыйжалар | | | |

4. 2017-жылы Корея менен Өзбекстандын мамилелеринде кандай жараяндар байкалды?
5. Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти алгачкы расмий визитин кайсы мамлекеттке уюштурган эле? Бул мамлекет менен байланыштын келечеги эмнелерде байкалат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# IX ГЛАВА. ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КӨП ЖАКТУУ ШЕРИКТЕШТИК МАМИЛЕЛЕРИНИН ӨНҮГҮШҮ

## 21-тема. Өзбекстандын Бириккен Улуттар Уюму рамкасындагы ишкердиги жана тынчтыкты сүйүү боюнча тышкы саясаты



Бириккен Улуттар Уюмунун Туусу

**Өзбекстан жана БУУ**. Өзбекстан Республикасы 1992-жылы 2-мартта БУУна кабыл алынды жана өлкөбүз дүйнө коомчулугунун тең укуктуу мүчөсү болду. Өзбекстандын мурдагы мамлекет жетекчиси И. Каримов тарабынан БУУнун трибунасында илгери сүрүлгөн сунуштар бүткүл дүйнөдө тынчтык жана туруктуулукту чыңдоо, коомдук-экономикалык өнүгүүгө көмөктөшүү, ядролук куралдын таралышынын алдын алуу жолунда дүйнө коомчулугун бириктирүүгө умтулган БУУ жана кең дүйнөлүк коомчулук тарабынан колдоп-кубатталды. Алсак, 1993-жылы 28-сентябрда БУУ Башкы Ассамблеясынын 48-сессиясында Президент Ислам Каримов алгачкы жолу сөзгө чыкты. Анда Борбордук Азияны ядролук куралдан оолак зона деп жарыялоо, Арал көйгөйү боюнча БУУнун атайын комиссиясын түзүү сыяктуу бир топ маанилүү сунуштарды киргизди. 1993-жылы октябрда Ташкентте БУУнун өкүлчүлүгү иш баштады. Өзбекстандын демилгеси менен жана БУУнун жетекчилигинде 1995-жылы сентябрда Борбордук Азияда коопсуздук жана шериктештик маселелерине арналган Ташкент кеңеш-семинары уюштурулду. 1995-жылы 24-октябрда Нью-Йоркто БУУнун 50 жылдыгына байланыштуу Президент И. Каримов доклад жасап, Ооганстандагы кескиндикти жоюунун ачкычы, эң мурда, тышкы күчтөрдүн кийлигишүүсүн токтотуу, деген сунуш берди. 2000-жылы БУУ Башкы Ассамблеясынын 55-сессиясы «Миң жылдык саммитинде» Ислам Каримов БУУнун трибунасынан БУУнун регионалдык жана глобалдуу көйгөйлөрдү чечүүдөгү ордун жана маанисин жогорулатуу боюнча иш-чаралар программасы кабыл



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Антониу Гутерриш Самаркандда.

алынышы зарылдыгын баса белгилеп, Коопсуздук кеңешинин туруктуу мүчөлөрү курамына Германия менен Япониянын кошууну, глобалдуу жана регионалдык коркунучтарга мамиле билдирүүдө тездикти жогорулатуу үчүн Башкы Катчынын ыйгарым укуктарын кеңитүү керектигин белгиледи. Өзбекстан Президентинин демилгеси менен 2001-жылы БУУ Коопсуздук кеңешинин терроризмге каршы күрөш боюнча атайын Комитети түзүлдү. 2010-жылы БУУ Башкы Ассамблеясынын 65-сессиясындагы Президент Ислам Каримов өзүнүн сөзүндө дүйнө мамлекеттеринин көңүлүн кайра Борбордук Азиядагы татаал көйгөйлөрдү чечүүгө бурду. 2002-жылдын октябрында БУУнун Башкы Катчысы Кофе Анандын, 2010-жылы апрелде БУУнун Башкы Катчысы Пан Ги Мундун Өзбекстанга визиттери да өлкөбүздүн эл аралык коомчулуктагы орду бекемделип, аброю жогорулап отурганынын далили болду. 2017-жылы июнда БУУнун Башкы Катчысы Антониу Гутерриш Өзбекстанга визит жасады. Самаркандда ал Президент Шавкат Мирзиёев менен жолугушту. Гутерриш Ислам Каримовдун мүрзөсүнө зыязат жасап, андан кийин Аралбою аймагындагы жагдай менен таанышты.

Өзбекстан БУУнун бир топ адистештирилген мекемелери, алсак, Дүйнөлүк банк, Эл аралык валюта фонду (ЭАВФ), Дүйнөлүк соода уюму (ДСУ), БУУнун Европа боюнча экономикалык комиссиясы (ЕЭК), БУУнун соода жана өнүгүү боюнча конференциясы тобу сыяктуулар менен кең көлөмдүү шериктештикти жолго койду. Ошондой эле, Өзбекстан Республикасы БУУнун рамкасындагы адистешкен мекемелер – Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму, Эл аралык эмгек уюму, Эл

**Эсте сакта!**

Ислам Каримовдун БУУнун Башкы Ассамблеясындагы алгачкы доклады 1993-жылы сентябрда, 48-сессияда болгон болсо, Шавкат Мирзиёевдин алгачкы доклады 2017-жылы сентябрда, 72-сессияда болду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

аралык балдар фонду (ЮНИСЕФ), Эл аралык Олимпия комитети, Эл аралык автомобилчилер уюму жана б. у. с. мүчөсү эсептелет.



Ш. Мирзиёев БУУнун трибунасынан Арал деңизинин картасын көрсөтүүдө.

Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев 2017-жылы 19-сентябрда Бириккен Улуттар Уюму Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясында доклад жасады. Анда БУУнун Жаштар укуктары жөнүндөгү эл аралык концепциясын иштеп чыгуу жана Башкы Ассамблеянын «Агартуу жана диний кең пейилдик» деп аталган атайын резолюциясын кабыл алуу, Борбордук Азияда суу ресурстарынан туура пайдалануу, Арал деңизи көйгөйү, кошуна өлкөлөр менен жылуу мамилелерди чыңдоо, Ооганстанда тынчтык орнотуунун агартуучулук жолдору сыякту маселелерди баса белгиледи.

**Өзбекстан жана ЮНЕСКО.** Өзбекстандын БУУ демөөрчүлүгүндөгү билим берүү, илим жана маданият менен алектенген эл аралык уюм – ЮНЕСКО менен карым-катышы барган сайын чыңдалууда. 1993-жылы 29-октябрда ЮНЕСКОнун Париждеги резиденциясында Өзбекстанды ЮНЕСКОго кабыл алуу аземи өткөрүлдү. Ошол күнү Мырза Улугбек туулган күнүнүн 600 жылдыгын белгилөө ЮНЕСКОнун программасына киргизилди. 1994-жылы октябрда Парижде Мырза Улугбектин жумалыгы салтанаттуу түрдө өттү. Хива менен Бухара ЮНЕСКОнун дүйнөлүк маданий баалуулуктар тизмесине киргизилди. Тизмеде Өзбекстандан 411 объект орун алган.

ЮНЕСКОнун туусу.

**Эсте сакта!**

2017-жылы Өзбекстандын Президенти Ш. Мирзиёев эл аралык шериктештик рамкасында 21 жогорку деңгээлдеги визит жасап, 60 мамлекеттик жана эл аралык уюмдар менен жолугушту. 400 дөн ашуун 60 млрд АКШ доллары баасындагы келишимдерге кол койду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ЮНЕСКОнун Башкы директору Федерико Майордун Өзбекстандагы расмий визити учурунда, 1995-жылы июлда ЮНЕСКОнун токтому менен Самаркандда Борбордук Азия изилдөөлөр эл аралык институту ачылды. ЮНЕСКО залкар бабабыз Амир Темур туулган күнүнүн 660 жылдыгын эл аралык көлөмдө белгилөө жөнүндө токтом чыгарды жана 1996-жылы октябрда Парижде Амир Темурга арналган бир жумалык эл аралык форум болуп өттү. Амир Темур төрөлгөн Шахрисабз шаары ЮНЕСКОнун маданий баалуулуктар тизмесине кирди. 1997-жылы дүйнөлүк маданиятын берметтери эсептелген Бухара жана Хива шаарларынын 2500 жылдык даталары Парижде кеңири белгиленди, эл аралык форум жана көргөзмөлөр өткөрүлдү. Кийинки жылдарда бул шериктештик дагы да кеңип барды. Алсак, ЮНЕСКО элибиздин Шашмаком, Чоң ыр, Нооруз сыяктуу көптөгөн миң жылдык баалуулуктарын сактап калуу жана үгүттөө боюнча кең көлөмдүү иш жүргүзүүдө.

**Ооганстанда тынчтык жана туруктуулукту орнотуу маселеси**. 1997-жылы Президент Ислам Каримов Ооганстан менен кошуна алты мамлекет – Иран, Кытай, Пакистан, Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстан, ошондой эле, АКШ жана Россия мамлекеттеринин катышуусунда БУУнун жетекчилигинде ооган көйгөйүн сүйлөшүүлөр жолу менен чечүүгө каратылган «6+2» тобун түзүү демилгеси менен чыкты. Демилгени ишке ашыруу максатында бир топ саясий-дипломатиялык иш-чаралар көрүлдү. Өзбекстан, АКШ жана Ооганстанда өлкөдө улантылып жаткан куралдуу кагылышуулардын катышуучулары менен атайын сүйлө-

**Муну оку!**

“Ооганстан маселеси глобалдуу көйгөйлөр чордонунда болууга тийиш. Эл аралык коомчулукдун аракеттери, биринчи кезекте, Ооганстандагы коомдук-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө каратылууга тийиш. Ооганстанда тынчтык орнотуунун жалгыз жолу – борбордук өкмөт менен өлкөнүн ичиндеги негизги саясий күчтөрдүн ортосунда мурдатан эч кандай шарт койбостон, тикден-тике сүйлөшүү жүргүзүү, деп ишенебиз. Сүйлөшүүлөр ооганстандыктардын өздөрү чечүүчү роль ойногон түрдө, Ооганстандын аймагында жана БУУнун башчылыгында жүргүзүлүүгө тийиш. Акылман ооган эли өзүнүн тагдырын өзү чечүүгө акылуу”.

*Ш. Мирзиёевдин БУУ Башкы Ассамблеясынын 72-сессиясындагы докладынан*.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

шүүлөр жүргүзүлдү жана 1999-жылга келип, Өзбекстанда БУУнун жетекчилигинде «6+2» тобунун Ооганстан көйгөйүнүн чечилишине арналган эл аралык форуму өткөрүлдү. Ташкент шаарында өткөн бул форумда алгачкы жолу Ооганстандагы өз ара каршы күчтөрдүн өкүлдөрү жалпы сүйлөшүүлөрдө чогуу катышты. Бул өзбек дипломатиясынын маанилүү жетишкендиктеринен бири эле.

Өзбекстан өзүнүн сунуш жана идеяларын иш жүзүндө көрсөттү. Алсак, өлкөбүз Ооганстанда автомобиль жана темир жол, көпүрөлөр курулушунда активдүү катышты. Ооганстан тарыхында алгачкы заманбап темир жол Өзбекстан тарабынан «Термез – Хайратон – Мазари Шариф» багытында куруп бүтүрүлдү жана 2010-жылы ишке түшүрүлдү Кошуна мамлекеттин борбору – Кабул шаарын үзгүлтүксүз электр энергиясы менен камсыздаган өлкөлөрдөн бири да Өзбекстан болду.

Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёевдин чакыруусу менен Ооганстан Ислам Республикасынын Президенти Мухаммад Ашраф Ганы 2017-жылы 4-декабрда расмий визит менен өлкөбүзгө келди. Мамлекеттер ортосунда түрдүү багыттардагы шериктештикти чыңдоого каратылган 16 документке кол коюлду.

**Эсте сакта!**
Өзбекстан менен Ооганстандын ортосунда дипломатиялык карым-катыштар 1992-жылы 13-октябрда орнотулган. Эки жактуу шериктештик 2016-жылга келип, ырааттуу өнүгө баштады. 2017-жылы январда Өзбекстан Республикасы Президентинин Ооганстан боюнча атайын өкүлүнүн дайындалышы өлкөбүздүн эки жактуу мамилелеринде чоң мааниге ээ болду.

**Экологиялык көйгөйлөр. Чек арада жаткан дарыялар.** 1990-жылдардан баштап Арал кырсыгын башынан өткөрүп келе жаткан бардык өлкөлөр БУУ, ошондой эле, башка эл аралык жана регионалдык уюмдар, дүйнөлүк коомчулуктун этибарын ушул көйгөйгө, анын регионалдык жана глобалдуу коопсуздук менен тыгыз байланышта экендигине тартып келүүдө. Арал трагедиясы жана аны жоюунун чараларын издөө Өзбекстан тышкы саясатынын негизги багыттарынан бири саналат. Президент Ислам Каримов 1993-жылы сентябрда БУУ Башкы Ассамблеясынын 48-сессиясында жана 1995-жылы октябрдагы 50-сессиясында жасаган докладдарында дүйнөлүк коомчулукту Борбордук



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Азия чөлкөмүндөгү экологиялык кырсык саналган Аралды жана Аралбоюн куткарууда көмөктөшүүгө чакырды. Бул глобалдуу көйгөйдү БУУнун башчылыгында эл аралык каржылык структуралар, өнүккөн өлкөлөрдүн көмөгүсүз ишке ашырып болбостугуна БУУнун этибарын тартты. 1993-жылы Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркмөнстан жана Өзбекстан Аралды куткаруу эл аралык фондун (АКЭАФ) түзүштү. 2010-жылы «Орто Азиянын трансчекаралык экологиялык көйгөйлөрү: аларды чечүүдө эл аралык укук механизмдерин колдоо» темасында өткөрүлгөн эл аралык конференцияда И. Каримов трансчекаралык дарыялар жана алардан пайдаланууда адилетттүүлүк принцибине баш ийүүнүн зарылдыгын, болбосо чөлкөмдүн экодүйнөсүн ири кырсыктар капташы жөнүндө дагы бир жолу жалпыга маалымдады.

2013-жылы Аралбою үчүн Амударыянын дельтасында чакан суу бассейндерин түзүү, тузсуздандырылган суу чыгаруу имараттарын куруу, тосмо токойду уюштуруу сыяктуу долбоор жана иш-чараларды каржылоого каражат бөлүү планы тастыкталган. 2013-жылы Өзбекстан Республикасы жана АКЭАФнун Президенти И. Каримовдун демилгеси менен БУУнун Башкы Ассамблеясы 68-сессиясынын расмий документи иретинде «Аралдын кургашын токтотуу жана Аралбою экосистемасы кырсыгынын алдын алуу иш-чаралары Программасы» илгери сүрүлдү.

Глобалдуу көлөмдө жана чөлкөмүбүздө экологиялык жагдайдын барган сайын жамандашы жана тузсуз суунун кемчилдиги шартында Борбордук Азияда суу ресурстарынан туура пайдаланууну камсыздоо олуттуу маселе бойдон калууда. Борбордук Азиянын эки негизги трансчекаралык дарыялары – Амударыя менен Сырдарыя байыртадан чөлкөм элдеринин жалпы байлыгы жана жашоо булагы болуп келген. Мына ушул дарыялардын куюлушу эсебине Арал деңизи суу менен камсыздалган. Ушуларды эсепке алып, Өзбекстан Республикасы Тажикстан жана Кыргызстан Республикалары тарабынан дүйнөлүк көлөмдө ири плотиналар, Амударыянын жогорку бөлүгүндө бийиктиги 350 м ди түзгөн Рагун жана Сырдарыянын жогорку бөлүгүндө Камбар-Ата ГЭСтеринин курулушуна кайдыгер карап тура албады. Өзбекстан Амударыя менен Сырдарыянын табигый агымына, айлана-чөйрөгө, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнө кандай таасир тийгизиши мүмкүндүгүн аныктоо максатында БУУнун көзөмөлүндө калыс эл аралык текшерүү өткөрүлүүгө тийиш, деп эсептеди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тажикстан менен Өзбекстандын ортосундагы эки жактуу мамилелер трансчекаралык дарыяларды башкаруу жаатындагы шериктештиктин жоктугунан учурда да татаал бойдон калууда. Өзбекстан И. Каримовдун тушунда Рагун ГЭСнын курулушуна каршы болгон. Мамлекет бул ГЭСнын курулушу менен дарыялардын суусу азайып кетишин, эгерде ГЭСнын дамбасы бузулса, экологиялык кырсыкка кабылуу коркунучу жөнүндө эскерткен. Ш. Мирзиёев Президенттик кызматка отургандан кийин, Өзбекстандын Рагунга карата позициясы бир азга өзгөрдү. 2017-жылдын жайында Өзбекстан Рагун ГЭСнын курулушуна каршы эместигин, бирок бул жараянда Өзбекстандын улуттук таламдары да эсепке алынууга тийиштигин билдирди.

***Терминдер түшүндүрмөсү***:
**Трансчекаралык** – чек арада жаткан, бир нече мамлекеттин аймагынан өткөн. Дарыя жана жолдорго карата колдонулат.

**Суроо жана тапшырмалар**:

1. Арал көйгөйүн чечүү боюнча кандай иш-чаралар ишке ашырылды?
2. Өзбекстандын БУУна мүчө болушунун маанисин сүйлөп бер.
3. Борбордук Азиянын картасынан трансчекаралык дарыяларды тап жана аларды түшүндүр.
4. Мурдагы сабактарда алган билимиңе таянып, ЮНЕСКОнун колдоосунда юбилейи белгиленген өлкөбүздөгү шаарларды санап бер.

## 22-тема. Өзбекстандын регионалдык уюмдар рамкасында көп жактуу шериктештиги

**Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги**. Өзбекстандын тышкы саясатынын чордонунда көз карандысыз мамлекеттер шериктештиги рамкасындагы өлкөлөр менен өз ара тең пайдалуу карым-катыштарды чыңдоо болду. Советтердин тушундагы башкаруунун борборлоштурулган административдик-бюрократтык усулу мурдагы союздаш мамлекеттерди экономикалык жактан бири-бирине чырмап, алар өз ара көз каранды абалда болчу. Жаш эгемендүү мамлекеттер муну терең сезген түрдө, бул кыйынчылык жана экономикалык кризистен чыгуунун, колонизатордук саясаттын чынжырынан кутулуунун жападан-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жалгыз жолу бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, аракеттенүү зарылдыгын түшүнүп жетти. Мына ушул көз караштан да Өзбекстан көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги идеясын колдоп-кубаттады.

1991-жылы 8-декабрда Беларусь, Россия жана Украинанын жетекчилери Минскте жолугушуп, Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигине негиз салышты. 1991-жылдын 21-декабрында Азербайжан, Армения, Беларусь, Казакстан, Кыргызстан, Молдова, Россия, Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстан жана Украина мамлекеттеринин жетекчилери Алматыда жолугушуп, Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигине мүчө болуп киришти. Ошентип, XX кылымдын маанилүү окуяларынан бири ишке ашты – КМШ көңүлдүү экономикалык уюму түзүлдү. Ошондон улам КМШнын бир нече чогулуштары өткөрүлдү, көптөгөн документтер кабыл алынды. Алардын бардыгы көп жылдар бою бир мамлекеттин курамында жашап келген өлкөлөрдүн салттарын мамлекеттер аралык, экономикалык, маданий, аскердик жана башка карым-катыштарды жаңы шарттарда – эгемендүү мамлекеттер аралык мамилелер иретинде улантууга багытталган.

1993-жылы январда Минскте КМШ мамлекеттери жетекчилеринин кезектеги Кеңешинде КМШнын Уставы кабыл алынды. 1993-жылы декабрда Ашгабад шаарында КМШ мамлекеттери башчыларынын Кеңеши болуп, анда Грузия КМШга мүчөлүккө кабыл алынды. Ошого байланыштуу КМШнын курамын 12 мамлекет түздү. 1994-жылы октябрда Москвада өткөрүлгөн КМШ мамлекет башчыларынын Кеңешинде Мамлекеттер аралык экономикалык комитет (МЭК) түзүлдү. МЭКтин штаб-квартирасы Москва шаары деп белгиленди. 1996-жылы КМШнын туусу кабыл алынды. КМШнын төрагалыгы кезеги менен бир мамлекет жетекчисинен кийинки мамлекет жетекчисине өтөт. КМШнын негизги максаттарын ишке ашыруу үчүн шериктеш мамлекеттер өз ара карым-катыштарда мамлекет суверенитетин өз ара таануу жана урматтоо, тең укуктуулук жана бири-биринин ички иштерине кийлигишпестик, экономикалык күч же башка опуза усулдарын колдоодон баш тартуу сыяктуу эрежелерге баш ийүү милдеттерин алышкан. 2004-жылы сентябрь айында Казакстандын борбору Астанада болуп өткөн КМШнын саммитинде терроризмге каршы күрөш боюнча КМШнын «Коопсуздук кеңешин» түзүүгө токтом кылынды. 2005-жылдын августунда Түрк-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мөнстан КМШнын расмий мүчөлүгүнөн чыгып, шериктештиктин түзүүчү мүчөсү – байкоочу статусун алды. 2008-жылдын август айында Грузия Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинен чыгуу жөнүндөгү каалоосун билдирди жана 2009-жылдын август айынан Грузиянын КМШга мүчөлүк статусун токтотуу жөнүндөгү токтом кабыл алынды. Учурда КМШнын курамына 10 мүчө мамлекет: Россия, Украина, Белоруссия, Казакстан, Өзбекстан, Кыргызстан, Тажикстан, Азербайжан, Армения, Молдова жана бир байкоочу Түркмөнстан кирет.

**Эсте сакта!**

Өзбекстандын Биринчи Президенти Ислам Каримов эгемендүүлүктүн алгачкы күндөрүнөн эле, өзбек, казак, кыргыз, каракалпак, тажик, түркмөн жана чөлкөмдө жашаган башка бардык элдердин ортосундагы байыркы карым-катыштарды жаңы шартта чыңдоону назарда тутуп, “Түркстан – жалпы үйүбүз” деген идеяны илгери сүргөн болчу.

**Эл аралык уюмдар менен карым-катыштар.** Эр аралык каржы институттары менен шериктештик байланыштарынын кеңиши ар кандай мамлекеттин экономикалык өнүгүүсүнүн негизи саналат. Өзбекстан өнүгүүнүн жаңы доору башталган бүгүнкү шарттарда эл аралык каржы уюмдары менен шериктештик байланыштарын барган сайын тереңдетүү жана жаңы баскычка көтөрүү демилгеси менен чыгууда. Тынчтык жана туруктуулук толук кепилденген, чоң өндүрүштүк потенциалга, салыштыргыс жер асты жана жер үстү байлыктарына ээ болгон Өзбекстандай мамлекет менен эл аралык каржылык мекемелердин шериктештиги эки жак үчүн да пайдалуу экендиги бардыгына белгилүү. Өзбекстан бай чийки заттын базасына жана ири жер асты байлыктарынын коруна ээ. Эң маанилүү жери, жогорку интеллектуалдуу потенциалга, куруучулук жана жаратуучулук кудуретине ээ айкөл эли изгилик менен жакшылыктын, адамзат турмушунун таалайлуу келечеги жолунда жалпы адамзаттык кызыкчылыктарга ылайык жашоо мүнөзүн курууга жөндөмдүү. Ошондуктан Өзбекстандын жетекчиси Дүйнө банкы, Эл аралык валюта фонду жана башка абройлуу каржы мекемелери менен тикеден-тике сүйлөшүү жана өз ара пайдалуу шериктештикти жолго коюу боюнча иш-чараларды көрүп жатат.

**Өзбекстандын Шанхай Шериктештик Уюму менен карым-катышы**. Шанхай Шериктештик Уюму – субрегионалдык эл аралык уюм болуп, Евразия аймагынын 61 % ын ээлейт. ШШУнун расмий



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




ШШУнун герби.

тили орус жана кытай тилдери, символу болсо ак желек болуп, анын борборунда уюмдун герби жайлашкан. Уюмдун штаб-квартирасы Пекинде. 1996-жылы Шанхайда Кытай, Россия, Казакстан, Кыргызстан жана Тажикстан мамлекеттери жетекчилеринин саммитинде чек ара аймактары боюнча аскердик багытта өз ара ишеничти чыңдоо менен байланыштуу келишимге (1996-жылы 26-апрель) кол коюлушу натыйжасында «Шанхай бештиги» түзүлгөн эле. 1997–1999-жылдарда Москва, Алматы, Бишкекте болуп өткөн саммиттерде «Шанхай бештигинин» абалы дагы да бекемделип, өз ара ишенич жана шериктештик мамилелери жаңы баскычка көтөрүлдү. 2000-жылы Душанбеде Өзбекстан Республикасы биринчи жолу байкоочу иретинде катышты. 2001-жылы Кытайда кезектеги Шанхай саммити болду. Анда Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримов катышып, Өзбекстандын «Шанхай форумуна» толук укуктуу мүчө болушу жөнүндөгү» Билдирүүгө кол койду. Өзбекстандын «Шанхай форумуна» киришине байланыштуу анын аталышы «Шанхай Шериктештик Уюму – ШШУ», деп өзгөртүлдү. Саммиттин жыйынтыгында «ШШУну түзүү жөнүндөгү» декларация жана «Террорчулук, айырмачылык жана экстремизмге каршы күрөш жөнүндө Шанхай концепциясына» кол коюлду. 2002-жылы ШШУга мамлекет жетекчилеринин кезектеги Санкт-Петербург саммитинде үч документ: ШШУга мүчө мамлекет жетекчилеринин декларациясы, ШШУ Хартиясы, ШШУга мүчө мамлекеттердин ортосунда Регионалдык антитеррордук структура (РАТС) жөнүндөгү Келишимге кол коюлган. 2003-жылы Москвада болуп өткөн саммитте ШШУнун жогорку органдары жөнүндөгү Уставдар тастыкталды жана уюмдун герби, туусу кабыл алынды. 2003-жылы ШШУнун Пекин саммитинде «ШШУга мүчө мамлекеттердин 20 жылга болжолдонгон соода-экономикалык шериктештик программасы» кабыл алынды. 2004-жылы ШШУнун Ташкент саммитинде соода-экономикалык шериктештикти өнүктүрүү маселесине өзгөчө көңүл бурулду. 2005-жылы мамлекет жетекчилери



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**ШШУнун жогорку органдары:**

- «Мамлекет башчыларынын Кеңеши»;
- «Өкмөт башчыларынын Кеңеши (Премьер-министрлер)»;
- «Тышкы иштер министрлеринин Кеңеши» (2002-жылы биринчи жыйналышы болуп өткөн);
- «Улуттук жөнгө салуучулар Кеңеши»;
- «Министрлер жана (же) органдар жетекчилеринин Жыйналышы» (2000-жылы биринчи жолугушуу ишке ашырылган);
- 2002-жылы түзүлгөн «Регионалдык Антитеррордук структура (РАТС)»;
- 2004-жылы январь айынан иш баштаган Секретариат жана башкалар.



ШШУ картасы.



**Эсте сакта!**

2007-жылдын 1-январынан ШШУнун Башкы Катчысы мансабы киргизилди жана бул мансапты Казакстан Республикасынын өкүлү Булат Нургалиев ээледи. Бул мансапта 2016-жылдан Тажикстандын өкүлү Рашид Алимов иштеп жатат.




ШШУна мүча мамлекеттердин жетекчилери. 2017-жыл.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кеңешип, үч Азия мамлекети – Индия, Иран жана Пакистанга байкоочу статусунун берилиши жөнүндө токтом кабыл алынды. Уюм географиялык жактан кеңейди жана бул ШШУнун эл аралык аброюн дагы да жогорулатты. Мындан тышкары Ооганстан менен Монголия мамлекеттери да байкоочу статусуна ээ болушту, ал эми Түркия болсо сүйлөшүүлөр боюнча шерикке айланды.

Уюмдын 2016-жылкы Ташкент саммитинде Индия менен Пакистандын ШШУга мүчө мамлекет статусун алуу жолундагы милдеттери жөнүндөгү меморандумдарга кол коюлду жана 2017-жылы Астанадагы саммитте Индия менен Пакистан уюмга мүчө иретинде кабыл алынды.

2017-жылдын июнь айында уюмга мүчө мамлекет жетекчилеринин Астанада болгон саммитинде Өзбекстандын Президенти Ш. Мирзиёев доклад жасап, анда саммит катышуучуларынын көңүлүн Ооганстандагы жагдайды жакшыртууда, жаштарды ар түрдүү жат идеялдардан сактоодо, алардын заманбап билим жана тарбия алышында, жеткилең инсан болуп эрезеге жетишинде мамлекеттер аралык шериктештикке бурду. Тартип боюнча, Шанхай шериктештик уюмуна төрагалык Кытай Эл Республикасына өттү.

**Суроо жана тапшырмалар**:

1. КМШнын максаттарын жана Өзбекстан үчүн маанисин сүйлө.
2. Кошумча адабияттардын негизинде КМШнын туусундагы символду түшүндүр.
3. Шанхай шериктештик уюмунун максат жана милдеттерин сана.
4. «ШШУнун картасы» сүрөтүнө байкоо жүргүзүп, жашыл, кызгылт-сары жана кызгылт-көк түстөр берилген мамлекеттердин аттарын айт. Түстөрдүн мазмунун түшүндүр.
5. ШШУда Өзбекстандын катышуу динамикасын хронологиялык тартипте түшүндүр.
6. ШШУдагы органдар менен структураларды сана. Алардын функциялары жана ыйгарым укуктары эмнелерден турат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МАЗМУНУ

**Киришүү** .......... 3

**I ГЛАВА. ЭГЕМЕНДҮҮЛҮКТҮН ЖАРЫЯЛАНЫШЫ ЖАНА ӨЗБЕКСТАНДА КООМДУК-САЯСИЙ РЕФОРМАЛАРДЫН БАШТАЛЫШЫ**

1-тема. Өзбекстан Республикасынын эгемендүүлүккө чыгышы .......... 5
2-тема. Өзбекстан Республикасы улуттук мамлекетчилигинин калыптанышы жана өнүгүшү .......... 11

**II ГЛАВА. ӨЗБЕКСТАНДА ЖАРАНДЫК КООМДУН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ**

3-тема. Жарандык коом идеясынын өнүгүү тарыхы .......... 22
4-тема. Өзбекстанда жарандык коом өнүгүшүнүн негизги баскычтары жана келечеги .......... 30

**III ГЛАВА. ӨЗБЕКСТАНДА ЭКОНОМИКАЛЫК РЕФОРМАЛАР ЖАНА СОЦИАЛДЫК САЯСАТ**

5-тема. Өзбек моделинин иштеп чыгылышы. Экономикалык реформалардын башталышы .......... 35
6-тема. Мамлекет өндүрүш потенциалынын жогорулашы жана дүйнөлүк экономикалык системага интеграциялашуусу .......... 46
7-тема. Социалдык саясат жана аны ишке ашыруунун баскычтары .......... 52

**IV ГЛАВА. ӨЗБЕКСТАНДА ЭТНИКАЛЫК ЖАНА КОНФЕССИЯЛАР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР**

8-тема. Өзбекстанда улуттар аралык мамилелер жана кең пейилдик .......... 61
9-тема. Өзбекстанда конфессиялар аралык мамилелер .......... 65

**V ГЛАВА. ТААЛИМ СИСТЕМАСЫНЫН РЕФОРМАЛАРЫ ЖАНА КАДРЛАРДЫ ДАЯРДОО**

10-тема. Жалпы, орто, орто атайын билим берүү системасы .......... 71
11-тема. Жогорку билим берүү жана андан кийинки билимдин өркүндөтүлүшү .......... 75



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## VI ГЛАВА. ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДА ИЛИМ-БИЛИМДИН ЖАНА СПОРТТУН ӨНҮГҮШҮ

12-тема. Өзбекстанда илим-билим ........................................................ 81
13-тема. Өзбекстан Республикасында дене тарбия жана спорттун өнүгүшү ........................................................................................ 85
14-тема. Өзбекстанда жаштар саясаты ............................................... 90

## VII ГЛАВА. ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДА ӨЗБЕКСТАНДА РУХАНИЙ ЖАНА МАДАНИЙ ӨНҮГҮҮ

15-тема. Өзбекстанда руханий жана тарыхый мурастын калыбына келиши ........................................................................................ 95
16-тема. Өзбекстанда маданият жана көркөм өнөр ............................ 102

## VIII ГЛАВА. ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ САЯСАТЫ ЖАНА ЭКИ ЖАКТУУ МАМИЛЕЛЕРИ

17-тема. Өзбекстан Республикасы Тышкы саясий ишкердигинин калыптанышы жана анын негизги багыттары ...................................... 109
18-тема. Өзбекстандын Борбордук Азия өлкөлөрү менен өз ара шериктештиги ........................................................................................ 113
19-тема. Өзбекстан Республикасынын Россия, Кытай жана АКШ менен өз ара мамилелери ........................................................................ 120
20-тема. Өзбекстандын Япония, Корея Республикасы жана Индия менен эки жактуу мамилелеринин өнүгүшү .................................... 124

## IX ГЛАВА. ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КӨП ЖАКТУУ ШЕРИКТЕШТИК КАРЫМ-КАТЫШТАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮ

21-тема. Өзбекстандын Бириккен Улуттар Уюму рамкасындагы ишкердиги жана тынчтыкты сүйүү боюнча тышкы саясаты ................. 129
22-тема. Өзбекстандын регионалдык уюмдар рамкасында көп жактуу шериктештиги ........................................................................................ 135



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Narzulla Jo‘rayev, Akbar Zamonov**

# O‘ZBEKISTON TARIXI

## (Mustaqillik davri)

*O‘rta umumta’lim muassasalarining 11-sinf  o‘quvchilari uchun darslik*

*(Qirg‘iz tilida)*

*1-nashri*

*G‘afur G‘ulom nomidagi nashriyot-matbaa ijodiy uyi*
*Toshkent – 2018*

Которгон *Анвар Зулпихаров*
Редактору *Анвар Зулпихаров*
Көркөм редактору *Шухрат Мирфаязов*
Техникалык редактору *Хосият Хасанова*
Корректору *Ширинбиби Зулпихарова*
Компьютерде даярдаган *Хилола Шарипова*

Басма үйүнүн лицензиясы AI № 290. 04.11.2016
2018-жыл 3 августда басууга уруксат берилди. Форматы 70х90 $^{1}/_{16}$.
Timesn New Roman гарнитурасы. Офсеттик басма усулда басылды.
Шарттуу басма табагы 10,53. Эсеп басма табагы 9,7.
Нускасы 786 даана. 18-288-сандуу буюртма.

Оригинал-макет Өзбекстан Басма сөз жана маалымат агенттигинин
Гафур Гулом атындагы  басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө даярдалды.
100128. Ташкент. Лабзак, 86.
Телефондор: (371) 241-25-24, 241-48-62, 241-83-29
Факс: (371) 241-82-69
www.gglit.uz, info@gglit.uz

Өзбекстан басма сөз жана кабар агенттигинин
«O‘zbekiston» атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык
үйүндө басылды. 100129. Ташкент ш. Наваий көчөсү, 30

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты, фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |

## Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлеринин негизинде толтурулат

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу жана сызыктар жок. |
| Канааттандыраарлуу | Мукабасы эзилген, четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыраган абалы бар, пайдалануучу тарабынан канааттандыраарлуу деңгээлде калыбына келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандыраарлуу эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандыраарлуу эмес деңгээлде калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип-боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE